Скырг
Б 42

Беккелдиев Ташболот

# Өмүр сереси



аб
С кырг
Б 42

*Ташболот Беккелдиев*

# ӨМҮР СЕРЕСИ

*Ырлар*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487829

**Бишкек – 2024**

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Б 12

Беккелдиев Ташболот.
Б 12 **Өмүр сереси.** Ырлар. – Б.: 2024. – 224 б.

ISBN 978-9967-9268-5-1

«Сөз өнөрү - өнөрдүн эң баалуусу» - деп жазыптыр КР Эл Баатыры Миталип Мамытов бул китепте.

Кара сөз менен оголе көлөмдүү болгон жансезимин, ички дүйнө таанымын, туюмун төрт сапка батырып, табигаттагы жандуу-жансызды өз тилинде сүйлөткөн - поэзия.

Автордун аруу сезимдери дилинен кайнап чыгып, делебесин козгогону бүтүндөй поэтикалык ыр саптарынан байкалат.

Китеп окурмандардын кенен чөйрөсүнө арналат.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-9268-5-1

© Беккелдиев Т., 2024.
Бардык укуктар корголгон.

## ЭҢ БАШКЫСЫ – СИЗ КИТЕПТИ ОКУҢУЗ

Керемет кыргыз жерлеринин бири болгон Ноокатымдын Апшыр-Атасын, Кара-Кой жайлоосун, Кыргыз-Ата кооздуктарын кимдер гана билбейт. Ташболот иним, Беккелдиев ошол бейиштөр кулуну, Кыргыз-Ата айылында жашайт. Советтик чарбага жөндөмдүү, иш билги кадрлар керек болсо керек, Оштогу педагогикалык институтунун филология факультетин бүтүрсө да кырк жылдай Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ноокат райондук бөлүмүндө алгач көп жылдап жетекчи, соңунда башкы адис болуп иштеп жүрүп өргүүгө чыккан.

Адеп башы илешип калган экен, кийин кесиби боюнча мектепке барбай элдин ишинде – элдин ичинде жүрдү.

Мен Ташболоттун жеке адамгерчиликтүү жогорку сапаттарын, эл кадырына ээ болгон акылман ата, иш билги ишкер, мээримдүү түгөй, камкор чоң ата экендигин, очор-бачар үй бүлөсүн, ал жердеги үй бүлө куту, коломто оту ж.б. айтпасам да таанымгандар жакшы жагынан билишет. Көбүрөөк чыгармачылык жагын айтайын, билишимче.

Жашап өткөн жаркын жылдарында искусствого, адабиятка кызыгуусу башынан ашса дагы аны аздек тутуп, ага шарт кирип кетпей, алыстан сыйлап, урматтап жүргөн пакиза инсандар болот. Ташболот Ош мамлекеттик пединститутунун орус тили филологиясын бүтүрүп, орус жана чет элдик адабияттар менен

жакындан тааныш болгонуна карабай, ак кагаздын бетине ариетин булгап, ыр жазыштын азабынан качып жүрдүбү, балким убактысы кенен болбогондур, элдин, өкмөттүн иши деп жүрүп. Качан гана эс алууга чыкканда ошол жан дүйнө эңсөөсүнө баш оту менен киришти, андай кылбаса таланттуу адамдардын жаны жай алыш кыйын. Мындан жамандыкты көрүшкө болбойт. Боордош казак туугандарыбыздын үлкөн акыны Жамбул Жабаев деле карыганда адабият ааламына киришип, түркий калктарынын арасында чоң ордун таба алган. Мындай далилдер арбын.

Жан сезимин, ички дүйнө таанымын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдырып, адамзаттын рухий маданияты менен чыгармачылык кызматынын маанилүү элементин, коомдук аң-сезимдин ар кыл өнүгүү баскычын көркөмдөп, поэзия тили аркылуу элестүү сыпаттап, мүнөздөп бере алыптыр, Ташболот иним.

Сөз өнөрү - өнөрдүн эң баалуусу! Бүгүнкү күндө маалыматты айтуудан мурун аны жеткирүүнүн ыкмаларын өздөштүрүү зарыл. Ар кандай кыймыл, үн жана сөздөрдү бири-бирин толуктап, узарган кара сөздү кыска поэзия тили менен жеткирүү ар кимдин эле колунан келе бербес.

Мурунку «Өмүр белеси» аттуу көлөмдүү автордук поэзия китебинде негизинен туулган жери, анын кооз жаратылышы, кең пейил адамдары, жоро-жолдоштору, көргөн-билгендери тууралуу чыгармалары берилген болсо, бул китебинде жалпы адамзаттын келечеги, жаш муундарга улуттук философия камтылган үлгүлүү, кызыктуу, таалим-тарбия бере турган саптар, Мекенди сүйүү темалары, табигатка шайкеш жашоо, жандуу-жансыз үндөрүн ички туюм менен уга билүү,





ар биринин тилинде ыр саптарын поэтикалык көркөм сүйлөтүү ж.б. артыкчылыктары камтылган.

Мен бир эле куплетинен элестүү сүрөт көргөнүмдү тастыктап, ошол төрт сабын кошумчалай кетейин:

«Ош базары. ...Аарынын уюгундай,
түркүн булак бир көлгө куюлгандай...»

Сиз базарга, «Ош» базарына баргансыз да, туурабы? Ошол агым көзүңүзгө тартылдыбы? Мен тартылды деп ишенем.

Эми кийинки эки сабын айта кетейин «...Миңи кирип, артына кайра толкуп, эл агымы сезилбейт суюлгандай...»

Мен улам созуп айта бербейин. Эң жакшысы – сиз китепти окуңуз. Толук окуп чыксаңыз Ташболот Беккелдиевди Жаратканыбыз кайсы багытта мыкты иштей аларлык даярдыкка алып келгенин аңдайсыз, урматтуу окурман!

***Миталип МАМЫТОВ,***
***КР ИА академиги, КР Эл Баатыры.***

# АВТОРДОН

*«Поэзия» деген эмне? Буга ар түрдүү жооп берүүгө болор эле. Бирок мен минтип кыскача гана айткым келет: «Поэзия» деген өзүнчө ак сарай, чыккандан тартып батканга чейин жаркып күн тийип, бардык бөлмөлөрүн нурга бөлөп турган. Адамдар ага күнөстөп, эс алуу үчүн жана андан оргуп атылган салкын, тунук булактан кангыча жутуп алып, назданууу үчүн келишет.*

*С. Эралиев*

Мен дагы жашоомдо ушундай ак сарай курдум, колумдан келишинче, күчүмдүн жетишинче, жан дүйнөмдө, жан биргем менен бирге.

Эс алыңыздар. Келечек муун, урпактар эс алсын.

Бул поэзия ааламы, төмөндөгү реалдуу жашоодон алынган узун сөз тизмектеринин төрт саптарда берилиши.

Алгачкы «Өмүр белеси» аттуу ырлар жыйнагымдын башталышында «Адам баласы табияттын жактырып жаратканы, негизги кыймылдаткыч күчү жана кожоюну катары далай асылзаада, керемет сапаттарга ээ» - деп баса белгилеген жайым бар болчу.

Бул жолку колуңуздардагы китебимде негизинен өзүм кечирген өмүр жолумдагы тажрыйбаларыма таянып, көкүрөгүмдү өйүгөн ой-сезимдерим жана философиялык ой жүгүртүүлөрүм, дараметимдин жетишинче адамзаттагы ошол керемет сапаттарынын негизгиси болгон руханий дөөлөттөрүнүн бүгүнкү абалына, андан келип чыккан көйгөйлөрүнө көбүрөөк басым жасагандай болдум шекилдүү.

Эмне айткым келди? Адам баласы материалдык жыргалчылыкка умтулуу менен өзү үчүн маанилүү





болгон нерселерге көңүл бурбай калгандыгы, көбүн эсе биздин түптүү, Улуу Кыргыз элинин ата-бабаларыбыздан сакталып келе жаткан руханий байлыктарыбыз болгон эне тилибизге, каада-салтыбызга, жалпы эле коомубузга, ата-эне менен бир тууганга, үй бүлө мүчөлөрүнө болгон мамилелер жана дүйнөдө чанда кездешүүчү жаратылышыбыздын таланып-тонолуп, деградация толкунуна кабылып, тагдыр чечүүчү мезгилди башынан кечирип жаткандыгы ар бир жүрөгү элим-жерим деп соккон мекенчил инсанга тийиштүү ой-толгоолорду, батыш жана кээ бир диний уюмдардын максаттуу түрдө жүргүзүп жаткан бузуку саясатын ээрчип кетпөөгө чакыргым келди.

Жалкоолукту айыптап, тырышчаактык менен эмгектенүүгө, ашыкча каражатыбыз болсо, муктаждарга жардам берүүгө, колубузда бар нерсеге кубанууга, «өз үлүшүбүздү» алууга жана үй бүлө очогун бекем сактап, кам көрүп, мээнетибиздин үзүрүн көрүүгө кеңештеримди камтыгандай болдум.

Жогорудагы ой-толгоолорумду, жан дүйнөмдүн эргүүсүнөн жаралган ыр түрмөктөрүмдү жалпы журтума, замандаштарыма, айрыкча ыр ышкыбоздоруна тартуулап жатып айтылган көз караштарым балким бирөөгө жагаттыр, балким жакпастыр. Ошентсе да аздыр-көптүр пайдасы тийип, ар бириңиздер ата-бабаларыбыздын калтырган мурастарын кайрадан жандандырып, элибиздин руханий мурастарын сактоого жана өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсүнө өз салымыңыздарды кошот деп үмүттөнөмүн.

Ак сарайга кош келиңиздер!

***Ташболот БЕККЕЛДИЕВ***

## МАКСАТЫМ

Жете келдим жетимиштин белине,
күлкү менен ый аралаш өмүрдө.
Аз болсо да из калтырып өтсөм - деп,
максат менен бек сактаган көңүлдө.

Жаратканым насип-өмүр ыроолоп,
тоо этектеп, айыл жерде төрөлтүп.
Эмгек менен тарбиялап ата-энем,
күлүк сыңар элге кошкон көгөртүп.

Өмүр өттү журт кызматын аркалап,
таза дилдүү эл-журтума жөлөнүп.
Дарак сыңар мөмө байлап ийилдим,
балдарымдын мээримине бөлөнүп.

Жеңдирбестен өмүр күзгө кечтеген,
«Пегас» минип максатымды беттегем.
Кайыгы жок ыр деңизин ашсам - деп,
токтолгончо берген өмүр чектелген.

## ЫРЫМ ЖАШАЙТ

Кыргыз-Атам эргүү алып өзүңдөн,
ырлар жазып түпкүрдөгү көңүлдөн.
Мүнөт сайын «тып-тып» этип тамууда,
тамчылары Кудай берген өмүрдөн.

Жаш бала элем жетимишке аттадым,
жолдоруңду чарчабастан таптадым.





«Жакшы» деген эчен жерди көрсөм да,
сага теңдеш ыйык жерди таппадым.

Өмүрүмдөн тамса тамсын тамчылар,
мен жазамын сени даңктап көп ырлар.
Бир өзүңдө атым жашайт буюрса,
ыр аркылуу дагы-дагы көп жылдар.

## АЛА-ТООМ, АК КАЛПАГЫМ АК МӨҢГҮДӨЙ

Ала-Тоом асман тиреп, булут жиреп,
Өлкөгө оомат менен тынчтык тилеп.
Элимдин кыргыз тили, ак калпагы,
Кылымдар кыйырында жашап келет.

Карт тарых улуулугун таанып келет,
Дүйнө эли кыргызыма баасын берет.
Даңкталып Манас атам дастандары,
Элиме кайрат менен дем-күч берет.

Кыргыз элим уюткулуу, нарктуу эл,
Чыңгызымдай улуу көсөм өскөн жер.
Дүнүйөнү чарк айланып чыксам да,
Учурабайт Ала-Тоомдой бейиш жер.

Суктантып Ысык-Көлүм дүйнө элин,
Даңктала бер эр жүрөк кыргыз элим!
Ала-Тоом, ак калпагым ак мөңгүдөй,
Кызыл Туум түбөлүккө желбиресин!

## КАРА-КОЙГО КЕЛ КОНОК

Тоо этектейт мен жашаган айылым,
оң жээгинде Кыргыз-Ата сайынын.
Келген киши кайра келет тамшанып,
Кара-Койдун билген болсо дайынын.

Бабаларым жашап келген эзели,
Кара-Коюм улуу элдин мекени.
Арча-кайың, четин-шилби... аралаш,
тоодо жайнайт дары чөптүн эчени.

Чокуларын аркар-илбирс жайлаган,
түркүн кушу тоо жаңырта сайраган.
Булуттары сенден төмөн калышат,
ак мөңгүлүү аска жаркып айланаң.

Эс алууга азыр сонун шарты бар,
суусун ичсең айыгасың дарты бар.
Конок үчүн кымыз-каймак сунуучу,
элибиздин ыйык туткан салты бар.

Кызыр-Атам колдоп келген ыйык эл,
Кара-Коюм теңдеши жок бейиш жер.
Кең дасторкон дайым турат жайылуу,
келгин конок, ойлонбостон келе бер.





## КЫРГЫЗЫМДЫН ЖЕРИ СОНУН

Кыдырсаң Жер Эненин оңу-солун,
кемтиксиз кыргызымдын жери сонун.
Кылымдар кыйырына сиңип кетпей,
кыргызым жашап келет таап жолун.

Коодугун аябастан сага берген,
кем кылбай чын дүйнөнүн бейишинен.
Көйкөлүп көз уялткан тоо-токойду,
кошумча миң бир түркүн жемиш менен.

Кадырың күндөн күнгө өсүп барат,
кыз-уулуң эчен бийик байге самап.
Кечээги тоо койнунда өскөн кыргыз,
көктөгү бүркүт сымал кагып канат.

## САЯКАТКА ЧЫККАНДА

*(Ак калпак күнүнө карата)*

Ак калпакка ак элечек жарашып,
Дүйнө эли таң калыша карашып.
Саякаттап чет өлкөгө чыкканда,
Калпагыма болуп турат эл ашык.

Кармалашып, суктаныша карашып,
Кайра-кайра сатыңыз - деп сурашып.
Билгендери азаматсың кыргыз - деп,
Кол беришет, жылуу-жумшак узатып.

Саякатка чыккандардан сураарым:
Кыргызсыңбы, ата салтын улагын!
Кайда барсаң келиштирип кийип жүр,
Бабалардын Ала-Тоодой калпагын!

Кыргыз уулу Ажылыкка барганда,
Аздек тутуп ак калпагың таштаба.
Калпактагы эн тамгага таң калып,
«Чепчик» кийген арап көрсүн тамшана.

Башты көтөр улуулугуң билдирип,
Уул-кызыңа улут кийим кийдирип.
Өз элиңдин кийимдерин тааныштыр,
Колдон келсе бүт дүйнөгө сиңдирип.

## АТЫҢАР КАЛСЫН МИҢ ЖЫЛГА

Күн санап улам-улам чабыт алып,
биз эңсеген чокуга багыт алып.
Ала-Тоону акырын каптап барат,
келечектен үмүттүү бүлбүл жарык.

Үмүтүн туйгундары актагандай,
мүнүшкөрү бап келип таптагандай.
Эңсеген эл мүдөөсү ишке ашып,
келечегин кыргыздын сактагандай.

Арачалап жемкордун суктугунан,
кабар алып өлкөнүн тынчтыгынан,
Уга бербей ар түрдүү ушак сөздү,
тажабай бузуктардын пастыгынан.





Көкөлөй бер туйгундар бийиктерге,
кайрат күчүң, кубатың тийип элге.
Атыңар кылымдарга кала берсин,
аталып миң жылдары кыргыз элде.

## ШАШЫЛАБЫЗ

Напси менен күрөштө ар бир күнү,
өткөн өмүр билинбей өсүп барат.
Бешенеме буюрган насип менен,
учкул мезгил өтүүдө кагып канат.

Эртеңкини шашыла күтүү менен,
келечекти кыскартып ашыгамын.
Биле туруп өмүрүм кыскарганын,
элес албай эртеңге шашыламын.

Убакытты жеңүүчү эч күч жок го,
чексиздиги ааламды талкалаган.
Жеңип келген дагы да жеңе берет,
ар бир күнүң өмүрдү жакалаган.

Напси үчүн бир ишти бүтүрүүгө,
таңды күтүп эртеңге шашылабыз.
Түн кирдиби эртеңди кайра күтүп,
кайтпас жакка кетүүгө ашыгабыз.

## «ЭСИЛ ДҮЙНӨ»

Турмуштун ташпиштери коё бербей,
кээ бир түн ойдолоктоп уйку келбей.
Жеп турат сезимимди курт сыңары,
эргүү жок Пегас атын калам минбей.

Дүйнөбүз качандыр бир кетер дүйнө,
баалай алсаң армансыз өтөр дүйнө.
Аз-көп дебей таза дилде өмүр сүрсөң,
пенде өмүрү бир кылымга тете дүйнө.

Бул жалган чындыгында кетер дүйнө,
дили бузук кесирлерге тетир дүйнө.
Кадырына жете албасаң бул өмүрдүн,
өткөн соң пайдасы жок «эсил дүйнө».

## ТЕКЕБЕРДИК

Бийик ойлоо өзүн-өзү башкадан,
текебердик айыкпас дил ылаңы.
Адамзаттан башкада учурабайт,
көңдө өскөн зыянкеч чөп сыңары.

Байкамаксан болгонсуп өтө берет,
салам берсең амандык алик албай.
Кыжаалатта каласың айран болуп,
кумшекерге адашып туз салгандай.

Кекирейип турушу бай теректей,
жатка эмес өзгө да бой көтөрүп.





Бир өзүнөн башканы адамсынбай,
басып кетет тескери «чыйт» түкүрүп.

Өлө чуркайт өзүнөн төбөл чыкса,
бала сыңар тил алчаак элпек болуп.
Оролошот бутуна чырмоок сыңар,
уят-сыйыт дегенди жыйып коюп.

## ӨЗҮҢ БАР, ДҮЙНӨМ ТҮГӨЛ

*(Майрамыңар менен, айымдар)*

Өзүң бар үй бүлөмдөн көңүлүм ток,
Өзүң бар үй бүлөмдүн кайгысы жок.
Өзүң бар дайым менин дүйнөм түгөл,
Өзүң менен өмүр кечем көңүлүм шок.

Өкүнбөйм өмүр шерик тапканыма,
Өзүңдөй аруу жардын жакканына.
Өзүңдүн мээримиңен кубат алып,
Өзүң менен бир жашап жатканыма.

Өмүр кечип сүттөй ак тилек менен,
Өзгө түйбас бакытым - үйүм кенен,
«Өзүңдөн ажыратпа Жараткан» - деп,
Өзүңө мен узун өмүр тилеп келем.

Энеси бар үйлөрдүн мээрими бар.
Энеси жок канчалар мээримге зар.
Эне кетсе куттуу үйүң жетимсиреп,
Ээнсиреп ээси жоктой болушат кар.

Сен апа, сен энесиң - өмүрлүк жар,
Силерсиз адамзатка бул аалам тар.
Силер бар бактылуубуз бул өмүрдө,
Силердин балдарыңар, өз жарыңар.

## ДЕЙ БЕРЕБИ

Журт тагдыры чечилчү ушул күндө,
Саясатчың боёнушат ар кыл түргө.
Карапайым эли-журтум күндө убара,
Болсо - деп, көр оокаты кенен үйдө.

Калыстык жашообузга кире албай,
Айланчыктап кирүүгө эшик таппай.
Төр ээлеп май көтөндүү сугалактар,
Аңдып турат колуңду эч узатпай.

Бергени да алганы, жүз-өң тааныш,
Билбейм неге аларда жок уялыш?
Бербейм - дештен өзүң да уяласың,
Болсо дале, болбосо да сурамыш.

Мындай адат элге жуккан кеселби,
Кой алгын - деп, көнүп калган эзели.
Оорукана, ишкана, сот, прокурор,
Эч коркпостон дагы бер дей береби?

Кыргыз жери эзелтеден ыйык жер,
Канын төгүп сактап келген биздин эл.
Учур келди айланайын кыргызым,
Бабалардай өз журтуңду сактап бер.





## ТАТЫЙ АЛБАЙ

Изи жок басып өтүп сырдуу жолду,
кечигип, ырдын болдум ышкыбозу.
Ыр дүйнөдө «жарк» этип жана албай,
жалынсыз бүл-бүл жанып өмүр чогу.

Кыялда ай ааламды кезип кемем,
акын сындуу өзүмдү сезип келем.
Окурмандын суроосу ойго салып,
татый албай бир сөзгө «Акын» деген.

Билбеймин максатыма жетеримди,
өлбөстүк бир ыр жазып кетеримди.
Өмүрүм кумга сиңген булак сыңар,
Чыгармамдан из калбай өтөрүмдү.

## САГЫНЫЧЫ АПАНЫН

Эмнегедир апам жытын сагынып,
үшкүрүнөм, түпсүз ойго багынып.
Көзү өткөнгө отуз жылдан ашса да,
көңүл кургур аза тонун жамынып.

Жаш учурда башка үйүп санааңы,
мен сыңары күткөндүрсүң балаңы.
Күйпөлөктөп түн күзөтүп уктабай,
көп кечиксе сүймөнчүгүң карааны.

Сагынычы сары оорудай апанын,
залакасы тийип чуулуу замандын.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487829

Көп апалар таппай жүрөт амалын,
зарыгыша бир көрүүгө «жаманын».

Миң жыл келген ата салты жерилип,
балдар жүрөт бөтөн салтка берилип.
Ыйман-сырын мал-дүйнөгө алмаша,
туулган үйгө бир келүүдөн эринип.

## БУЛ ӨМҮРДӨ

Бул өмүрдө мени кылган бактылуу,
байбичемдин мага берген жаштыгы.
Билдирбестен жаманымды жашырып,
бир өмүрлүк жүрөгүнүн актыгы.

Билинбеген тамчы сындуу түгөнгөн,
бакыт өзү баалап жашоо өмүрдү.
Бала үйлөп, кыз узатып өмүрдө,
бак өстүрүп, гүлзар кылуу көңүлдү.

Бакыт өзү үйүң толгон небере,
басылбаган ызы-чуусу күн-түнү.
Бекем болуп үй бүлөңдө ынтымак,
балдар сенден кабар алса ар күнү.

## КҮТ АЛЫКУЛ

Дем берип көл жээгинен элестериң,
«Алыкул» - деп кыйкыргым келет менин.
Арбайың сылагансып мени баштан,
алик алып тургансыйт ички сезим.





Мен бир Оштук ырыңдын ышкыбозу,
ыр дүйнөдөн издеген ыйык жолду.
Жыл сайын үй музейиң зыяраттап,
эстеликтен кармалап ыйык колду.

Сезимимде сүйлөшүп сени менен,
насип кылса келермин кайра эчен.
Окуй берем ырыңды, окуй берем.
азык алып ар саптан, балкып денем.

Насип кылып Жараткан өмүр берсе,
Күт, Алыкул, эмки жыл кайра келем...

## КОМУЗУМ

Бүт ааламды көңдөйүңө батырган,
бет келгенди үч кыл менен качырган.
Бабаларым таштап кеткен мураска,
айланамын комуз сенин атыңдан.

Эчен кыйын доорлор өтүп алмашып,
эсеби жок тоо-токойлор, бел ашып.
Эгемендик күнгө жеттиң комузум,
Эч токтобой күүлөнө бер сен таңшып.

Бүркүт менен тулпар үнүн коштогун,
Кыргыз уулун найза сымал октогун.
Ынтымактын обондорун жаңыртып,
кыргызымды бир муштумга топтогун.

## АРМАНДЫР ООВ, АЗДЫГЫ

Өмүр күтпөйт...армандыр оов, аздыгы,
күлүк аттай кетирүүдө шаштымы.
Айласыздан оюм онго бөлүнөт,
ойго түшсө өлүмүмдүн актыгы.

Максатымды аткарсам деп ашыгып,
далбас урам калган өмүр шашылып.
Заманымдын таржымалын баяндап,
ыр арнасам калбастан эч жашырып.

Ырды окуп сыймыктанса балдарым,
эл-журт үчүн кандай жумуш кылганым.
Чын дүйнөгө коркпой сапар алармын,
сезген болсом сыймыктанып турганын.

## ЫРААЗЫМЫН БАРЫМА

Сареп салып өтмүшүмө карасам,
өткөн тура эсте калар көп кызык.
Жакшы заман. Эссиз заман уюлгуп,
калтырыптыр өмүр жолдо көп сызык.

Жаш кезеңде өткүр элем, курч элем,
кыйын эмне, жаман эмне билбеген.
Заманыма шайкеш болгон мүнөзүм,
айткан сөзүн, билген оюн бербеген.

Окуп, иштеп өз бешене теримден,
эл сыңары жөлөө-таёо болбогон.





Көз жаш кылып өксүгөмүн бир учур,
айыбы жок, бирөө үчүн кордолсом.

Озомун - деп, элден алга жүгүрүп,
жигит элем, жалаң алга дегдеген.
Канча ирет буттан чалган жыгытып,
амалдуулар ич сезими кирдеген.

Кантсе дагы мокобогон, сынбаган,
билбейм канча калды өмүр үзүмү?
Ыраазымын миң мертебе барыма,
кайтканына ошол күндөр үзүрү.

## ЗАМАНЫҢ ТҮШ

Апкаарытып айласын беш кетирип,
заманың түш кедейди кодулаган.
Айлакери эл мүлкүн мойсоп алып,
байыңды байлыгына оолуктурган.

Балдарын чоң энеге таштап коюп,
заманың түш жат элге тентиттирген.
Баласы апасынан мээрим көрбөй,
тарбия тайкы болуп жетилттирген.

Кароо жок энелердин абалына,
заманым зарлап бала караанына.
Канча эне көз жашын көлдөтүүдө,
Зарыгып эрбеңдеген караанына.

Эл сезимин кур намыс бийлеп алып,
Заман болду үй салчу заңгыраган.
Кулпулап балдары да кирбес болуп,
Үйлөр турат кабат-кабат аңгыраган.

## УТТУРГАНЫМ БАЙКАДЫМ

Ой жүгүртүп алды жагым карасам,
өткөн тура бейиш мезгил самаган.
Өмүрүмдүн жыргал маалы өтүптүр,
жыйырмадан элүү жашка караган.

Бейишине ал учурдун канбастан,
кыялданып улуу жашты самагам.
Өмүрүмдү уттурганым байкадым,
алдыдагы калган жашты санасам.

Калган өмүр эч ким билбес аралык,
өткөн өмүр бейиш багы самаарлык,
Бирок анык миң арманым болсо да,
келе албасым бул өмүргө жаралып.

Пенде байкуш ойлойт тура өткөнүн,
калгандан соң сакал-чачың агарып.
Чын дүйнөнүн бейиш багын ойлоно,
калабы - деп, кылган күнөөм тазарып?





## САЛАМ КӨЛҮМ

Ассалоому алейкум Ысык-Көлүм!
Айта келсем Ташболот, аты-жөнүм.
Эңсеп келдим сууңду мөлтүрөгөн,
айланмакка балыгына ыйык көлдүн.

Канчалар сени дайым эңсеп жүрөт,
куу турмуштун айынан жетпей жүдөп.
Бирөөсү акча аяп ден соолуктан,
сараңдык оору деген бизде күчөп.

Ыйык көлүм сууларың жанга дабаа,
жылаң аяк басканга кумуң жага.
Он күн жүрсөм азыгы жылга жетер,
бүт оюмдан жуулуп эски санаа.

## ОШ БАЗАРЫ

Ош базары... Аарынын уюгундай,
түркүн дайра бир көлгө куюлгандай.
Миңи кирип, артына кайра толкуп,
сезилбейт эл агымы суюлгандай.

Жогун издеп ары-бери шашканы бар,
«Пош-пош» - дешип чоң араба тартканы бар.
Бири алдап, бири аяп чын көңүлдөн,
ынандырып өз буюмун сатканы бар.

«Капчыгы чоң» , акчасына көпкөнү бар,
бечараны көзгө илбей сөккөнү бар.

«Жуликтерге» бар тапканын алдатышып,
айласыздан көз жаштарын төккөнү бар.

Дареги жок ары-бери басканы бар,
кайыр сурап, үмүт кылып жатканы бар.
Кагаз-кугаз, желим идиш жыйнай коюп,
ырыскысын ак мээнеттен тапканы бар.

Камсыз кылып Бишкегимдин калаасын,
чечип келет «капчык» деген санаасын.
Ылгабастан баарын тегиз кабылдап,
пейли кеңин, дили бузук, аласын.

## ӨМҮР - САЯКАТ

Пендеге Жаратканым тартуу кылган,
өмүр – бул жалган дүйнө саякаты.
Ачуусун да, таттуусун сезе билсең,
чымын жандын көз ирмем ырахаты.

Өмүрүң жашап турган чөйрөң эмес,
тоскоолу көп, таштактуу жол сыягы.
Көз боёгон ак-карасы бүт аралаш,
түркүн жыт, тикени көп гүл бурагы.

Сезесиң таттуулугун бел ашкан соң,
адашкан жолдоруңду арман кылып.
Башыңды катырсаң да кайра келбес,
өмүрдүн күзүн көрсөң дарман куруп.





## БИЛЕ ЖҮР

Жаралган соң бул жалганга бир келип,
өмүрүңдүн жазы, жайы, күзү бар.
А кышына жеткени бар, жетпеген,
кемип барат айлананда дос-жарлар.

Торолосуң ташпиш билбей турмушта,
өмүр жазын элес албай узатып.
Ата-энеңдин ак мээнетин сезбейсиң,
кээ бир учур балам деген жүк артып.

Жашоо үчүн анык күрөш башталат,
өмүр жайың келгенден соң бел ашып.
Бүлө күтүү, куда күтүү, мал күтүү,
мажбур кылат олтурууга баш кашып.

Өмүр күзүң байкатпастан такымдап,
арыштарың акырындап жайланат.
Кадамыңды өлчөп басып ойлонуп,
ар бир күнүң үй бүлөңө байланат.

Кыш да келет эшик кагып бир учур,
жүдөп-какап ден соолуктун айынан.
Сага болот эң чоң бакыт биле жүр,
ысык ууртоо байбичеңдин чайынан.

Карылардан угуп жүргөн алгы сөз,
куруганың - жубайыңдан калганың.
Андан көрө тилей бергин Алладан,
байбичеңден бир күн мурун алганың.

## ТАЗА ДИЛИҢ - АЗЫГЫҢ

Өмүрүңө өмүр кошоор эң арзан,
таза дилиң - жан дүйнөңдүн азыгы.
Таазим этип Жаратканга миң ирет,
сезилбестен ырыс-кешик аздыгы.

Акыл экчеп, угуп-иргеп алсын - деп,
Жаратканым берген эки кулакты.
Ашыкча сөз ушак-айың айтпа - деп,
тилиң үчүн берген жалгыз туракты.

Айткан сөзгө аткарар иш төп келсе,
өз сөзүңө ээсиң оздон чыкканча.
Уксаң уккун, көп сүйлөбөй ашыкча,
токтоно бил айтар сөзүң бышканча.

Эл алдында жүзүң жарык дайыма,
топук кылсаң берген ырыс-ашына.
Үй бүлө тынч, урук-тууган ыраазы,
калыс болсоң улуу-кичүү баарына.

Көп окугун, көптү угуп пайдалан,
Колдон келсе убактыңды аягын.
Пенде өмүрү өтө кыска биле жүр,
күзү келсе таппайсың баш-аягын.





## КЕМИБЕГЕН

Элүү жылды байкабай узатыппыз,
турмуштун арабасын курап алып.
Эл катары өзүбүздөн көбөйүппүз,
Жаратканда бактыны тилеп алып.

Чыйрыктыра өмүрдүн жазы-жайы,
кээде аралап суук сөз арабызды.
Көрө албаган кээ бирде ушак-айың,
тырмагандай болушту жарабызды.

Отуз беш жыл заманым өксүсө да,
өмүр кечтик дайыма элим менен.
Кыйынчылык, адашуу кыйнаса да,
дилим менен намысым кемибеген.

Пейлибизге жараша насип буйруп,
жакшыларга Жараткан зар кылбады.
Мүдүрүлттү, бирок да кулатпастан,
жамандарга жалынтып кор кылбады.

## КАЛЕМИМ

Кубат алам турмуштан чарчаганда,
кайгы-капа жүдөтүп калчаганда.
Калемим өзүң дайым арачысың,
кайгыдан жан дүйнөмдү сактаганга.

Калемим кыйышпаган мага жолдош,
дем берер сенден артык эми болбос.

Ыр дүйнө азгырыгы булак сындуу,
жай-кышы акса дагы соолуп койбос.

Кээ күнү түн ортосу козгоп сезим,
казуу үчүн белсенип ырдын кенин.
Жетегинде эргүүнүн аалам кезем,
кечиргис ыр дүйнөдө бардай кегим.

Калемим эргүү келсе жайып канат,
канаттуу ыр жазууну турат самап.
Кыйналып төрт сап ырды жаратамын,
кээ күнү уйкусу жок тартып азап.

Кыдырып ыр дүйнөнүн белестерин,
калтырып тарыхтын көп элестерин.
Кылымга жашай турган ырлар жазып,
кыргызыма калтыргым келет менин.

Кайсы бир күн өлүмдүн даамын сезип,
кетермин чымын жаным аалам кезип.
Каалар элем сен менен бир болууну,
бейиштин ыр дайрасын бирге кечип.

## НООКАТЫМДЫН ТАЛАНТТАРЫ

Алгалай бер Ноокаттын таланттары,
агартуу күрөштөрдүн жаратманы.
Эмгегибиз элибизге өрнөк болсун,
бабалардын мурасын таратканы.





Колдошуп эчен кылым бирин-бири,
кош канат кыргыз, өзбек ага-ини.
Кадам таштап алгалап бара жатат,
көпчүлүк улуттардын жашап түрү.

*Кайырма:*

Туу тутуп бабалардын мурастарын,
сактайлы ыйык туткан турактарын.
Кыргыз-Ата, Кошчаным,Чилисайым,
Абшыр-Ата, Кара-Кой булактарын.

## КАЛТЫРБАГЫН КӨҢҮЛҮН

Өмүр бизге түгөнбөстөй узун жол,
адамзаты бир адашпай өтпөгөн.
Ар дайыма туура жолду издешип,
жашап келет ката кылып көптөгөн.

Аткан октой мезгил учат сабалай,
көз ирмемге бир артына карабай.
Кааласаң да секундага токтолбой,
жетип ал - деп, күлгөн өңдүү табалай.

Бүгүнкүндү эртеңкиге калтырбай,
жаша пендем өкүнбөстөн өткөнгө.
Темириңди кызуусунда чапкының,
пайдасы жок кийин жашың төккөнгө.

Тиргилик - деп, аяк-башың жыйганча,
көз ирмемде түгөп бүтөт өмүрүң.
Негизинен бул жашоонун маңызы,
калтырбастан жаша адам көңүлүн.

## ДАГЫ САЛАМ АЙТАРМЫН

Сапар карып, бүгүн үйгө кайтамын,
«Көрүшкөнчө, кошкунуң!» - деп айтамын.
Жаратканым өмүр берсе Ысык-Көл,
кийинки жыл дагы салам айтармын.

Ага чейин аман болгун ыйыгым,
өсө берсин эл-журт келип сыйымың.
Туристтердин эч аягы үзүлбөй,
арбыта бер көлдүктөрдүн тыйынын.

Бактыбызга бейпил болсун заманым,
сен да тиле эл-журтумдун аманын.
Тарбиялап элим алар буюрса,
арасында «дили бузук» жаманын.

## ПЕНДЕ ПАРЗЫ

Чыгып калган пенделиги эсинен,
жан көбөйдү байлыгына эсирген.
Ажыратпай адал менен арамды,
дүйнөгө мас ууру менен кесирден.

Көз болсо да дили сокур сыяктуу,
болбогондой эл алдында уяттуу.
Дүнүйөгө түркүк боло тургансып,
өзүн сезет теңдеши жок кубаттуу.

Пенде парзы бул жалганга жаралып,
кызмат өтөө жакшылыкты жаратып.





Бейишиңден орун бер - деп Жараткан,
баруу милдет жан дүйнөңдү агартып.

Пенде жоктур бул жалганда жазыксыз,
эл оозунда жакшы - жаман тарыхсыз.
Кайтар кезде насип кылса актай бөз,
Кара көргө байланаарбыз казыксыз.

## АЙЫП КИМДЕ...

Үй бүлөң гүлзар өскөн жашыл калаа,
жыпар жыт, өмүрлүк жар, толгон бала.
Турмушуң тоскоолу көп мейкин талаа,
бир адашсаң өмүр бою тарттың санаа.

Чындап сүйсөң сүйүүнүн сыры терең,
ылгабайт, кызыгы жок «байлык» деген.
Жашыңдын айырмасы такыр болбос,
суралбайт кийин-соңку, кандай элең?

Сүйөсүң турмуш куруп чын дил менен,
күн артынан жыл узатып санаа жеген.
Ойлогон ой-тилегиң «быт-чыт» бир күн,
уккандан соң жообун «сүйбөйм» деген.

Болбостур мындан ашык азап жеген,
ичиркенип көргөн сайын ысык денең.
Айла жок үй бүлөңдөн ажырайсың,
сүйөм - деп мезгилинде күйгөн менен.

Балдарда өгөй ата, өгөй эне,
бактысыз төрөткөн соң айып кимде?
Тагдырын өз балаңдын талкалаган,
жеңил турмуш издеген сенде, менде!

**ТООЛУК ЖЕРДЕШТЕРГЕ**

Таштан ташка урунуп толкуп-ташкан,
Шибе ылдый күр-шар эте көбүк чачкан.
Башат алып Кара-Койдун мөңгүсүнөн,
эли-жерин багып келген Кыргыз-Атам.

Балык болчу бир мезгил толуп-ташкан,
чил-өрдөк бырпырашып үркүп-качкан.
А азырчы? Өткөн күндөн балакет жок,
дайра жээгин тоолуктар бүт тосушкан.

Ата-бабаң көрүп келген жокту-барды,
тоюшкан жарты нанга жаман карды.
Ачкөздүктүн чеги болор, эй пенделер,
биз тоспогон, ээлебеген эмне калды?

Адамзатта ачкөздүктүн чеги барбы?
Менимче пейли-дилиң абдан жарды.
Тойбогонсуп түз жерге пенде карды,
тосуп алдың тикендеп тоону-ташты.

Алыс жолдон эс алууга көлөкөлөп,
суу жээгинде даракка башты жөлөп.
Кыялдары орундалбай кала берет,
тосмондон өтө албай сенден бөлөк.





Аман болсун эй тоолук, алтын башың,
дарыя жээгин бошотуп жолду ачкын.
Эс алчуу эл сейилдешсин жээк бойлоп,
эстеликке жээгинде сүрөт тартсын.

**ОЙЛОЙ ЖҮР ПЕНДЕ, КАБЫРДЫ**

Чөмүчтөп баарын солобой,
карай жүр пендем оң-солду.
Напсиңди бир аз тизгиндеп,
кашыктап жесең болбойбу?

Дүйнөгө түркүк эч ким жок,
болбостур тоо-таш урабас.
Болгону байкуш пендесиң,
адам жок миң жыл кулабас.

Артыңдан калса жакшы ат,
урпакка сыймык болбойбу.
Эл жактырса жакшы ишиң,
курсагың чындап тойбойбу.

Мал-дүйнө колдун кири го,
булгаба жакшы затыңды.
Напсиңди эптеп жеңгенге,
Ойлой жүр пенде кабырды.

## «ЖАЛГЫЗ МЕН, МЕН» ДЕГЕНДИН

Алыс барбас кайсы заман келбесин,
арабасы «жалгыз мен-мен» дегендин.
Ынсап кылса ийгиликке жеткирет,
иши оңолуп элдин камын жегендин.

Өзүн ойлоп, элди сүрөп камчылап,
жалгыз өзүн элден өйдө барчылап.
Күйүп-быша элди ойлогон өңдөнүп,
куу-шумдугу агып турат тамчылап.

Атактуунун килем төшөп алдына,
чарк айлана күйүп-бышып жагына.
Эмне максат, ойлор жатат ичинде,
билип турат, жылынуу го табына.

Теңир сүйөт теңдеп бөлүп жегенди,
сага болсун, ашса мага дегенди.
Таразасы Жараткандын так болот,
жообу кайтат, алдагандын элимди.

## АЗЫР КИММИН

Азыр киммин? Чала акын бирөөмүн,
эске салчу салтыбыздын жүйөөсүн.
Анча-мынча насаат сөздү эскертип,
арнап жүргөн ыр дүйнөгө түлөөсүн.

Ырлар жазам ак жашоого чакырган,
кемчилдигин бекем ичке жашырган.





Келечеги кең болсун - деп урпактын,
бак өстүрүп, гүлзар жасар такырдан.

Жаша - деймин, сен ачууга алдырбай,
алгалай бер, атка камчы салдырбай.
Көкөлөп уч, бийиктерди багынткын,
элиң коштойт канатыңды талдырбай.

Мезгилинде бүт дүйнөнү багынткан,
атпай кыргыз калкың турат артыңда.
Ондоймун - деп оош-кыйыш заманын,
кыз-уулуң көп дем берүүчү калкыма.

Азыр киммин? Чала акын бирөөмүн,
Сепсем - деген, жаңы заман үрөнүн.
Ырга кошуп келген дайым кубаттап,
Кыргызымдын Манас Ата сүрөөнүн.

## ОЙЛОН, КЫРГЫЗ

Кетиресиң адамдын сырткы кирин,
суу аркылуу таза-чайкап агартып.
Миң аракет кылсаң да айласы жок,
ала албайсың ички кирин тазартып.

Акырын жаман илдет каптап келет,
четтен жуккан киринен тазаланбай.
Акылман карыларың какшап барат,
эзелки салт-санаабыз баркталынбай.

Күн санап тилиң-дилиң кертилүүдө,
Кара тумоо илдетине багынгандай.

Кыргызым кыргыздыгы эстен чыгып,
Калабы бул чырмооктон арыла албай?

Ойлон кыргыз, токто кыргыз, улуу эл!
Акылга кел, ой жүгүрткүн акырын.
Бул туманда жүрсөң дагы элүү жыл,
чыгарасың тил-дилиңдин такырын.

## АЙЛАНСАҢ АЗДЫК КЫЛАР

Кара-Кой, жашыл арча бүт чар тарап,
Үч-Чаттан кош дарыя «күр-шар» агат.
Кураган, Буудайлыктан соккон шамал,
Жүзүңдөн мелүүн сылап эс алдырат.

Токойго кулак салып турсаң карап,
сулуулугу моокумуң миң кандырат.
Не бир сонун ыр саптары чуурулушуп,
делебеңди козгошуп ыр жаздырат.

Бешим чен көлөкөлөп күңгөй-тескей,
каласың күн батканын такыр сезбей.
Кечкисин жеңил-желпи кийингениң,
шашасың жылуу-жумшак кийим издей.

Урпактар эчен кылым тукум улап,
бабамдар жашап келген тээ эзелтен.
Буюрса бизден кийин урпак жашар,
айлансаң аздык кылар азиз жерден.





## КӨҢҮЛ НАЗИК

Кар сыңары эрте жаздай кыламык,
көңүл назик жылуу сөзгө эриген.
Ооруп калса так сакталып жүрөктө,
жакының да унута албай жээриген.

Кимге жактым, а кимгедир жакпадым,
кимдин көөнүн таба алдым, таппадым.
Кыйынсына жаштык кезде, а балким,
кимдин дилин байкабастан аттадым.

Күзүн жашап өмүрүмдүн жатканда,
жетелешет түрдүү санаа капкайда.
Ойлор бекен ар бир пенде мен сыңар,
бул жалгандын чоң белесин ашканда.

## КУБАТТУУ ӨЛКӨ КУРАМЫН

*(Обону Ж.Чокмоевдики)*

Кыргызым сан жыл эңсеген,
заманым келди эгемен.
Бакубат өлкө курамын,
жалындап жаңы дем менен.

Намысты колдон бербеген,
Ала-Тоо койнун жердеген.
Гүлдөгөн өлкө курамын,
Ак калпак кыргыз эл менен.

Кылымдап мөңгү кетпеген,
тоолорум толо кен деген.
Коромжу тутпай сактаймын,
ак илбирс, арча, чер менен.

*Кайырма:*

Ынтымак менин урааным,
биримдик колдо куралым.
Түбөлүк бекем туруучу,
кубаттуу өлкө курамын.

## ӨМҮР КОШ, МҮРӨК БОЛУП

*(Обону Ж.Чокмоевдики)*

Жан дүйнөм самагандай,
Мен үчүн жаралгандай.
Жараткан сени ыроолоп,
«Пендем» - деп аягандай.
Жар болуп өзүң менен,
Мен сени сыйлап келем.
Күн сайын эргүү алып,
Сүйүүмдү ырдай берем.

*Кайырма:*

Мен үчүн чүрөк болуп,
Өмүр кош, мүрөк болуп.
Жашай бер жүрөгүмдө,
Ырларга түнөк болуп.





Обондуу ырлар арнайм,
Ырчылар ырдай турган.
Бийчилер чимирилтип,
Бой кере бийлей турган.

Дайыма жаркып турсаң,
Ышкыма көңүл бурсаң.
Сен үчүн бул жашоодо,
Ырлардан мунар курам.

*Кайырма:*

Мен үчүн чүрөк болуп,
Өмүр кош, мүрөк болуп.
Жашай бер жүрөгүмдө,
Ырларга түнөк болуп.

## БӨРҮ БААТЫР

*(Обону Ш.Абдуллаевдики)*

Бөрүдөй баатыр бабабыз,
чеп болгон кыргыз элине.
Намысын коргоп элимдин,
дем берген Мекен-жерине.

*Кайырма:*

Бөрү Баатыр, Бөрү Баатыр атың өчпөдү,
Тарых сени өчпөс кылып жазып өткөнбү?
Урпактарың аздек тутуп ураан чакырып,
Мына бүгүн желбиретип туун көтөрдү.

Жоокерлик заман тескелип,
баатырдын жолун эскерип.
«Түбөлүк өчпөй турсун» - деп,
урпактар койдук эстелик.

Намыска келип урпагың,
ааламга атың жаңырсын.
Ынтымак орноп жергемде,
өркүндөп өссүн урпагың.

## КЫЗЫЛ ЧОКТО ЖАНАРСЫҢ

Миң кайталап айта берип какшанып,
Сотторуңдан чын акыйкат таппадык.
Тойгонунча арам-байлык жыйнашып,
«Жебедик» - деп күндө келет карганып.

Ой бети жок! Элим байкап турбайбы?
Бекер жерден зарын айтып ыйлайбы?
Тешип чыгып ичип-жеген оокатың,
Жаның жесең элим сени сыйлайбы?

Уруп койбой пенделердин өмүрүн,
Кыйраттың го канчалардын көңүлүн.
Ыйманыңды кошуп жеген ыймансыз,
Билесиңби кимдигиңди өзүңдүн?

Пенде алдында Кудай сезип өзүңдү,
Балкаң менен жанчып канча өмүрдү.
Таразаңдын ташы алмашып акчага,
Ойлонбойсуң күйө турган көрүңдү.





Оо көр пенде! Кудай эмес адамсың.
Жаратканга миң актанба, жамансың.
Барган кезде Жаратkандын алдына,
Кызыл чокто куйкаланып жанарсың.

## ИЧИРКЕНЕМ

Барганда чоочун киши сезип кетем,
Айылымда жаштар өсүп таанабаган.
Сурасам сыр билгизбей чекелетип,
Атасы чыгат тааныш, жакын тууган.

Элестейм өзүм өскөн көчөлөрдү,
Башыма эчен түрдүү ойлор уюп.
Санактап элүү жылда көзү өткөндү,
Жаш-карысын иргелеп, эске түйүп.

Көз көрүп учурашчуу айылдаштан,
Өтүптүр ойлоп көрсөм токсон-жүзү.
Кары-картаң, кээ бири капыс өлүм,
Жаз-жайы, кээ биринин келип күзү.

Токтобой бири келип, бири кетип,
Өмүрлөр аккан суудай арыбаган.
Баш ийбей Жаратkандын өкүмүнө,
Ким калган бул өмүрдө карыбаган?

Башыма түрдүү түмөн ойлор келип,
Ичиркенем өмүр күздөп калганына.
Айласыз насип буйруп пенде катар,
Ата жайга жансыз денем барганына.

## АКЫН БЕРЕТ КӨП НЕРСЕ

Карапайым пенде катар кыбырап,
Акындарга бой көтөрүү жат нерсе.
Залкарлардын ыры калат кылымга,
Жаратканым ырларына бак берсе.

Көр дүйнөгө кул катары байыңдан,
Акын тили элге берет көп нерсе.
Асыл ойду как жүрөккө жеткирип,
Курч найзадай сөзүн жакшы элесе.

Акын жазат өзү көргөн-билгенин,
Бул жалганда көөдөнүнө илгенин.
Бирок калат көп ырлары ырдалып,
Көңүл кушун көтөрүүгө элдердин.

Убактылуу оош-кыйыш заманым,
Акындардын сыйлабаган абалын.
Чыдай тургун, бир аз чыда акыным,
Келет кайра төрдө болор заманың.

## АЛЫП БЕРЕТ БАЛДАРЫҢ

Эл ичинде жакшы атыңды сактагын,
элге жакпас жаман жолго баспагын.
Ата-Журтка кызмат өтөп талыкпай,
бекем болгун бөлүгүңдөй асканың.

Күлүк болгун чаң чыгарып таскагың,
адал болсун ак эмгектен тапканың.





Кайда болсоң элдин камын ойлогун,
бөлүшүп жеп иштеп тапкан ак наның.

Нике буйруп эстүү болсо алганың,
эл ичинде өсөт тынбай салмагың.
Адал оокат, тарбиясы тың болсо,
ырахматты алып берет балдарың.

## КӨРӨҢГӨ

Бапестеп бак, батасын ал атаңдын,
бир күн келет таппай калар карааның.
Бул дүйнөдөн издесең да жолукпайт,
мээриминдей мээрим эне-атаңдын.

Кыргызымда жашап келген көрөңгө,
зарыл болсо «бешик» болгун бөлөргө.
Мээримиңе бөлөп өстүр балаңды,
алдан тайып, күчтөн калсаң жөлөргө.

Намысыңды бекем сакта жашыңдан,
назардан корк октон күчтүү атылган.
Кыңыр ишиң кырк мүнөттө билинет.
заман башка, болбос аны жашырган.

Соолугуңду аздектегин жашыңдан,
илешпесин жаман оору ашынган.
Дүр-дүнүйөң бир тыйынга татыбайт,
айланчыктап ажал кетпей башыңдан.

Бабалардан жашап келген көрөңгө,
мээримдүү бол бечараны жөлөргө.
Кайтарымы сөзсүз болот Кудайдан,
эл-журтуңан сый-урматты көрөргө.

## АУРАҢ ТУНУК ЖЕРИМДЕ

Тоолору токой созулган,
асманы жерге кошулган.
Тазартат дилиң, аураң,
жүрөктүн кылын козуган.

Көк мелжип зоосу, аскасы,
көбүктөп агат кашка суу.
Тазартчуу киргилт аураң,
кимде бар тунук башка суу?

Туптунук агып мөл булак,
өөнгө карай жол улайт.
Тазартып кирдүү аураң,
жаныңа жагым күү курайт.

Тартуулап Күндөй аура,
Ала-Тоо кыргыз калкыма.
Алгала Күн-Нур балдары,
өрнөгүң болсун жалпыга.





## ҮШКҮРҮК

*(Поэма)*

Божурап өтмүшүн сөз кылып,
олтурду бир жубан үшкүрүп.
Жазууга баянын камдандым,
ак дилде көңүлдү түз кылып...

Көптөгөн жигитти теңсинбей,
кыз элем ал мезгил келишкен.
Кармаса чорт мүнөз кыялым,
чочуркап жакынга келиштен.

Эркиме коюшпай зордуктап,
алышкан байкоосуз качырып.
Нористе төрөлөр жакын күн,
күчөдү кеткин - деп, бакырык.

Тозок болуп жатты турмушум,
он беш уйдун иши мойнумда.
Түнү бою таңды күтчүүмүн,
көңүл муздап эрдин койнунда.

Малай сыңар тынбай иштедим,
таң эртеден уйларды саамай.
Чөбүн-отун берип бүткөн соң,
кайын-журттун чайын карамай.

Манчыркап менсине байлыкка,
майып - деп, атамды кордошту.

Кембагал сеп дагы бербейт - деп,
алып кет кызды - деп, зордошту.

Теңсинбей атамдай кургурду,
кантсем да жакпадым кайынга.
Жок жерден айыбым табышып,
кетирип тынышты жайыма.

Ар дайым боорукер акылым,
атакем жакыным бир гана.
Чечимин багам - деп чыгарды,
төрөсөң ботокөз кыз бала.

А балким себепкер жаштыгым,
баш кошкон сүйүүсүз адашып.
Турмуштун чийнесин тартууга,
макулсуз бир өмүр жанашып.

Ойлонбой ташталган кадамым,
бир өмүр мен тарткан жазыгым.
Желеси кишендеп турмуштун.
үй бүлөм байланган казыгым.

Арадан үч-төрт жыл өткөн соң,
башкага кайындап барышты.
Алдына көп түшүп атамдын,
коңшулаш айылга алышты.

Тирилик кылдырап өтүптүр,
жокчулук турмуштун айынан.
Дагы да кайынга туш болдум,
буюрбай жакшына кайындан.





Элдерден көп болуп буюртма,
жасачуу жолдошум усталык.
Арыстан шер болуп алуучу,
ичкен күн акылы кыскарып.

Арактын азабын көп тарттым,
күн алыс чырыбыз басылбай.
Жубайым аракка дос болду,
тапканын жеп-ичип ашырбай.

Алган күн иштеген-тапканын,
эзилчү көп сүйлөп, азаптап.
Айласыз төркүлөп кетчүмүн,
болбогон шылтоого казаптап.

Жашообуз тозокко айланчу,
мас келсе чуу салып талкалап.
Көп күндөр талаалап түнөдүм,
балдарды жарымдан калкалап.

Үлгүрбөй качууга айлам жок,
калам - деп, балдарды калкалап.
Эс-учум жоготуп сабалдым,
төрт тишим койгончо талкалап.

Көнүмүш турмушка айланган,
кээ бирде талаалап жоголуп.
Көп болсо бир айга чыдачу,
карганып, ичпейм - деп, оңолуп.

Тушугуп жок жерден илдетке,
арактан соолугун талкалап.

Жараткан жаткандай туюлду,
күйөөмдүн күнөөсүн жазалап.

Сүйрөдүм алымын барынча,
канчалап каражат коротуп.
Кантсе да балдарга ата - деп,
догдурдан догдурга которуп.

Көчөдө кыйшайган дарбаза,
үйүбүз аз калган көчөөргө.
А бирок үй ээси күндө мас,
ачылбай көздөрү өлөөрчө.

Учурда ашта жок, иште жок,
кадимки үйдөгү майыптай.
Оорусу аракка жол бербей,
каржайып түсү жок арыктай.

Үзүүгө эрк жетпей кишенди,
жаз-жайын арыттым өмүрдүн.
Миң ирет аракет кылсам да,
калтырып баламдын көңүлүн.

Жокчулук турмуштун айынан,
калбады кылбаган иштерим.
Көр оокат намысты жеңгенден,
көп төлөп бергендин иштерин.

Кол шилтеп карабай соолукка,
«Ковидде» жашадым коогада.
Алты ай жан үрөп иштедим,
«Кызыл» деп аталган зонада.





Айласыз турмуштун айынан,
эки жыл иштедим оруста.
Үйүмдү оңдодум жакшылап,
эл катар турмушта болушка.

Кыйбадым баламдын бактысын,
көтөрдүм тагдырдын көп ташын.
Жаштыкты билинбей узаттым,
токтобой мөлтүрөп көз жашым.

Билинбей көп жылдар узады,
балдарым эр жетип, торолуп.
Балдардын атасы оорукчан,
байкуштай бүжүрөп, оңолуп.

Барга-жокко өлбөй чыдадым,
азаптарым кетпей бекерге.
Кол арага балдарым жарап,
максатыма калдым жетерге.

Санааркап, элестеп кечээгим,
жаштыгым бекерге кеткенин.
Өзүмдү кайрадан алдаймын,
балдарым бактына жеткенин.

Унутуп көңүлдүн муздарын,
балдарга бактылуу энемин.
Жумушта эл менен алаксып,
бүткөн соң ашыгып келемин.

Көз ачып жумганча, ирмелген,
тагдырым - жазмышым, үмүтүм.

Талыкпай күрөшүү чарчабай,
зарыл - деп, чыгардым бүтүмүм.

Ал жубан баянын бүтүрдү,
далилдеп эрк зарыл экенин.
Тагдырың буюрган өмүрдө.
сынбасаң максатка жетээриң.

Акырын көз салдым байкатпай,
тез ирмейт көздөрү жалдырап.
Нервинин жукасын түшүндүм,
колдору калгандан калтырап.

Өтмүшүн баяндап бүткөнчө,
жүз жолу уктум мен үшкүрүк.
Өткөргөн армандуу өмүргө,
жүрөгү жатканын үшкүрүп...

### «УЛУУ КӨЧ»

Узатып кылымдар кыйырын,
жердедиң алысын, жакынын.
Саянда, Алтайда, Памирде,
чачылып кырк уруу жакының.

Монголдун, уйгурдун, калмактын,
өткөрдүң орустун чабышын.
Үрккөндө Кытайда жан сактап,
азаптан кыйналды арышың.





Журтуңа кайрадан жол алдың,
уккан соң эркиндик дабышын.
Чынында Советтер сактады,
кыргыздын улуттук бактысын.

Кыргыз да өзүнчө болсо - деп,
Кара Кыргыз автоном түзүлдү,
«Туранга» биригип кетет - деп,
ак жерден өмүрлөр үзүлдү.

Оп тартып куугунтук азабы,
күнөөсүз тартышып жазаны.
Элим - деп, эрлерим кырылып,
өттү го боштондук азары.

Басмачы, «эл душман» атыгып,
канчалар кетишти атылып.
Ачылбай кыргыздын тарыхы,
калышты көмүскө катылып.

Учурда баатырлар баркталып,
жатышат «эл душман» акталып.
Кырк уруу кыргыздын өтмүшү,
кайрадан башталды такталып.

Тынч алып «Аталар Бейити»,
токтолуп арбайлар кейиши.
Дүйнөгө «Улуу көч» жол алды,
күч алып Кыргыздын жеңиши.

## УБАКТЫЛУУ

Байлык-бийлик азгырык убактылуу,
максатыңа жеткирет канагат кылуу.
Айкындыктан адашпай жолуң улап,
өткөн күндү күн сайын эстей жүрүү.

Акылы кем элирет бийлик берсе,
арам-алыш байлык жыят ыгы келсе.
Кайсы бир күн жатканы абак болуп,
уурулугуң билинет бүткүл элге.

Айткандарга жакынкы күндөр күбө,
отуз жыл жашадык го кыргыз жүдөө.
Бир наадан дүйнө жыйса арам-алыш,
тентиди оокат издеп канча бүлө.

Татыктууну эл тандап бийлик берет,
аны билбей жулунгандар арсыз делет.
Элиңдин ишеничин аткара алсаң,
«Журт атасы» наамын элиң берет.

Өлкөбүздүн кадамы торолгонсуп,
келе жатат заманыбыз оңолгонсуп.
Элинин ырыскысын уурдагандар,
арабыздан бириндеп жоголгонсуп.





## АРАКЕТ КЫЛ НААЛЫБАЙ

Дүнүйөнү үч айланып чыксаң да,
элде жоктур телегейи тегиз жан.
Бары-жокко кээ бир адам чыдаса,
кээси наалыйт түгөнбөгөн кайгыдан.

Кемчиликти өз башынан издебей,
ар күн сайын кейип-ноюп кайгыда.
Заман тургай Жаратканга док уруп,
кесир сөзүн багыштайт ал жалпыга.

Оош-кыйыш заманыңдын тушунда,
карды токтун ачка менен иши жок.
Аракет кыл, элден эмне кемиң бар?
миң кейисең сени угуучу киши жок.

Билбейт эч ким бешенеге жазганын,
пенде болуп бул өмүргө келген соң.
Жаралдыңбы? Аракет кыл наалыбай,
аздыр-көптүр акыл-эсти берген соң.

Жараттыбы, карызы жок Кудайдын,
Жаралдыңбы? Дайым чексиз шүгүр - де!
Андан көрө териң төккүн талаада,
жардам күтүп жата бербей бекерге.

## УБАКЫТ ДЕГЕН АЛДАМЧЫ

«Убакыт» деген алдамчы,
билбесең пайда алганды.
Катаңды кайра түзөөгө,
билинбейт канча калганы.

Пайдасыз ишке коротуп,
коёбуз арзан жоготуп,
«Убакыт» деген өлчөмсүз,
кылымды койбойт тоготуп.

Убакыт бекер берилет,
алтынга тете делинет.
Өмүрдүн белин ашканда,
утулган жайың билинет.

Мезгилге алсыз жандайсың,
токтотуп кала албайсың,
Тоодой алтын үйсөң да,
жаныңды сактап калбайсың.

## КЕКЕЙГЕНГЕ КЕКЕЙГИН

Турмуштун казанында кайнап, бышып,
акырындап тапталасың барган сайын.
Ар бир күнүң үмүт менен өтө берет,
билип-билбей эртеңки турмуш жайын.

Ылгайсың айласыздан мамилеңди,
абайлап баса турган кадамдарың.
Күтпөгөн капталыңдан сокку берип,
сатып кетсе сыйлаган адамдарың.





Кекейгенге кекейип койгон артык,
Жооп кыла кол учунда саламдарын.
Байкатпай турмуш өзү ылгап алат,
ийри-түз, пейли бузук адамдарын.

## ЭСТЕЛИК

*(Обону Ж.Чокмоевдики)*

Бабабыз Бөрү тамыры,
бар тарап кенен жайылды.
Кабарын угуп баатырдын,
кас-душман тегиз багынды.

Жоокердик заман кез келип,
жолдорун баскан эскерип.
Уютку улап Улуу Көч,
урпактар курду эстелик.

Алп тарых берип анык баа,
атагы кетип алыска.
Айтылуу Бөрү урпагы,
ар дайым жарайт намыска.

*Кайырма:*

Каганат курган эл билет!
Карт тарых билет, жер билет!
Кылымдар бою бийикте,
Кызыл туу турсун желбиреп.

Кылымдар бою бийикке,
Кыргыздын туусун желбирет!

## АЙЫП КИМДЕ?

Көл жээктеп басып жүрөм терең ойдо,
Сезимде түрдүү ойлор алчыланып.
Байкабай чиркин өмүр өткөндүгүн,
Кадам сайын жээгине тамчыланып.

Баягы бүтпөс ойлор келет чырмап,
Мен киммин? Эмне бүттү? Эмне калды?
Бүгүнкүдөй оош-кыйыш заманымда,
Пенденин аң сезими мынча жарды?

Оп тартып туңгуюкка жетеленген,
Ким айыптуу? Заманбы, адамдарбы?
Эмне үчүн күндөн-күнгө арбып барат,
Эл ичинде байлыкка кул жарандары?

Жамынып таза диндин көшөгөсүн,
Көбөйдү шариатты бурмалаган.
Шалбыраган кийимдер кийип алып,
Улутумдун көөнөргүс салтын саткан.

Күн сайын манкурт тукум өнүгүүдө,
Атасын байлык үчүн башка чапкан.
Унутуп кыргызымдын эне тилин,
«Мамалап, папалатып» бала баккан.





## УЛУУ ТАРЫХ

Бабаларым улап келген улуу тарых,
баратат баралына жетпей карып.
Байыркы Кыргыз элдин өтмүштөрү,
башкадан каралса экен кайра барып.

Түп бөлүнүп чыкмак болуп «Туран» эли,
түпкү атасы бир болуп, Куран деми.
Түзүү үчүн «Туран» деген биримдикти,
тең аталуу улут кылып, сактап элди.

Бул максаттын алдын ала жолун тороп,
бөлүп-жаруу максаттарга акыл короп.
Бабалардын жашап өткөн тарых жолун,
баш аяксыз бурмалашкан калпка ороп.

Баш көтөргөн аталышып «Басмачылар» ,
билими бар эл сыйлаган, жазмачылар.
Бириге албай тоо-ташта качып-бозуп,
бөтөн журтта сөөктөрү калганы бар.

Буюртманы катуу алып бийлигинден,
биригүүгө эч кандай жол койбо - деген.
Бекитишип чын тарыхты жашырышып,
билдирбестен калтыруунун камын жеген.

Бөлүшүп түркмөн, кыргыз, казактардан,
башкырт, өзбек, кара калпак азаптанган.
Баш көтөргөн акыл-эстүү, жакшыларын,
бирин койбой атып, жоюп, камап тынган.

Ал учурдун биз мактачу жактары бар,
ага кошуп сын айтылчу тактары бар.
Ачарчылык, сабатсыздык жоюлганы,
эл тарыхын жасалмалап койгону бар.

Ал күндөрдүн күбөсү азыр «Ата-Бейит»,
Ата-Журтка кызмат өтөп, жанын берип.
Атам Манас, кыргыз элдин көрөңгөсү,
Ата Мекен жашасын - деп, төшүн керип.

Кайра изилдеп чыгууга карт тарыхты,
кечиктирбей элге ачууга ак жарыкты.
Кайдыгерлик мамилени алыс таштап,
кайсыл кыргыз ута алат бул жарышты?

Кошуналар бул тарыхты казып жатат,
курук жерин өзүмдүк - деп, жазып жатат.
Кыргызбайлар чечишкенче ички ишин,
кошуна элдер тарых сырын ачып жатат.

Көчмөн Кыргыз, эл тарыхы такталабы?
келечекте салт-санаабыз сакталабы?
Кылымдардын кыйырына сиңип кетип,
кээ элдердей туңгуюкка капталабы?

## НАСИП ЭТТИН СООРУНУН

Поэзия – сен деп бүгүн оорумун,
чалкып жаткан ыр деңизге тоорудуң.
Тагдырыма ыраазымын миң ирет,
насип эттиң бел ашканда соорунуң.





Ай-ааламга алып учаар кыялым,
жан жолдошум, ажырагыс ынагым.
Ишенемин жарым экөөң өбөлгө,
өмүрүмө өмүр кошуп улаарың.

Аралашпай бир да сага күнүм жок,
ыр жаратсам ошол күнү көңүл ток.
Оңдоп-түзөп, кайра-кайра окуймун,
өзүмдөн да колумдагы калем шок.

Элге сиңим болсо эгер ырларым,
бул өмүрдө жашап өткөн жылдарым.
Түпкүрүндө терең ойлор катылган,
кылым турар бек эстелик курганым.

## ШААР МЕНЕН АЙЫЛ КЫШЫ

Айлана сумсайгансыйт бубак басып,
кыш абасы айланага заар чачып.
Уюлгуп мордон чыккан түтүндөр да,
шашыла алысташат жерден качып.

Уламдан күн кыскара, түн узарып,
шаар үстү түтүн толо бүт мунарык.
Өпкөң байкуш эңсеген таза аба,
түтүн менен ышталат, бут тушалып.

Айылдачы? Айылда турмуш башка,
сугуң артат талаага, тоого-ташка.
Кыш-аяздын ажайып сырын билсең,
узарар чын өмүрүң бир топ жашка.

Бактылуусуң үйүңдө көмүр болсо,
убайымсыз мал азыктын камы толсо.
Эсен-соо жаз жарышка жете барсаң,
Ошол болот сен уткан эң чоң олжо.

## ТАГДЫРЫҢДЫН ЖАЗАСЫ

Таштандыга балаңды таштап коюп,
укмуштай желмогуздун өзү болуп.
Тууган-урук, бүтүндөй эли-журтту,
койдуң го пахта менен такыр союп.

Энеңди жер каратып сени тапкан,
кызым - деп, ак бешикте аздек баккан.
Атаң байкуш көчөгө чыга албай,
дүң түшө намысынан үйдө жаткан.

Көр оокат ак мээнетсиз өтөөрү жок,
эмгексиз тириликке жетээри жок.
Абийриң айран болуп төгүлгөн соң,
кайрадан кайтып артка келээри жок.

Арабкулдар оожалып жаткан кезде,
кыздарың сойку болуп жатат - дешсе.
Ыйманды алар менен талашууга,
айла жок жооп айтууга такыр бизде.

Айтууга оозуң барбай жазганасың,
«тообалап» өз жакаңды кармanasың
Аласың эсен болсоң көп жол ыйлап,
тагдырың насип эткен чоң жазасын.





## БАЛАЛЫГЫҢ АРМАНДЫР

Күнгө күйгөн кызыл жүзүң албырып,
карагандын көз моокумун кандырып.
Жараткандан тилейм сага жан балам,
турса экен - деп, суук көздөн жазгырып.

Айыл жерде беш-он жаштан тетигип,
кызматына ата-энеңдин жетилип.
Шаардыктын балдарына окшобой,
«Тик-ток» көрүп, буйтка жайда бекинип.

Бар-бара гой! Атаң чаңкап калгандыр,
кымыз менен нанды күтүп жаткандыр.
Бирок балам, ушул күндү эстеп кой,
балалыгың өткөндөн соң армандыр.

## ҮМҮТ КАЛДЫ БИЙЛИКТЕ

Жашообузда бүгүнкүнүн кем жагы,
салт-санааңдын жоюлууда оң жагы.
Айдаганга көнчү кыргыз болдук го,
ак калпактуу, ыйык салттуу эл баары.

Албыр-салбыр дамбалына чалынып,
кимиси өлүп кара чүмбөт жамынып.
Билип-билбей арапкулча былжырап,
жаткансышып бүт күнөөдөн арылтып.

Үгүт иши башталгандай чени жок,
токтотууга, кой - деп, айтар деги жок.

Урпактарың айланышаар арапка,
Ак калпактуу, кыргыз деген эли жок.

Кызыгы жок алар үчүн болбошу,
кыргызымдын соолушу же соолбошу.
Жалгыз гана үмүт калды бийликте,
эне тилин, салт кийимин коргошу.

## КАРА-КОЙДО КЫШ

Май айынан түркүн түскө түрлөнүп,
тоо-ташында кызыл-тазыл гүл өнүп.
Азыр мына күз мезгили бүтпөстөн,
Кара-Коюм калдың ак кар чүмкөнүп.

Жайында көлкүп жаткан жашыл беттен,
Калтырбай жамынчысын сыйрып кеткен,
Мукамдуу ыр ырдаган булактардын,
муз тоңуп, шылдыры жок көзү бүткөн.

Арча-кайың, бадалдарың ийилип,
көз уялтат баары аппак кийинип.
Айланчыктап мөңгү баскан асканды,
булут кетпейт кабактары түйүлүп.

Тыңшасаң айланага кулак түрүп,
жымжырттык турган өңдүү өкүм сүрүп.
Туйбайсың ушул тоонун арасында,
миңдеп жан бар өмүрдүн камын көрүп.





## ОКШОШ ТАГДЫРЛАР

Өктөм мезгил өмүрүн койгон уурдап,
каржая карт дарактын шагы куурап.
Бирин-серин дирилдеген жалбырагы,
жаткансыйт өкүнүчтүн ырын ырдап.

Эске салат армандуу обондору,
жаштыгынын кайдадыр жоголгону.
Көчөт кезден жетилип мөмө берип,
Моюн толгоп шамалда торолгону.

Күтүрөп кемтиги жок мезгил өткөн,
Эчен ирет мөмө берип гүлүн төккөн.
Канчалаган канаттуулар уя салып,
Темир канат балапан андан өскөн.

Айланада шуудураша жаш дарактар,
Саябаны пендени тез саматаар.
Киндиктеш карт дарактын тамырына,
көркөмү жан-жандууну бүт каратар.

Мезгилдин дөңгөлөгү өтө берет,
артынан жаш дарактар өсө берет.
Алар да качандыр бир каржайышып,
Армандуу, муңдуу обон созо берет.

Адам менен даракта тагдыр окшош,
бош калбаган узасаң ордуң боп-бош.
Карт дарактай каржайып чириген соң,
унутулат, кылым өтө ордуң жоктош.

## ТҮРМӨ ТОЛДУ

Майдаланып өз дүйнөңдөн пас болуу,
арам оокат, ууруларга дос болуу.
Адамдыктын касиетин алмашып,
бир жол келген өмүрүңө кас болуу.

Кулу болгун берилген убадаңдын,
тилегин тазалыгын шыбагаңдын.
Аткарылбай калбасын убадалар,
жүрөгүңдү аруулук уяласың.

Бала-чакаң келечегиң, уланарың,
күлкүсү сенин баасыз кубанарың.
Кызыкпагын, көр дүйнө убактылуу,
Тынч жашоо болсун дайым суранарың.
Жегичтерге карап көр түрмө толду,
Ойлон сен да эй уурум, камаларың.

## УШАК СӨЗ - УУ

Өмүр сырын билбей келем баш катып,
балын татсам, кээ бир учур уу татып.
Өз жолуңда адашпастан баратсаң,
Таш коюшса турмушуңа көз артып.

Ушак сөз уу – жараат салат кылычтай,
турмушуңдун бейпилдигин тынчытпай.
Теңелгиң да келбейт андай нааданга,
«койчу эми» - деп, бузук сөздү курчутпай.





Бейтааныштын болбой сенде эч иши,
ушак токуйт жандап жүргөн өз киши.
Көзүң барда мактап-жактап, каткырып,
дайым даяр ач тырмагы, уу тиши.

Жоктой болуп кыларга бир эч иши,
күйөбү - дейм ал кургурдун тыз ичи?
Ошентсе да сыр бербестен дос тутам,
Кантсе да ал, жакын аяш – өз киши.

## ӨМҮР - БААСЫ ЖОК КАЗЫНА

Өмүр бул –Жаратканда эң чоң белек,
пайдалуу, из калтырып корот демек.
Өмүрдөн даражалуу ырыскың жок,
пендезат бул жашоого бир жол келет.

Чачылган мал-мүлкүңдү тапса болот,
ак мээнеттен тер төксөң орду толот.
Бирок да коротулган өмүр-саатың,
чара барбы кайтарууга, кантсе болот?

Жаман достон айла таап качса болот,
жан күйдүрөөр достун да орду толот.
Жаштыкта түшүнбөстөн коротулган,
бекер кеткен өмүрдү кантсе болот?

Коротобуз баасы жок казынаны,
дейбиз дайым: «бешенеге жазылганы»
Жаш, карыбыз баалабай өмүр баркын,
эрте-кечте телефон асылганы.

## ӨМҮР...ӨМҮР...

Өмүр...Өмүр... Таттуулугуң чени жок,
бул жалганда сенден кымбат деги жок.
Падышалар миң жыл кылып аракет,
Өткөн эмес, өтпөйт дагы кеми жок.

Арылбаган ак, каранын санааасы,
табышмаксың чечүүгө жок дабаасы.
Жүз жыл жашап, күнү-суусу бүтсө да,
адамзаттын бүткөн эмес чаласы.

Аздыр-көптүр из калтырып өткөн бар,
наркың билип кадырыңа жеткен бар.
Бал аарыдай далбас уруп бүт өмүр,
балың жыйып эл-журтуна төккөн бар.

Өмүр баасын билип-билбей өткөн бар,
чымын сыңар арам-ашка көпкөн бар.
Көлкүп турган идиш толо балыңа,
суктугунан чыкпас болуп «чөккөн» бар.

## ӨМҮР БААСЫ

Кайран өмүр жаш кезекте курч элең,
байлык-бийлик оорусунан тынч элең.
Өз колуңда жарты наның болсо да,
Эл журтуңа каралашып турчу элең.

Бир туугандар, кошуналар катташып,
адамдыктын бийик наркын сакташып.





Алыш-бериш убагында болуучу,
өткөн-кеткен мамилени бактaшып.

Бүгүнкү учур байлык-бийлик кулусуң,
көр дүнүйө, эси дартың, турушуң.
Керек болсо дилиң сатып шайтанга,
Тыйынга да бааланбашың курусун.

Эх өмүрүм! Азыр кандай абалың?
Кошуна эмес, тууганга жок саламың.
Татыбастан кээде сары чакага,
Күндөн-күнгө майдаланып барасың.

## ДАРЫСЫ БОЛЧУ ЖҮРӨКТҮН

*(Обонго сунуш)*

Аялдын көркөм асылы,
жарашат дайым басыгы.
Жоогазын гүлү өңдөнүп,
сүйүүнүн бүтпөс азыгы.

Ажарың көздү сuктантып,
чырайың турат оп тартып.
Карегиң капыс туш келсе,
сүрдөнөм көзүм жалтанып.

*Кайырма:*

Дарысы болчу жүрөктүн,
тамчысы сыңар мүрөктүн.
Жаралуу дүйнө айыксын,
жүрөккө сүйүүң түнөткүн.

## АДАШКАН ЖАРАТЫЛЫШ

Жаратылыш адашкансып эсептен,
майда жамгыр жаап турат себелеп.
Өрүк, бадам бажырайып гүл ачып,
жергебизде кыш ортосу кете элек.

Маани бере бүт жер шарын карасаң,
канча үйдүн кайгыны үйүп башына.
Эрегишүү, дүйнө талаш, кыргындар,
карап койбой кары менен жашына.

Жердин боорун казып-өрттөп аябай,
чар тарапта согуш-жаңжал тутанып.
Өзгөрбөстөн элдин пейли жакшыга,
Жер Эне да бүтмөй болду ууланып.

Ач көздүктөн чектен чыгып адамзат,
жаткан өңдүү пейилдерге байланып.
Сес көрсөтүп кышы-жазын алмашып,
жаратылыш бизден көөнү калгансып.

## АЧ КӨЗДҮК

Маани бербей арам менен адалга,
«дүйнө» деген минип алды далыңа.
Тоотподуң муңкүрөгөн эл-журтту,
жел жүрсө да көнгөн анын ыгына.

Бербегенге карыш түшүп кабагың,
сын айтканды өлө душман санадың.





Көпкөнүңдөн эки көзүң май басып,
жерип турдуң элдин айткан саламын.

Ачкөздүгүң ашып кара башыңдан,
атак алдың «паракор» деп ашынган.
Эл акысы көз жаш, каргыш, ый менен,
акча жыйдың чenemи жок жашырган.

Такыр түшүп арамдыктын жолуна,
чексиз жыйдың илешкенин колуңа.
Эли-журттан наалат калды айтылып,
балдарыңдын эн басылып жонуна.

Дүнүйөңдү кете албадың көтөрүп,
жатар жайга кетер күнүң түбөлүк.
Жети кулач кепиндик бөз буюруп,
алтын менен капталбадың бүтөлүп.

## КҮТӨМ КЭЭДЕ

Колдоп-коштоп ыйык Теңирим,
күү-шаа жашап өттү өмүрүм.
Кызматына жарап ар дайым,
калтырбагам көптүн көңүлүн.

Колдон келип турган чагымда,
көптөр жүрчү дайым жанымда.
Конок болуп бүгүн кеткин - деп,
кел-кел - дешип турчу айылда.

Маанилeнбей күндүн батышы,
жылдар шашып өтүп жатышы.
Өмүрүмдүн жаз-жайы кетип,
жаштык кездин белес ашышы.

Кайыбына жаш кез айланып,
небереге калдым байланып.
Күзүн жашап бүгүн өмүрдүн,
кышын күтөм кээде шайланып.

***

Бир өмүр аз турбайбы ойго салып,
Жашасак да дайрадай ашып-ташып.
Пендезат бул өмүргө тойбойт тура,
Кээ-кээде айласыздан башты кашып.

**КЫМБАТ ЖЕР ЖОК**

Ак каргадай башкача өз элинен,
көбөйдү го ашкан адам чегинен.
Жүрүм-турум кеп-сөзү да өзгөчө,
акчалуусун байкап калам кебинен.

Дөгөрсүшүп ойлоп бүгүн-азырын,
Элес албай өмүр кургур аздыгын.
Түбөлүккө өлбөй кала тургансып,
Ойлошпойбу оо дүнүйө кабырын.

Арам менен адал ишти сындап ал,
Жалаң гана сабап жолун ылгап ал.
Колдон келсе өрнөк болуп башкага,
Күнөөлүүнү күнөөсү жок жолго сал.





Чыгып кетпей адептүүлүк чегинен,
Бөлүнбөгүн кадыр туткан элиңден.
Байлык өзү колдун кири биле жүр,
Кымбаты жок өзүң өскөн жериңден.

**КАЛА БЕРЕТ ЖАРАСЫ**

Пенделер бар жетпей жүргөн балага,
көз жаш төгүп, батып күн-түн санаага.
Дагы бирлер кор тутушуп перзентин,
дареги жок тентип жүргөн талаада.

Көңүл өксүп ырбайт жүрөк жарасы,
эр жеткенче мээрим көрбөй баласы.
Таш боор ата пайда болот айласыз,
өмүр кечтеп шашты кеткен чамасы.

Күбүр-шыбыр болуп элдин арасы,
кабыл алар, мүмкүн албас баласы.
Кечигет го алтын таажы такса да,
кала берет жүрөктө оор жарасы.

Сур булуттар айланчыктап өмүрүн,
бушайман жеп кылганына өзүнүн.
Бирок миң жол аракетин кылса да,
айыктырбайт муздай бала көңүлүн.

## АТА-ЭНЕНИН БАТАСЫ

Картайса да такыр оозур көрбөгөн,
көбөйүүдө кары-картаң жүздөгөн.
Кордук көрүп бапестеген уул-кыздан,
көз жаштары кургабастан көлдөгөн.

Үй, машина баары даяр, кеми жок.
Өрөпкүшүп, тең келээри эми жок.
Ичпей-жебей, ак эмгекте жыйнаган,
кемпир-чалды эстеп коёр деги жок.

Эрдемсинген мүнөз күтүп курулай,
чыны-калпты агызышып шурудай.
Айткан сөзгө төп келишпей иштери,
абийирлери быркыраган чыныдай.

Карыларды зар какшатып, курутуп,
кыргызымдын улуу салтын унутуп.
Аталардын мурастарын аткарбай,
«тозок» беттеп барат кээси бурушуп.

Ала көргүн карылардын батасын,
оңдоп үлгүр жаштыгыңдын катасын.
Бумерангдай кайтып келип өзүңө,
эки дүйнө абийириңди жабасың.





## БИР ИЛИМ ОЙЛОР

Пайдалана албасаң бир мүнөттү,
Коромжулап өмүрүңдү жоготосуң.
Аз оокатты аздектеп жыя албасаң,
Тоодой дүйнө тапсаң да коротосуң.

Аздек тутуп тууганды сыйлабасаң,
Ишиң түшсө жаттарга жалынасың.
Оюу бузук жаманды дос тутунсаң,
Көп узабай балакетке кабыласың.

Кошаматка жалынып күндө жандап,
Аты улук - деп, адамдан адам тандап.
Утулганың байлык деген азгырыкка,
Элиң турат артыңда баарын талдап.

Адебиңди сактасаң жаш кезиңден,
Серт болсоң да супсулуу көрүнөсүң.
Кой дегенди укпастан тетир бассаң,
Макоо сыңар эл-журттан бөлүнөсүң.

## ...БИРӨӨГӨ

Үй бүлөлүк кем-карчка карабасаң,
аталык милдетиңди актабасаң.
Балаңа тилиң өтпөйт, кадырың жок,
«Эркек» деген атыңды сактабасаң.

Турмушуң ат араба кыйчылдаган,
балдарың тамак-ашка туйтунбаган.

Окшойсуң кырчаңгы атка, өлөсөлүү,
арабаны тартпастан кыйшаңдаган.

Жасаган жарытылуу жумушуң жок,
күндө майрам аш-тойдо көңүлүң ток.
Кантип сенин аш өтөт тамагыңдан,
бала-чакаң олтурса нан-чайы жок.

Элиңдин жашоосуна суктанбасаң,
эл катары турмушка ыктабасаң.
Кайталанбас бул өмүр эки жолу,
өтөбү, ушул бойдон из калбастан?

## ...ДАГЫ БИРӨӨГӨ

Өз элиңдин көп-көп алсаң батасын,
узак болоор бул жашоодо сапарың.
Жалаң гана жакшылыктар буюруп,
арбайлары колдоп ата-бабаңдын.

Жакшылыктан чыга берет атагың,
соопчулук иштер болсо жасарың.
Өнүп-өсүп урпактарың артыңдан,
бул жалганда көбөйүшөт катарың.

Капа болсо жазып достун капасын,
Байкамаксан болуп кээ бир катасын.
Досчулуктун шертин бекем кармасаң,
Өмүр бою даамын бирге татасың.





Болорсуң сен өз элиңдин төрүндө,
алкоо сөзү айтылып сен жөнүндө.
Жакшылыкта дайым атап атыңды,
элиң сактайт чыгарбастан көңүлдө.

## АЙЛАНАЙЫН ТАЛААМДАН

Ош шаарыма назар салып бийиктен,
Тоо башынан көз жибердим азыраак.
Бир тараптан жазгы шамал желписе,
Кууруп барат төбөдөн күн «табы жаап».

Агын суудай көчө толгон машина,
Тыным билбей туш тарапка агылат.
Жол чырагы жанса кызыл-жашылы,
Бирде токтоп, бирде түтүн сапырат.

Шаардын эли кадим көнгөн сыяктуу,
Ызы-чууга, каптап жаткан түтүнгө.
Жуткан абам, жеген кытай тамагым,
«Өлүп кет» - деп, келген өңдүү бүтүмгө.

Карап туруп бир пикирге токтодум,
Качсамбы - деп ызы-чуулуу калаадан?
Айланасын бийик тоолор курчаган,
Айланайын көнгөн асыл талаамдан.

## АЛДАНБА ЭЛИМ ШАЙЛООДО

Айылда бирден-экиден,
жүрүшөт акмак эсирген.
Эртеңин сатып элинин,
ынсабы ашкан чегинен.

Аксакал болуп өзүнчө,
калыстык болбой сөзүндө.
Арамга тоюп шайлоодо,
аксынат элдин көзүнчө.

Башташты мактап «пулдуусун»,
паспортту жыйып күнү-түн.
Ыйманын сатып миң сомго,
акылын айтпай туурунун.

Ыймансыз эки-үч аял бар,
ушак сөз жайып таратар.
Мыйзамды бузуп ар жолу,
курулай тузун жалатар.

Ар жолу шайлоо маалында,
«пулдууну» жандап жанында.
Добушун алып берем - деп,
акчасын алат дайыма.

Шайлоолордо көп өткөн,
шумпайлар элди жүдөткөн.
Алданбай элим шайлап ал,
татыктуу уулду жүрөктөн.





## ЖАЙЛООДО ЖАЗ

Жайлоого сулуу жаз келди,
Жандууну жалпы кубанткан.
Жандуу-жансыз жанданып,
Жашоосун баштан уланткан.

Жаркыган күндүн желеси,
Жогорку ак зоо тараптан.
Жазымдын жасап белгисин,
Жыл сайын көчкү кулаткан.

Жылжылдап агып мүрөк суу,
Жылгада тунук булактан.
Жаныңа жагым күү чалат,
Жымжыртта кокту тараптан.

Жашынган жерден башбагып,
Жаш көчөт карга көмүлгөн.
Жапжашыл ачып жалбырак,
Жаркырап күнгө өбүлгөн.

Жашыл чер арча токою,
Жайкалып көздү кубанткан.
Жашынып токой ичинде,
Жаныбар жашоо уланткан.

Жыпар жел согуп таптаза,
Жайлоонун жайык төрүнөн.
Жазылат жарпың, магдырап,
Жайык бет түрдүү чөбүнөн.

## ЖАЗАМЫН...

Көксөө канбай жазылган ырларыма,
толбогондой окурман сындарына.
Далбас урам жазууга сөздү таппай,
бугуп жаткан орошон сырларыма.

Жазамын өз элимдин кыргыз өңүн,
бабалар калтырышкан накыл сөзүн.
Жаратканым бейишин белек кылган,
башкада жок ажайып жердин көркүн.

Жазамын асылзаада адам баркын,
турпаты көңдөй эмес жалаң алтын.
Алтын башын баталга күтсө дагы,
сактап калган адамдык ыйык атын.

Жазамын оош-кыйыш заманымды,
залакасы элге тийген жаманымды.
Тузуң татып, кайрадан түкүрүшкөн,
оор күндө сатып кеткен адамынды.

Жазамын элди кыйнап жатканыңды,
эл акысын четке уурдап качканыңды.
Канчаларың жүргөнүң ичтен ирип,
жашыра албай арамдан тапканыңды.

Жазамын алыс-жакын туугандарды,
насип буйруп көчөлөш тургандарды.
Маселеде бир чечимге келе албай,
бирин-бири жакалап буугандарды.





Жазамын ботко сындуу адамыңды,
булгаган «эркек» деген катарыңды.
Майдалана каптагы таруу сымал,
үйдө эркек, сыртта аял адамыңды.

Жазамын, ууру-кески жаманыңды,
зөөкүрлөр, эл булгаган арамыңды.
Артыңдан ушак айта, табалашып,
аңдыган ар бир баскан кадамыңды.

Жазамын шылуун жана куйтуларды,
денесин «акчалаган» сойкуларды.
Жан сакташып бирөөнүн эсебинен,
арамдыктан байышып туйтунганды.

Жазамын тарбиясыз балдарыңды,
бузуп-жара, эл бузган чалдарыңды.
Билимсиз молдокелер көбөйүшүп,
бир көчөнү беш бөлгөн «баяныңды».

Жазамын кээ бир акын сапатыңды,
ыр эмес, «пырлар» жазган адатыңды.
Бир эмес үч-төрт китеп чыгарсаң да,
кандырбас окурмандык талабыңды.

## КӨПӨЛӨК

*(Тамсил)*

Тандай-тандай эчендеген гүл өңүн,
Ай көпөлөк! Дуулап өмүр сүрөсүң.
Ажыратпай агын-көгүн, кызылын,
кызыгы жок кайда конуп түнөрүң?

Оңго-солго сунуп байкуш жүрөгүң,
болсо-болду бүгүнкү күн чүрөгүң.
Сени деген ишеничке балта уруп,
өткөрөсүң зуулап күндүк өмүрүң.

Ой көпөлөк! Эсиңди жый эртерээк,
булгай бербе ар гүлдөрдү тебелеп.
Эртең эле карылык бар алдыңда,
бир күн калат таяк сени жетелеп.

Алганың соң бермеги бар өмүрдө,
Качсаң дагы кутултурбас кез келет.
Эсиңди таап, этегиңди жыйгының,
Базарыңдын кызуусунда эртерээк.

Өмүрүңдүн күзү түгөйт жыргалың,
изи калбай ойноп-күлүп жүргөнүң.
Жүрөк муздап, түнөк таппай жатарга,
ыйлар коштоп өтө баштайт өмүрүң.





## СУЛАЙМАН ТОО ЖЕЛИ ЖЕЛПИП

Олтурамын өткөн кезди ойго салып,
Ош калаама бийиктен көз жиберип.
Сулайман Тоо башында турсам дале,
ойлорум кайкып учат тоону жээрип.

Кыялымда кыдырам шаар көчөсүн,
студенттик күндөрүмө кайтып келип.
Турмушума жолдонмо-билим алган,
азаптын эчендеген күүсүн чертип.

Жашадык ар батирде бала күтүп,
барга-жокко чыдадык эптеп түтүп.
Жаратканым бактыма кошуп берди,
жатканда үч баламды окуум бүтүп.

Элүү жылдык өткөнгө көз жиберип,
сакалды Сулайман Тоо жели желпип.
Көз артамын суктанып жаштыгыма,
кыялым жандап учкан булут ээрчип...

## ЫРГЫТЫП САЛ САНААҢДЫ

Көр оокатка көп чуркатып адамды,
мезгил табып айыктырар жараңды.
Өмүр кымбат, өмүр бийик баарынан,
ыргытып сал майда-барат санааңды.

Билсең дагы эмне зарыл, керегин,
үй бүлөңдө кандай орун ээлериң.

Жаман санаа булкса дагы жүрөктү,
ойлоп жаша эртеңки күн келээрин.

Арзыбаган тоскоол чыкса жолуңда,
нелер келип, нелер түнөйт оюңда?
Көр оокатың өтүп жүргөн, дагы өтөт,
кайрат кылсаң утук сенин колуңда.

## КЫЗЫК БОЛДУ

Байланышып айласыздан турмушка,
жашап жатам ортосунда калаанын.
Баарлашып сүйлөшүүгө теңтуш жок,
бугум чыкпай кызык болду абалым.

Кирип-чыккан кошунадан салам жок.
көздөн учту айылдагы дос-жарым.
Кызык тура шаардыктын эл-журту,
«Кандайсыз?» -деп, айтышпаган саламын.

Айылдык эл кабыл алып саламың,
сурап турат кирсең-чыксаң абалың.
Эбиреген жаш балдар да туш чыкса,
үйрөнсүн деп күндө айтам саламым.

Ой кошуна! Жок дегенде салам бер,
атаң сындуу ак сакалдуу кишиге.
Колдон келсе беш-он мүнөт көөнүн ал,
от кетпестир сенин зарыл ишиңе.





## ЭХ ЖАЗ ТАҢЫ

Эрте турдум үрүл-бүрүл ак таңда,
уйкум кана али жарык чачпастан.
Пендеден да ушуларга зарылбы?
ала канат чуулайт үнүн баспастан.

Эх жаз таңы! Бир өзүнчө керемет,
ой-кыялдар алда кайда жетелеп.
Мындан туура элүү жылга илгери,
баргым келди али эстен кете элек.

Өмүрүмдүн элүү жылы чуурулуп,
кыялымда азыр кайтып барамын.
Сен экөөбүз ак сүйүүнү арнашкан,
ошондогу жазгы таңды табамын.

Жээгинде Кыргыз-Ата дайранын,
мен боз улан, сен али жаш секелек.
Сүрдөсөк да «сүйөм» - деген сөзү жок,
өптүргөнүң дале эстен кете элек.

Мен ыраазы ошол жаздын күнүнө,
өмүрлүк жар сени тапкан күнүмө.
Барар элем чарчабастан он ирет,
ошол жазым кайра-кайтса күнүгө.

## КЫЙКЫРЫП ОБОН САЛАРМЫН

Жылмая жаркып жаз келди,
ызгаарлуу кышты узаткан.
Жылуулук каптап жеримди,
жандууну тегиз кубанткан.

Тоолордо турат төгүлүп,
күн нуру көчкү кулаткан.
Ысыгы шаштын кетирип,
мөңгүсүн төмөн ураткан.

Жылжылдап эрип аска бет,
суу агып мөлтүр булактан.
Топтолуп келип миң булак,
күрпүлдөк дайра курашкан.

Жергемди эстеп сагынам,
Кара-Кой тоонун абасын.
Коюнун ачып жыргаткан,
эс алган элдин баласын.

Шаштырса дале карылык,
буюрса быйыл барармын.
Жаңыртып аска-зооңду,
кыйкырып обон салармын.





## СЫН АЙТАМЫН

Тойлор бар жаш-карыны жанаштырган,
жат элди дос-тууган деп табыштырган.
Дежур калпак, калыңдыгы конверттин,
ар кимдин жакындыгын салыштырган.

Тойлор бар тост кезегин талаштырган,
эл көзүнчө мактанууну саматтырган.
Тартылган жамбаш, уча, сарпай баасы,
куда-сөөктү ит сыңар кабыштырган.

Тойлор бар карыларын талтаңдатып,
этек жеңсиз кыз менен алчаңдашып.
Сыйлабай кыргызымдын салт-санаасын,
чийден чыгып ашыкча жалжаңдашкан.

Тойлор бар музыкасы «даңгыр-дүңгүр» ,
тунуп бүтөт делдейген кулак кургур.
Тамадасы салтка жат оюн баштайт,
маймыл сыңар цирктёги бетиң күйгүр.

Тойлор бар ата салтын элебеген,
кайната келин менен бир бийлеген.
«Горьколоп» мас болушуп күйөө жолдош,
чуу салып орусчалап, жат тил менен.

Тойлорго катышкамын эчен курдай,
максаты эптеп эле байлык жыймай.
Ар үстөлдө сый тамак ар түрдүүчө,
бечара сыртта калган залга сыйбай.

Тойлор бар салып жүргөн санаага,
ызы чуулуу кай тарабың караба.
Жыл өтпөстөн ажырашып эки жаш,
айып болуп жыйган дүйнөң талаага.

Сын айтамын акын катар тил барда,
элим жашайт качан жетип жыргалга.
Этек-башты жыйбайлыбы калайык,
туш тараптан жат эл таба кылганда.

## ТҮШКӨ КИРДИҢ АЛЫКУЛ

Учурашпай күлгүн жашта курагым,
быркыратып ташты чайнар убагым.
Алп Алыкул түшкө кирдиң кечирээк,
Табы кайтып баштаган соң чырагым.

Тургандайсың эстелигиң томсоруп,
кыш ызгаарда зыяраттар токтолуп.
Ысык-Көлүң - жан шеригиң өмүрлүк,
көл жээгинде сага эркелеп шоктонуп.

Түн уйкуда жазам кээ бир ырларым,
уйку-соодо кезип ойдун кырларын.
Ойгонгон соң ыр мааниси калса да,
он толгонуп эстей албайм саптарын.

Шүгүр айтып барга топук кыламын,
бирок тилейм өмүр күздүн узагын.
Шашыламын эргүү күтүп күнү-түн,
калтырсам - деп, урпактарга ырларым.





## НАМАЗДАГЫ ТИЛЕГИМ

Намаздыгер, үрүл-бүрүл ак таңда,
кыялдарым алып учуп капкайда.
Адатым бар көз жаш кылып суранар,
намаз бүтүп бата тилеп жатканда.

Оо Жараткан! Бергениңе шүгүр - деп,
өз элиме бейпил заман бергин - деп.
Эл пейилин оңдой көргүн оң жакка,
урпактарда кенен болсун келечек.

Заман жакшы дайым болом ыраазы,
адашкандар түшүнө албай наразы.
Пейли кетип көр дүйнөгө кул болуп,
ойду-тоону чалып сүйлөйт бир азы.

Шумпай чыкты бечараны алдаган,
энелер көп буюртмага каргаган.
Эл шайлаган депутаттар жок эмес,
зөөкүрлөрдү шайлоо учур жалдаган.

Ким ойлоптур өткөн заман оболу,
ичкен суунун колдо сатык болору.
Ажаткана толуп калды кокуй - деп,
жеңил-оорго жыйырма сом согору.

Жалкоо жүрсө бала-чака бага албай,
көпөс жүрөт уурулугунката албай.
Пенделер бар иттер өлгөн ичинде,
бут тосушуп ийгилигиң көрө албай.

Көздү ачкын! Оо көр пенде, карачы,
Жаратканды кыла бербей наaразы.
Иштей алсаң иш да толо, оокат көп,
кемтигибиз биздин дилдин карасы.

**БИР «ПУЛДУК»**

Пендезаттын маңдайына жазылган,
күрөшү жок өмүр такыр кызыксыз.
Өлсөң бүтөт, баары калат артыңда,
узаган соң жатар жайга жылчыксыз.

Кылмыш кылсаң адам атка татыксыз,
күнөөлөрүң калбашы чын жазыксыз.
Чын дүйнөдө кабырларың чок болсо,
бул жалганда жатар жериң түрмө, сыз.

Жаман аттуу болсоң эгер жашыңдан,
жайы жок да ушак сөздөн жашырган.
Эки дүйнөң ээрчип жүрөт калбастан,
өлсөң дагы бирге барып артыңдан.

Жакшы-жаман иш өтсө да башыңдан,
башты көтөр, пенде болбой басынган.
Ак ийилген, бирок сынып кала элек,
сабыр кылсаң кутуларсың касыңдан.

Шыпаасы жок, илдет жыкса асылган,
бул жамандыр эки аяктуу касыңдан.
Бала-чакаң, мал-дүнүйөң бир «пулдук»,
майнабы жок көлдөгөн көз жашынан.





**КОЙ КӨҢҮЛҮМ, ЧӨКПӨГҮН**

Ашкан кезде өмүр белесин,
насип этти ырдын желесин.
«Пегасымды» минип, камчылап,
ырга салам жаштык элесин.

Ыр болбосо байкуш болмокмун,
карылыкты кантип жоймокмун?
Урунаарга жоосу жок сыңар,
эриккенден куурап соолмокмун.

Ыр дүйнөгө күндө табынып,
эргүүлөрдү күтөм, сагынып.
Ырларымда кээде чыйралам,
«Күйдүм чокту» жазып, жалынып.

Кой көңүлүм, такыр чөкпөгүн!
Кайтпас болуп кетти өткөнүң.
Жаш өткөндө «Пегас» миндим - деп,
кээ бириндей айнып, көппөгүн!

Бир өткөрүп жаштык жылдарды,
бирге көрдүк түркүн кырдаалды.
Байбичемдин актап мээнетин,
бир көрөйлү чогуу жыргалды.

## ЮСУФ ТИРҮҮ

*(Өзбек эл акыны Мухаммад Юсуфтун 70 жылдыгына карата)*

«Коончулардын» айылында төрөлүп,
Дыйкан Баба мээримине бөлөнүп.
Бай теректей көкөлөгөн бой тиреп,
Ташкентимдей чоң калаада көгөрүп.

Эки жылы «Китеп коомун» жетектеп,
эл-журт үчүн эң зарылы китеп - деп.
Алты жылдай ак кызматын өтөгөн,
«Ак шамына» чоң кабарчы керек - деп.

Жаштайынан эркиндикти жактаган,
эли-жерин, өз Мекенин мактаган.
Айбыкпастан катаал бийлик сынынан,
акындыктын ыйык салтын сактаган.

Юсуф үчүн ырлар болуп Мекени,
ар бир ыры жүрөктөргө жеткени.
Ага «Таныш теректери» аркылуу,
жаштык кези белес ашып кеткени.

Барган сайын бийик учуп канаты,
оргуштаган ырга болгон таланты.
«Гафур Гулям эл басмасын» жетектеп,
өнүктүргөн Кудай берген талантты.

Таанытууга «Өзбек үнүн» дүйнөгө,
жан үрөгөн күнү-түнү куймөнө.





Ак кызматын Мекен үчүн арнаган,
«Таффакурда» эмгектенип жүргөндө.

Ариповго, Вахидовко туш келип,
бул залкарлар Юсуповго дем берип.
Тарбиялык зор таасирин тийгизген,
жаш акындын талантына таң берип.

Эли сыйлап ак мээнетин Юсуфтун,
«Олий Мажлис» элдик заман курушун.
Депутаттык ишенимин беришкен,
элдин уулу эл тарапта турушун.

Ыр аркылуу Мекен менен сырдашып,
«Ук булбул» - деп, сүйүү ырын ырдашып.
Жүрөгүнүн түпкүрүнөн жай тапкан,
окурмандар маани бере, тыңдашып.

Өтүнүчүн ыр аркылуу сиңдирип,
жандан артык сүйгөндүгүн билдирип.
«Узбек доппу» кайда житип кетти - деп,
улутуна сынын айткан күйдүрүп.

«Уйкудагы кызы» аркылуу аярлап,
тарбиялык маани-маңыз баяндап.
Улутунун нарктуу салтын-санаасын,
бир четинен санап берген даярдап.

«Бешик ырын Халима апа» ырдатып,
окурманды тарбиялап тыңдатып.
Бийик коюп энелердин мээримин.
ачып берген эне жүзүн нурдантып.

Минип алып «Сүйүүлөрдүн кемесин»,
үзө албастан махабаттын желесин.
Баян кылып ыйыктыгын сүйүүнүн,
тарбиялап жаштарымдын эчесин.

Ыр жыйнакта суроо берип өзүнө,
окурманды буруп ушул сөзүнө.
«Кыялданып кимди» азыр жатам - деп,
мажбурлаган ойлонууну көбүнө.

«Назик жейрен» ыр жыйнагы-мыктысы,
салыштырсаң утуш алып чыкчуусу.
Окуп чыксаң чоң ырахат аласың,
кана турган ыр ышкыңдын кычуусу.

Олуядай акын айткан кызык кеп,
«Асманыма сени алып кетем» - деп.
Сезген сымал учаар жанын асманга,
байкуш Юсуф өлөрлүгүн кайгы жеп.

Эл эсинде дайым жашайт ырлары,
чөлү, тоосу, токой менен кырлары.
Аз болсо да саз жашаган эли үчүн,
Юсуф тирүү дагы жүздөп жылдары.

*Эскертме:*

Мухаммад Юсуфтун ыр жыйнактарынын аты кыргызчаланды;

1) «Знакомые тополя» - «Тааныш теректер»,
2) «Слушай соловей» - «Ук булбул»,
3) «Убедительная просьба» - «Өтүнүч»,





4) «Спящая девушка» - «Уйкудагы кыз»,
5) «Колыбельные матушки Халимы» - «Халима апанын бешик ырлары»,
6) «Корабль любви» - «Сүйүү кемеси»,
7) «О ком мечтал» - «Кимди кыялдандым»,
8) «Ласковая газель» - «Назик жейрен»,
9) «Заберу на своё небо» - «Асманыма алып кетемин»

## «ОШУМДУН КАЙРЫКТАРЫ»

Алгалай бер «Ошумдун кайрыктары»,
кыргызымдын көөнөргүс байлыктары.
Келечекте ой-максаттар аткарылып,
изиң калсын жүз жылдап тарыхтагы.

Аман болсун Ошумдун эли-журту,
«Ош кайрыгы» элимди сүрөп турчу.
Жаңы заман желегин желбиретип,
ырга салып көп кылым өмүр сүрчү.

*Кайырма:*

Көбөйүшүп «Ош кайрыктын» катарлары,
кылым ашып, узак болсун сапарлары.
Сулайман-Тоо, Ак-Буурам колдоп турсун,
кабыл болуп ыйыктардын баталары.

## БЫЙЫЛКЫ ЖАЗ

Карап коём ар күн эрте асманды,
кара булут самсып келе жатканды.
Он-он беш күн, али көрө элекмин,
сагынгандай ачык-тунук асманды.

Ачылбастан булут баскан кабагы,
асман эмне, капаланып жатабы?
Дүнүйөнүн чар тарабын суу каптап,
Жараткандан эскертүүбү? Жазабы?

Кээ биринде эгин турат эгилбей,
жүгөрү же буудайлары себилбей.
Жайлоодогу күн суугу көп чыгым,
арык-торук малы өлүп, семирбей.

Алма-өрүктөр дагы турат чаңдашпай,
гүлүн төгүп жаткандыгын аңдашпай.
Кыңылдаган чымын-аары такыр жок,
гүлдү искеп бири-бирин жандашпай.

## КАРА-КУЛЖАМ

*(Обону Ж.Чокмоевдики)*

Күүгө салган Рыспайдай асылдар,
Кара-Кулжам ырыска бай затың бар.
Исирадин, Жеңишбекти өстүргөн.
ак калпакчан асызаада калкың бар.





Берген экен сулуулукту ченебей,
тоолоруma күмүш нурун себелей.
Ак мөңгүлүү аскаларым жаркырайт,
Жаратканым тартуу кылган зериндей.

*Кайырма:*

Ыйык жер жок Кара-Кулжа жеримдей,
нарктуу эл жок Кара-Кулжа элимдей.
Алгалай бер кылымдарды карытып,
Алайкуумдун аскасындай кебелбей.
(Капчыгайдын аскасындай кебелбей,
ак мөңгүлүү Кескен-Таштай кебелбей).

## КАРЫЛЫК

Карылык – өмүрдөгү бар тоскоолдук,
моюн сунсаң көңүлгө бүлүк салган.
Жеңилгендер алдына кол куушуруп,
башын коюп жаздыкка жатып алган.

Кайтарымын өмүрдөн алам десең,
карылыкка моюнуңдан жетелетпе.
Өмүр - күрөш, өмүр - үмүт токтолбос,
Жай тапканча түбөлүк акыретте.

Карылык – акыл-эстин толгон кези,
Калчап-экчеп, ойлончуу өткөн күндү.
Жаш кездеги мээнеттен кайтып үзүр,
сый-урматтап узатчуу өмүр күздү.

Карылык – эрктүүлөргө ченем эмес,
келечекке бар күчүн жумшай алган.

Кээ бирчилеп эртеңден үмүт кылбай,
кокуйлап чоң кайгыга батып алган.

Дагы бир жыл, берсе онду жашармын,
балким дагы жыйырманы ашармын.
Бирок сезем, көз өткөн соң эскерип,
«Жакшы адам» - деп эл эсинде каларым.

## АСЫЛ АДАМЫМ

*(Обонго сунуш)*

Жандай көргөн асыл адамым,
жактырамын айдай жамалың.
Жаш баладай күтөм кайра эле,
Жандап баспай калса караанын.

Көңүлүм ток өзүң барында,
Көйгөйүм жок болсоң жанымда.
Көзүң менен бирге айланам,
көөдөнүмдө демим барында.

Бирге чечип жашоо сырларын,
Бирге татып өмүр жыргалын.
Бир өзүң - деп, жашап бул өмүр,
Бир өзүңө арнайм ырларым.

*Кайырма:*

Жанып турган жарык айдайым,
Жалгыз сени сүйүп, жандайын.
Бир берилген таттуу өмүрдө,
Бир бололу жаным ардагым.



















PUMA



























## ААЛАМ ӨЗҮ ТАБЫШМАК

Туштугумдө бүчүр байлап бак-дарак,
тоо этектеп келди жаздын көктөмү.
Талаа-түзгө мүрөк суусун, себелеп
тээ батыштан булут жылып көктөгү.

Зарыгабыз күтүп жаздын келишин,
кубандырып айлананын көктөмү.
Жаз да өтөт, жайы-күзүн күтөбүз,
сезилбестен кымбат өмүр өткөнү.

Жаратылыш мыйзамына баш ийип,
жыл мезгилдин арабасы кылдырап.
Өз нугунда жандуу-жансыз ааламды,
жаңы заман, жаңы түргө жылдырат.

Кыяматка жеткичекти чече алгыс,
ойлоп көрсөң аалам өзү табышмак.
Жаратканым жасагандай атайлап,
адамзаты издесин - деп, жандырмак.

## КЛАССТАШ КЫЗДАРЫМА

Өтөт тура жаштык курагың,
жалтанбаган оттой убагың.
Ийилсең да, бирок сынбастан,
кыйнаганда тагдыр сынагың.

Жолуктурам кээде аш-тойдон,
классташты бирге чоңойгон.

Бапайыша кемпир-чал болуп,
карылыкка азыр баш койгон.

Кезиндеги кыздар маралдай,
азыр калган күзгү каранбай.
Кээси кеткен такыр «кош айтып»,
айла жоктон шыпаа табылбай.

Кетпейсиңер кыздар эч ойдон,
бала кезден бирге чоңойгон.
Элесимде дайым жашайсың,
ошондогу сулуу кыз бойдон.

## ТУҢГУЮК

Жараткан берген сапарың,
ойлонуп баскын кадамың.
Калтырган ишиң аркылуу,
тарыхтан ордуң табарың.

Ыймандын тилеп тазасын,
байлыкка койбо кадамың.
Көр дүйнөң түбү туңгуюк,
эчендер тарткан азабын.

Жетпеген эч ким түбүнө,
түн уйку качып чакчайып.
Басырык басып түшүндө,
шайтаны байлык талашып.





Напсиңдин билип ченемин,
Иштеп тап зарыл керегин.
«Ач көздүк» деген ооруну,
Жуктуруп алба дегеним.

Адал жол болсун басарың,
амалдын тартпай азабын.
Элимдин акын жегендер,
алышып жатат жазасын.

Билесиң дүйнө жалганын,
өкүттө көптөр калганын.
Караңгы тордун артында,
бармагын тиштеп жатканын.

Ыр болсун дайым жазарың,
ой болсун талбай казарың.
Көр дүйнө менен өлчөнбөс,
жүз жылдап атың каларың.

## ЖАКШЫ ЖАРДЫН БЕЛГИСИ

Үй бүлөңдүн бактысы,
сүйүп алган жарыңда.
Бала-чакаң бактылуу,
жарың үйдө барында.

Жакшы жардын белгиси,
дайым көрүп камылга.
Жакшы жагын чыгарып,
жөлөк болот жарына.

Дос-душманың алдында,
кебиң дайым эп болот.
Дасторконуң кеңдиги,
узун жомок кеп болот.

Ишиң дайым жүрүшөт,
сыртта жүрсөң көңүл ток.
Оюң эки бөлүнбөйт,
үй бүлөдөн санааң жок.

## САТПАГЫН КЫРГЫЗ ДИЛИҢДИ

Орусияда жүргөнсүп,
орустун каны сиңгенсип.
Туулганыңда ооздантып,
чочконун майын сүргөнсүп.

Бишкегимде деги эле,
кыргызым калбай калганбы?
Эне тилин унуттуруп,
сыйкырлап бирөө салганбы?

Тил үчүн жанын үрөшүп,
жатабыз күн-түн күрөшүп.
Дөгөрсүп кээ бир арапкул,
жатасың элди жүдөтүп.

Улутуңдан не пайда,
тилди сатып ийген соң?
Самтырап дамбал кийинип,
арапча кийим кийген соң?





Сактагын кыргыз тилиңди,
аздекте салттык кийимди!
Арапкул менен оруска,
сатпагын кыргыз дилиңди!

## САГЫНДЫМ ОШОЛ КҮНДӨРДҮ

Жайлоодо эски боз үйдөн,
түтүнү турчу чубуруп.
Мезгили менен бышылган,
сабаадан дабыш угулуп.

Базарлык кылып артынып,
жайлоого зарыл сатылып.
Өрлүктөп кээде барчуубуз,
жат үйдөн калбай тартынып.

Эскиден калган улуу салт,
жолоочу жолу тосулуп.
Элечек кийген жеңенин,
кымызы турчу сунулуп.

Кымызын аёо коноктон,
болбогон кыргыз салтында.
Уяттуу өтө иш болгон,
насак сөз калып калкымда.

Аны эстөөмдүн себеби,
өзгөрдү салттын ченеми.
Аталар салтын кайтарып,
өткөнгө кыргыз келеби?

Актыктын баары сатылуу,
ченеми менен катылуу.
Саламды айтып кирүүгө,
конокто жоктур батынуу.

Сагындым ошол күндөрдү,
ак-кымыз уулап жүргөндү.
«Ой, конок! Атты бери бур!
Кымыз ич!» - деген үндөрдү.

## БАБАЛАРЫМ КЕП АЙТКАН

Калыгулдай бабаларым кеп айткан,
урпактарым сак болгула - деп айткан.
Кара туман каптап келип бир учур,
улут сыңар жоголосуң - деп айткан.

Урпактардын келечегин ойлонбой,
болбой барат ата салтын жоктомой.
Арап менен батышчылга жүгүнүп,
чоң-кичүүсү кулдук урат токтобой.

Сызга жатып, сазга батып, барабыз,
ким айыптуу, кимге догуң артабыз,
Ой, кыргызым, келечегиң ойлонгун,
элүү жылда кимдин көзүн карайбыз?

Ээрчимелик болгон эмес кыргызда,
азыркы күн көп учурайт турмушта.
Калыгулдай мекенчилдер чыгаттыр,
кыргызымды түп көтөрүп кыдырса.





## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР СЕБЕЛЕП

Майдаланып жазгы жамгыр себелеп,
бадам гүлдөп Ош калаама көрк берет.
Жашылдана Сулайман-Тоо суйкайып,
жүрөк толкуйт эргүү келип керемет.

Таң эртеңден кыймыл кирип багыма,
Түркүн куштар сайрап дарак шагында.
Кыш өткөнчө үн чыгарбай жатышкан,
Жаз көктөмүн күтүшкөндөй сагына.

Оштун үстү күздүк сепкен адырда,
ным жүгүрүп эгин дени-жанына.
Капталына ак торбосун байланып,
дыйкан жүрөт азык чачып данына.

Жаздын күнү жаш баладай эси жок,
Бир күн жааса, а кээ күнү деги жок.
Шаар калкы күн бүркөлсө бейкапар,
мөндүр жаайбы же нөшөрбү, иши жок.

## АЗ ЭКЕН

Жараткан берген өмүрдө,
ак жашап, иштеп күнү-түн.
Ак калпак кыргыз элимде,
билбеймин канча үлүшүм?

Барды-жокту сезбеген,
жигиттик курак жаз экен.

Акылга салып экчесем,
пайдалуу ишим аз экен.

Жашаган көптү көргөнү,
болбогон эле сөз экен.
Жетимиштен ашкан соң,
соолугуң сормо саз экен.

Жүз жашты көксөп эңсеген,
өмүргө тойбос пенде экен.
Аз жашап көптү калтырган,
акылман, зирек чанда экен.

## КАРА КОЙ ЖАЗЫ АЖАЙЫП

Кара-Кой жазы ажайып,
мөңгүсү күнгө нурданып,
Элжиреп аккан тамчыдан,
мүрөктөй дайра куралып.

Зоолору булут курчанып,
өркөчтөп тоосу буралып.
Арчалуу жашыл токою,
шамалга турат ыргалып.

Дайрадан шоокум уланып,
жаңырып шаңдуу үн алып.
Жагымдуу сонун оркестр,
угулат күн-түн күү чалып.





Миң булак суусу куралып,
дайрадан дайра уланып.
Өрөөндө Кыргыз-Атаны,
кылымдап келет сугарып.

## КӨЛДӨГҮ ТҮН

Күн да батты, күүгүм тартып айлана,
түн койнуна көлдүн жээги байлана.
Бирок элдин ызы-чуусу басылбайт,
орун издеп бий аянтка жайлана.

Опур-топур, жасанышкан баарысы,
жашы да бар, араң баскан карысы.
Кечке көлдө чарчагандан ныпым жок,
таң калтырат, бийлеп таскак салышы.

Чимирилип бий аянтын талашып,
жигит кызга, кыз жигитке жарашып.
Жашы өтүп калгандары чекелейт,
айласыздан суктаныша карашып.

## КӨЛДӨГҮ ТАҢ

Тоо башынан чыгып-чыкпай күн нуру,
таң агарып, жарыктанып чар тарап.
Көл жээгинде тосуу үчүн ак таңды,
элдин баары көлгө жөнөйт самсаалап.

Чүй, Баткеним, Жалал-Абад, Нарындан,
бирок чыны, Оштуктар көп баарынан.

Эркек-аял, бала-чака, ызы-чуу,
тосуп алат көлүм Кызыр даарыган.

Чечинген соң шаша-буша чоң-кичүү,
«Охохолоп» бутун салып көрүшүп.
Ичиркенип бир аз даабай турган соң,
бой ташташат, көлүм менен өбүшүп.

## ӨМҮРҮМ

*(Поэма)*

Өткөрүп жылдар эченин,
байкаган эмес экенмин.
Баалап жатам жаш өтүп,
бул өмүр жалгыз экенин.

Өмүрдүн татып таттуусун,
кээ учур көрдүм ачуусун.
Дарыя болуп кээде аккам,
аңдабай агым катуусун.

Ооматым келип турганда,
Кудайым жалгап сунганда.
Дос-тууган арбын көбөйүп,
болбодум эч бир арманда.

Мал-дүйнө таптым эсепсиз,
Болбогон күнүм «кечесиз».
«Чоңдоруң» тосуп алуучу,
Көпчүлүк сыңар кезексиз.





Карабай курч кез алыма,
байкабай торго чалына.
Кыйын күндөр али эсте,
азабы баткан жаныма.

Ашык дүйнө, мал таптым,
көтөрүп оорун дос-жардын.
Котур ташын жашырган,
көрө албаган кас бактым.

Жок эле жалаа жабылып,
айып жок күнөө тагылып.
Барбаган жерим калбады,
ит-кушка чуркап жалынып.

Ыдырап Союз кеткени,
жайылды илдет эпкини.
Алкымы бузук соттордон,
аябай жедим тепкини.

Ошол кез бутум жооруду,
жамандык калпыс торуду.
Жарык күн болуп караңгы,
дос-жарга көңүл ооруду.

Болбоду ал кез көңүл ток,
кечээги тааныш бүгүн жок.
Чын дилден көңүл ооруду,
көз жашсыз өткөн күнүм жок.

Айланам иттер абалай,
тапканым кылды таламай.

Сот, прокурору тоноду,
«адам» - деп мени санабай.

Аябай көрдүм кордукту,
паракор соттон зордукчу.
Сен үчүн Кудай менмин - деп,
тергөөчү, соту оолукту.

Бороон-чапкын кар болду,
кең дүйнө мага тар болду.
Көңүлүм байкуш бошошуп,
жакшы сөзгө зар болду.

Көз жашым акты салаалап,
душманым турду табаалап.
Акыйкат «пулга» алмашса,
абалың кимдер карамак?

Козголгон ишим акталды,
мыйзамдык чекте такталды.
Канткени менен жүрөктө,
жуусаң да кеткис так калды.

Ушинтип жүрүп такшалдым,
капчыгым бошоп какталдым.
Пайдасы бирок көп болду,
курчудум, кайра тапталдым.

Турчумун ар күн эртелеп,
тыным жок кечке темселеп.
Аянбай жанды карч ургам,
мээнетим кайтып келсе - деп.





Башымды кээде кашыдым,
ооматым жүрбөй жашыдым.
Ак эмгектен тапканым,
ысырап кылбай ташыдым.

Үч жылда кайра оңолдум,
жүрүшүп ишим торолдум.
Чыгарып таштап көңүлдөн,
жамандык иштер болгонун.

Ак иштеп ишим оңолду,
азаптуу күндөр жоголду.
Ак мээнеттен тапканым,
көбөйдү болбой коромжу.

Никеме насип буюрган,
акылдуу жарга жөлөндүм.
Келин алып, кыз берип,
өзүмдөн өзүм көбөйдүм.

Жаман жолдон коорудум,
жакшылык ишке тоорудум.
Бапестеп бактым балдарды,
көрсөтпөй турмуш кордугун.

Балдардын тилеп бактысын,
көтөрдүм бийик тактысын.
Жашоонун жолун тааныттым,
иргектеп салып калпысын.

Атанын болгон тилеги,
жышааны жакшы илеби.

Тарбия туура берилсе,
перзенттер ата тиреги.

Атанын сөзү эп болот,
түшүнсө балаң төп болот.
Пайдасын көрүп турмушта,
жашоого шарты бек болот.

Жашоонун ыйык мыйзамы,
күч жоктур аны тыйганы.
Жакшы перзент өстүрсөң,
турмуштун ушул жыргалы.

Бутактуу бийик тал болдум,
кадырлуу «Баба» бай болдум.
Шактарым көктү тиреген,
бактылуу аталмай болдум.

Ынтымак бакыт ачкычы,
үйүңдүн бийик тактысы.
Өмүргө өмүр кошуучу,
ата-энеңдин бактысы.

Эзели кыргыз салтында,
жакшы сөз калсын артыңда.
Урпактар дайым эскерсин,
бейишиң тилеп калкыңда.





## БАЙБИЧЕМ – ӨМҮР ШЕРИГИМ

*(Тамашалуу ыр)*

Оо, Жараткан! Ырыскыңа шүгүр - деп,
жашап келем эл-журтумду аралап.
Аралашпай майда-барат иштерге,
ар күн кылам адашпоого далалат.

Сурап турам чарчабастан беш убак,
байбичемдин каш-кабагын чамалап.
Шүгүр айтып болом ичтен ыраазы,
оорубастан жүргөнүнө саламат.

Кээде болот казан-аяк кагышуу,
байбичемдин кабак-кашы салынуу.
Дасторконго пияласын «дүк» койсо,
ойго кетем, кылдым эмне жаңылуу?

Бакыт сунуп акыл-эстүү байбичем,
бар-жогума кылат дайым канаагат.
Мактап коём балдарыма байкатпай,
«Сага окшотуп мени кими бага алат?»

Дасторкону дайым кенен жайылуу,
ашым ысык, чайым даяр ичкенге.
Өксүгүм жок кийим аттуу немеден,
жакам таза алмаштырып чечкенге.

Сезилбей бир жашаган жарым кылым,
сыйды көрдүк байбичем - өмүр шерик.
Кудайым ырыскыдан кем койбоду,
бул өмүрдө бакыттын молун берип.

## ЖЕЗ ТЫРМАКТАР

Бүгүн көрсөң шаардагы кыздарды,
жомоктогу тири укмуш башталды.
Бишкек, Ошто учуратып каласың,
түрү суук, тырмагы жез жаштарды.

Алар жүрөт азгырыкка жол берип,
салт-санаасын кыргызымдын түк жерип.
Эркек-кызбы айырмалап билбейсиң,
кашы-бетин алышкандай бүт терип.

Кыргыз туруп орусчаны ышкыртат,
«бала чактан биз сүйлөгөн тил» - дешип.
«Бүгүн жырга, эртеңки күн кызыксыз,
наркотиктин кумарларын сүр!»- дешип.

Дагы бири жан алгычтай түрдөнүп,
бети-башын «чылк» карага чүмкөнүп.
Көбү жүрөт элдин башын айлантып,
«башка элдин кийиминде жүр!» - дешип.

## МЕЗГИЛ СЫНАЙТ

Узатып биргеликте канча жылдар,
сынбадык айтылса да эчен сындар.
Элүү жыл коюн-колтук бирге жашап,
сактап жүрөм жүрөккө ыйык тумар.

Бир жашап жетимишке таясак да,
өзүңдү эңсеп келем бүтпөй кумар.





Өмүрдүн күлгүн кезин узатсак да,
азгырат делебемди жытың жыпар.

Ташыркабай өмүрлүк татаал жолдо,
ар дайым бирге болдуң алым сурап.
Мунарын ак сүйүүнүн бирге курдук,
кыштарын этияттап бирден кынап.

Сүйүүнү дайым келет мезгил сынап,
жалганы жетпей калат жолдо урап.
Жаралган наристесин, жарын сүйүү,
урпактарга кала берет жолун улап.

## СӨЗҮҢ ӨКТӨМ, ЖҮЗҮҢ ЖАРЫК

Энчисин жаңы бийлик берип жатат,
бир мезгил элин уурдап ашынгандын.
Жеп-ичкен былыктары билинүүдө,
эл мүлкүн ар коңулга жашыргандын.

Ууру тургай туугандары жооп берип,
кусуп жатат алгандарын элди талап.
Билинип чектен ашкан ач көздүктөр,
«алтындан унитазды» жүргөн каалап.

Ак жүргүн, ушак сүйлөп, ууру кылбай,
жашайсың башкалардан артыгыраак.
Үйүң тынч, сөзүң өктөм, жүзүң жарык,
жебесең сен арам менен кошуп тамак.

## ИЧКИ ДИЛИН ТАЗАРТАТ

Жүгөн салса жүрөк оору башыңа,
арга жоктур андан алыс качууга.
Алың кетип айласыздан алсырап,
шыпаакана издейсиң тез жатууга.

Мезгилинде орун тийип жатсаң да,
ой-санаада болот капчык кемтиги.
Дабаагерлер ыкчам кабыл алышат,
болгон болсо бала-кызың «тетиги».

Маектешип бирге жаткан эл менен,
көздөн өтөт өткөн-кеткен өмүрүң.
Эстеп алып кыжалат бир ой келет,
калтырганың кай бирөөнүн көңүлүн.

Сыйынганың ак халатчан Кудайың,
эки көзүң шыпты карап жалдырап.
Айласыздан жакшы менен жаманды,
«тообалатып» ооруң эске салдырат.

Түшүнгөнгө Кудайымдын сыноосу,
соолук менен дилди кошо тазартат.
Моюндатып өткөн-кеткен күнөөнү,
кээ бирлердин ич дүйнөсүн агартат.





## «АКЫР ЗАМАН» ИЗДЕШИП

Үстүрттөн көз кырында тескеп турган,
моюндаймын Кудайдын улуулугун.
Шарт түзгөн күндү-айды кошо берип,
Колдоймун - деп, пенденин тирүүлүгүн.

Жарыгы бүт ааламга нурун чачып,
кааласаң жылытууга күнүң даяр.
Түнкүсүн сулуулугу таң калтырган,
каалгыйт жылдыз толгон айым аяр.

Чанып дайым адамзат ырыскысын,
Жер Энени таш-талкан кылышканга.
Пейли кетип жатканына өкүнөмүн,
байлык-бийлик талаша тытышканга.

Акыл-эси ашып-ташкан «интеллекттер»,
тескери ишке акылын пайдаланбай.
Жакшы иштерди адамзатка арнаса ээ,
«Акыр заман» издешип майдаланбай.

## ТИЛЕК КЫЛАМ

Бул жалганда алып турмуш сабагын,
көбүн көрдүм ар пейилдүү адамдын.
Жашоодогу айла-амалга карабай,
жазбай берчү ар күндөгү саламын.
Кичи пейил, улуу-кичүү бөлбөстөн,
Колдоп жүргөн көпчүлүктүн таламын.

Мен да бүгүн ошолордун биримин,
саламынан жазбай ички дилимин.
Теңелбестик кээ бир дили бузукка,
Деп билемин - «милдети го тирүүнүн».
Эскилерди оңдоп-түзөө кыйын го,
Тилеп келем муну жаштар билүүсүн.

Жамаат өзү тергеп-тескеп алаттыр,
Тескерини оңдоп жолго салаттыр.
Такыр эле элден чыккан бузуктар,
Эл-журтунун каргышына калаттыр.
Чын дүйнөнүн бар экени так болсо,
Жан кыйналчу тозогуна бараттыр.

## ДОСТОР АЗ ГО ЧЫНЫГЫ

Эгер айтсам чын дилдеги сырымды,
беш колуңдай достор аз го чыныгы.
Амалга дос, байлыкка дос, аял дос,
эгер болсо алган жарың былыгы.

Кээ бири дос бар чайыңа, бар ашка,
чын дилинде ой кыялы ар башка.
Чыныгы дос жаш айырмаң болсо да,
карабастан байлык менен өң жашка.

Турганыңда оомат коштоп көкөлөп,
баарысы дос килем болуп төшөлөт.
Эгер бир күн оомат ташың куласа,
көбү качат шылтоо айтып чекелеп.





Оомат кушу сени жандап турганда,
мактоо сөздөн кулак-мээң тунганда.
Жети өлчөп бир жолу күт дос-жарды,
жээриген соң кийин калбай армanda.

## КҮТПӨЙТ ТУРА КУРАГЫҢ

Учкул мезгил алды артына карабай,
кээде тагдыр оңко атырды табалай.
Көп ийилдим, бирок сына көрбөдүм,
сезсем дагы мен өзүмдү чабалдай.

Жалгандарды кээде көрүп карандай,
жарык таппай караңгыда калгандай.
Жакын достор сатып кеткен учурда,
жан кашайган от ичинде жангандай.

Өлүк мыйзам жан кашайта көпкөнүн.
көбүн көрдүм көтөрө албай чөккөнүн.
Тагдыр ташы баштан ылдый басса да,
кээ бирчилеп башым ийип чөкпөдүм.

Жалынсаң да күтпөйт тура курагың,
дат басkансып мокоп өткүр убагың.
Дөшү, барскан ортосунда пенде зат,
Жаратkандын көрүп түрдүү сынагын.

Оңдоп-түзөп тагдыр салган тузагын,
жаштарга мен насаат айтар убагым.
Кечиримин Жаратkандан суранып,
сүннөттөрүн так аткарчу курагым.

## АРАВАНГА ЖАЗ КЕЛДИ

Келди жаздын Араванга өктөмү,
көз кубантып талаасында көктөмү.
Кетмен-күрөк артып алып желкеге,
иштеп жатат дыйкан терин төккөнү.

Кыш аяктап эрте жазды күтүшүп,
картошкасын дыйкан эгип бүтүшүп.
Май айынын ортосунда сатам - деп,
Араванда жатат оомат жүрүшүп.

Май ортолоп кайра эгин эгишет,
Кээси буудай же жүгөрү себишет.
Өзүнө дан, а малына тоют мол,
Жашоо шарты өзүнө тың келишет.

Баракелде! Аравандык дыйканым,
мээнетиңе ырахмат - деп сыйладым.
Бир жылына эки түшүм өстүрүп,
курсактарын тойдурасың кыйланын.

## ЖЕТЕКЧИ МОЛДО ЖЫРГАДЫ

Баштапсың өлө куулукту,
ойдо жок такыр шумдукту.
Карызга Умра кылгын - деп,
жаңылап «Фатва» туудуңбу?

Дарт болуп Умра ырбады,
эгешмей элди кыйнады.





Ортодон көрүп пайданы,
жетекчи молдо жыргады.

Карызга бар - деп ашынып,
Куранга кылба каршылык.
Акчасын төлөй калышса,
«пайдасын» ойлоп талпынып.

Эртеси кимиң багасың,
үй толгон элдин баласын?
Карызга белден батырып,
какшатып жатсаң атасын.

Күнөөнү үйгөн кысталак,
болбогон мындай үрп-адат.
Силердей сүткор молдолор,
карыздар кылды бүт тарап.

Сүткорлук кылса Казыят,
айыбын кантип жашырат?
Ушинте берсе молдолор,
таптаза динден качырат.

## ОРДОЛУУ ОШ

Орун алып «Улуу Жибек Жолунан»,
Ош калаасы аты чыгып байыртан.
Миңдеген жыл кербен жолу аталып,
бүт Азия атак-даңкын таанышкан.

Сулайман-Тоо ыйык - дешип санашып,
түрдүү-түмөн уламыштар айтышкан.

Бүт Паркана чөлкөмүнөн келген эл,
түлөө кылып, зыяраттап кайтышкан.

Кичи-Алайдын мөңгүсүнөн башаты,
тоону жандап Ак-Буурасы күркүрөп.
Мөмөлөрдүн түркүн-түсүн көрөсүң,
тоо-талааны каптап өскөн дүркүрөп.

Бүгүнкү күн «Ордолуу Ош» аталып,
болуп келет түштүгүмдүн борбору.
Бүт дүйнөгө аты чыгып күрөштөн,
балбандары алып алтын олжону.

Азаматтар! Сыймыгыбыз баатырлар!
артыңарда Улуу Кыргыз калкың бар.
Баатырларга урмат-сыйын көрсөтчүү,
бабалардан келе жаткан салтым бар.

## СӨЗДӨР, СӨЗДӨР...

Сөздөр, сөздөр байырлаган элимде,
кээ бирлери сырын каткан тереңде.
Бир сап менен асыл ойду баяндайт,
тилин сыйлап акыл калчай билгенге.

Сөздөр, сөздөр арасынан иргеймин,
жатыгы бар, омоктуусун издеймин.
Кээ бир түндөр оюм менен күрөшүп,
кобуранып өзүмдү-өзүм тилдеймин.





Кыргыз сөзү эчен кылым карыткан,
жаңысы бар эски тонун жаңырткан.
Бул күндөрү кысым кылып баратат,
өзгө сөздөр пайда болуп кайыптан.

Кыргыз сөзү, бабалардын үрөнү,
эчен миң жыл Улуу Манас сүрөөнү.
Тилин тургай дилин сатып кээ бири,
каптап барат чөө бөрүдөй үргөнү.

Орунсуздур кыргыз тилин байыткан,
«шүгүр» дебей «иншаллах» деп алышсаң.
Ата-бабам миң жыл айткан саламын,
тил күрмөлбөйт кайра алик алыштан.

Байкатпастан тил-оозуңду байлашып,
кыргыз сөзүн бирден жатат алмашып.
Нарк-насилди, сөз байлыгын, кийимди,
коюшат го кылым жетпей жайлашып.

Кыргызымдын ар бир сөзү сүрөөнүм,
алмашпаймын жат сөзүнө бирөөнүн.
Ырлар жазам, жаза берем чарчабай,
согуп турса «Кыргыз» деген жүрөгүм.

## СУЛУУЛАРДЫН МАЙРАМЫ

Мына бүгүн сулуулардын майрамы,
жаз күнүндө жаркып жүзү жайдары.
Мен силерди окшоштурам дайыма,
суу көтөргөн сулуу кызга айдагы.

Теңдеши жок жашоодогу салымың,
таянычы Кудай кошкон жарыңын.
Бар болгула сүйүктүү жар, энелер,
үлгү болуп дөөлөт күткөн карынын.

Көкөлөсүн жан айымдар кадырың,
тийе берсин адамзатка жарыгың.
Ушул ырды гүл катары кабыл ал,
кучагыңар гүлгө толсун баарыңын.

## ЖАЗГЫ БУЛУТТАР

Күнү-түнү тыным албай булуттар,
асман-жердин ортосунда чубалып.
Тоо аралап түрмөктөлүп сейилдейт,
кербен болуп бир-бирине уланып.

Окшоштуруп түрдүү-түмөн айбанга,
айлаң жоктон назарыңды бөлөсүң.
Бир аз туруп кайра кейпин өзгөртсө,
такыр башка бир кызыкты көрөсүң.

Пайда болсо сейрек булут илкишкен,
«жарк» дей түшөт бирде асман кабагы.
Көп өтпөстөн каптап келет сур булут,
нөшөр төгө көл-шал кылып талааны.

Белгиси бул шамда күндүн батышы,
күн кечтесе горизонт жак кызарып.
Жамгыр болбос эртесине камын жеп,
дыйкан курсант талаасына баратып.





## ТОЛКУНДАРЫҢ ТАПТАЗА

Ысык-Көлдүн босогосун аттаса,
агаргансыйт адам дили таптаза.
Алп Алыкул ырда айтып тургандай,
толкундары жээгин көздөй каттаса.

Ооба! Чындык! Толкундарың керемет!
Андай эргүү эч бир сыйкыр берелек.
Атак-даңкын чыга берсин ааламга,
Билбейм кандай жер өзүңө теңелет?

Сырттан келген суктанышып карашсын,
эс алышып моокумдары тарашсын.
Айлананда «Асман шаары» бой керип,
кайра баштан бир келүүнү самашсын.

## ОЙНОШТУК ОТ-ЖАЛЫНЫ КУЙКАЛАГАН

Азгырып, туура жолдон адаштырып,
ойноштук от-жалыны, куйкалаган.
Өмүр кечип бактысы жайнап турган,
капылет көп тагдырды талкалаган.

Байкатпай бүт эркиңди байлап алат,
ойноштук жөргөмүштүн желесиндей.
Чоң жарака айыкпастан кала берет,
душмандын уу чылаган жебесиндей.

Ээлигип көр сезимге көзү туман,
билишпей кээ бирөөлөр өз күнөөсүн.

Асыл жар, ыйык туткан үйүн таштап,
ыйлатат эң бактылуу өз бүлөсүн.

Кайтасың сууган соң үйүң көздөй,
турпатың өңү өчкөн эски бөздөй.
Балдарың кабыл алар атам - дешип,
«жер көзсүң» өз жарыңа сөзүң өтпөй.

Мезгилинде миң ирет ойлой билгин,
сөзсүз бир күн жаман от тутанышын.
Жакшы атыңа илешкен ушак-айың,
сенден калбай өмүр бою чубалышын.

## КЭЭ ЫРЫМДА...

Жигит кездин эчак өтүп сайраны,
намыс чектеп кетирүүдө айламы.
Болушунча ырга салып жазармын,
ыр дүйнөмдө оргуп сүйүү баяны.

Күтпөс жерден сезимиме катылып,
бүлүк салат жан дүйнөмдү сапырып.
Тоңуп калган сезим эрип жүрөктө,
Унут калган сүйүү шамы жагылып.

Балалык кез сүйүүлөрдүн өктөмүн,
жигит курак махабаттын көктөмүн.
Күбө болдум дайрасына тушугуп,
кече албай канча тагдыр чөккөнүн.

Кээ ырымда жазам сүйүү дастанын,
тагдыр ташы аяп койбой басканын.





Дагы бири жанып бакыт жылдызы,
төп келише өз бактысын тапканын.

Деңизинде ыр дүйнөнүн толкундап,
казанында кээде кайнап боркулдап.
Көз жаш төгүп кээ ырымда балача,
дилимдеги ыйды жазам солкулдап...

## ЗАМАНЫМА ОЙ ТОЛГООЛОР...

Заманым байлык үчүн жарыштырып,
байлыгын бир-бирине салыштырып.
Мал-мүлктөрүн эңсеген мансапкорду,
итчесинен иркыратып кабыштырып.

Бир туугандык жолунан адаштырып,
ага-инини жер-байлык талаштырып.
Бир жатындан түшүшкөн эгиздерди,
катташтырбай аялдары араз кылып.

Байлык жыйып, айылда эрегишмей,
жик-жигине бөлүнүп теңелишмей.
Топ-топ болуп узабай жума сайын,
тең-теңине кезектеп чай беришмей.

Балдар калды аз каттап мектебине,
корстон болуп молдого жеткенине.
Байкуш бала акылы кайдан жетсин,
заман, талап бийиктеп кеткенине?

Бир көчөдөн он молдо окуса да,
айылга жалгыз молдо керегине...

## ӨСӨ БЕРСИН КАТАРЫҢ

«Ынтымактуу таланттарым» кечээги,
тарбия алып, талпыныша бечели.
Темир канат шумкар болуп жетилип,
тээ бийикке учуп жатат эчени.

Терметкени таланттардын бешигин,
Өнөрлүүгө кенен ачып эшигин.
Тарбиялап ыр, обондор жаратып,
татып даамын, улуулардын кешигин.

Таланттарым элим уксун атагың,
токтобостон өсө берсин катарың.
Ыр-күүлөрүң оболосун кыргызга.
тилеги ушул менин айтар батамын.

## АДАШПА ЭЛИМ, АДАШПА

Адашпай басып кадамың,
жеңишин колдоп балаңын.
Бир муштумдай биригип,
колдойлу Бакыт тарабын.

Калкынын уулу - дедирип,
элимдин кылар кызматын.
Чоң-кичүү дебей дайыма,
ордуна койчу ызатын.

Адашпай калкым тандап ал,
биз күткөн сапат анда бар.
Адашпа элим, адашпа.
Бакыттай жигит чанда бар.





## КЫЙЫН БОЛДУ

*(Шайлоодон кийинки ойлор)*

Кыйын болду арам «пулун» чачканга,
кыйын болду ыймандарын сатканга.
Кайтарышын же жегенин куса албай,
кыйын болду миң сом акча алганга.

Кыйын болду дили бузук жандарга,
талапкерден алдап акча алганга.
Эл-журтуна арам акча жедирип,
көпчүлүктүн каргышына калганга.

## МЕКТЕПТИ ЭСТЕП

*(Өткөн кылымдын 60-жылдары)*

Мектепти эстеп, узун ойго чөмүлүп,
мен ыраазы болгум келет тагдырга.
Ар бүртүмүн элестетип кайрадан,
айландырдым ойлорумду бул ырга.

«Байлык» деген илдет эмне билбеген,
биздин мезгил болгон экен керемет.
Бийликти биз мугалим - деп түшүнүп,
бирдей өстүк ага-эжелер жетелеп.

Мугалимдер келе жатса камданып,
он беш кадам алдын көрүп даярдык.
Колубузга баш кийимди алчы элек,
салам айтып, сураш үчүн амандык.

Шоктук кылып кээде жесек таякты,
бир да жолу арызданууу болбогон.
Кокусунан билип калса үй бүлөң,
баары жапырт мугалимди колдогон.

Келер элек кээ бир күндөр мектепке,
жамачы шым, сумка эмес торбочон.
Фуфайкачан, жыртык өтүк кийсек да,
азыркыдай басмырлоолор болбогон.

## КАЙГЫГА

Самтырап кийинип, оронуп,
улуттун кийимин чандык да.
Бир учур кыргызым болгонун,
дүйнөнү башкарган хандыкта.

Кор тутуп улуттук тилди да,
кыргызым тилимди тануууда.
Сактабай бабалар насаатын,
келерки муундун алдында.

Тоо-ташты, кыртышты кемирип,
көбөйттүк малды да, кенди да.
Талкалап бейиштей жайларды,
жергеме чоң апаат келди да.

Умтулуп алууга айды да,
карч уруп чымындай жанды да.
Кул болуп байлыкка багынып,
кыргызым кептелдиң кайгыга.





## СОГУШ, КЫРГЫН

Ээси кылып акыл-эстин Жараткан,
түркүн түстө мүнөз берип тараткан.
Кутула албай келе жатат адамзат,
байлык-бийлик кулу болуу адаттан.

Аябастан байлык менен жер үчүн,
акыл-эсин, ой-максатын, бар күчүн.
Эчендеген кылым менен замандар,
токтой элек согуш менен от-түтүн.

Согуш, кыргын өлүм менен коштолуп,
жакындарың, турак-жайлар от болуп.
Кетпеген кек, эчен жылдар өтсө да,
так сыңары кала берчү топтолуп.

Ойлоп көрсөң бечара эл, аламан,
каалашпаган согушууну эч качан.
Байы баштап кутум менен урушту,
карапайым болуп келген таламан.

## БИЙЛИК…

Бийлик - жол ашууларды аралаган,
кээ учур жол таппастан карайлаган.
Шайтаны кээде тетир жолго салып:
«Чала болду сага»- деп, табалаган.

Бийлик – токой чытырман аралаган,
Тикендүү бадал-шагы жаралаган.

Капыстан саздагына батып калсаң,
Жакының кол берүүгө жарабаган.

Сыйласаң сый-урматы дайым белен,
бийликтин ыймандуута жолу кенен.
Жаратканым: «Оо, пенде, эсиңе түй,
ниетиңе жараша берем» - деген.

Бийликте келип-кетер оомат эмне?
Баарысы өз колуңда, түгөл сенде.
Элиңде кадырыңды сактай алсаң,
жөлөнөр, таянарың болоор элде.

## КУТТУУ ҮЙҮҢ БЕЙИШ БАККА БАРАБАР

Кош атпыз да арабага чегилген,
насип этип ак никени Теңирден.
Ач-тогуна болуп дайым ыраазы,
кээ учурда ооздуругун кемирген.

Моюнчанын бири анда, менде да,
чогуу көрүп ийри-буйру жолду да.
Бирге жашап бул өмүрдө күнү-түн,
алтын башка кандай сыноо келсе да.

Ишеничтен ашар бекем жөлөк жок,
урунасың ар бир ишке колуң шок.
Чогуу тартса арабаңды өз жарың,
талаа-түздө жүрсөң дагы көңүл ток.





Оомат келет кээ учурда көкөлөп,
шайтан айдап тетир жолго жетелеп.
Аздек тутуп, бөпөлөсөң ооматты,
жеңесиңер шайтанды да экөөлөп.

Чеки бассаң тозок болор көргөнүң,
мал-дүйнөнү, балдарыңды бөлгөнүң.
Ичиң ирийт, айта албай муңуңду,
ичте калып айтылбаган сөздөрүң.

Оо, куу турмуш! Канча ашуу-бели бар,
падышалар тузунун да кеми бар.
Туура тандап, адашпасаң жолуңдан,
Куттуу үйүң бейиш бакка барабар.

## АЛА-ТООДО КЫЗЫЛ ЖЕЛЕК

Бүгүнкү заманымдын деми менен,
болсо - деп, кыргызымда бакты кенен.
Таң эртең Жаратканадан тилек айтып,
жакшылыкты чарчабай сурап келем.

Азыркынын бийлигин жаман деген,
Адашкан, көрө албас оң көз менен.
Көрсө да көрмөксөнгө салып коюп,
жалган-жалаа оозана, жанын жеген.

Болууда үлкөн иштер, боло берет,
буюрса кыргыз элим арыш керет.
Башкалар мамилеге амал издеп,
желбиреп Ала-Тоодо Кызыл Желек.

## КАЙСЫ БИР КҮН

Үркүндө кайран элим чарчап-арып,
Турпан, Кашкар тарапка өтө качып.
Айласыз ач курсактын азабынан,
боздото кыз-келинин келген сатып.

Жөө-жалаң, минген өгүз-аты арып,
чобур ат көтөрө албай бели талып.
Кээ биринин сөөктөрү кала берген,
келе албай ак мөңгүлүү ашуу ашып.

Согуш жылдар кайрадан тартып азап,
талаада ач-жылаңач терип машак.
Бир тутам буудай үчүн камалышкан,
кала албай канчалары тоюп-жашап.

Кан-жан берип ушундай заман үчүн,
жашасын - деп сени-мени боору бүтүн.
Энелердин канчасы көрбөй кетти,
азыркылар акташканын эне сүтүн.

Азырчы? Баарың үчүн топук заман,
барчылыктан айныган кээ бир адам.
Ашынган көчүгүнө канат байлап,
кээ учур жер бетине койбой кадам.

Эске албай тээ бийикте «Тескөөчүнү»,
тоготпой берип жаткан эскертүүнү.
Көр пенде пенделигин танып барат,
унутуп «чын дүйнөдө» кездешүүнү.





## ЫСЫК-КӨЛДӨ ТАҢ АТЫП

Ысык-Көлдө дагы бир кооз таң атып,
көк асманга көркү сонун жарашып.
Баратышат көл бетинде самсаалап,
ак булуттар үйүрүнөн адашып.

Кайкып учуп жуп-жуп болуп ак чардак,
көл толкуну жээкти бойлоп шарпылдап.
Кайталанчуу бул көрүнүш миң жылдап,
көргөн сайын моокумуңду кандырат.

Сыймыктанам ыйык Ысык-Көлүмө,
бап келишкен менин кыргыз өңүмө.
Даңктай берем ыйыктыгын көлүмдүн,
Жаратканым берген калган өмүрдө.

## ЖАЙ ТАППАЙСЫҢ КАЧАРГА

Тоо жолунда чаңы ызгып ойногон,
Союз мезгил эч бир тосмо болбогон.
Сайы тургай ташын ээлеп алышкан,
ынсап кеткен ачкөздөрдү ойлоном.

Жол боюнда «күр-шар» эткен дайранын,
камдап коюп кымыз, майсыз айранын.
Базардан да кымбат наркты коюшуп,
«пулдап» жаткан тоолуктарга айраңмын.

Базарларда дары жеген жашылча,
алып-саткан, «пулдап» жатат алынча.

«Келе бергин! Анык дыйкан өзүм» - деп,
кыйкырышып тамагынын барынча.

Шайтан оюн, базарыңдын мыйзамы,
курутту го, жол билбеген кыйланы.
Кытайыңдын сырты жылтыр буюму,
кыйын болду базарларга сыймагы.

Тамак-ашың баары болуп жасалма,
уулай берет кыргызыңды качанга?
Үйдө, иште, жада калса жайлоодон,
жай таппайсың уу оокаттан качарга.

## ЖОЛООЧУМУН

Алпурушкан бүгүнкү жашоо менен,
ыраазымын энчиме тагдыр берген.
Оомат жүрүп, бекер оокат сунулса да,
ак жолумдан адашпай жүрүп келген.
Жаратканга миң ирет шүгүр кылып,
сыйлаганга акындык талант менен.

Жолоочумун бул жалганда убактылуу,
Жаратканым жактырып өмүр берген.
Жалбарбадым Кудайга мал-мүлк сурап,
жашооңдо пайдалан деп акыл берген.
Мээнетиме жараша мал-мүлк курап,
Жараткан берди окшойт сыноо менен.

Ай-ааламга сыйбаган сезим менен,
ойлор кыйнайт түпкүрү өтө терең.





Аз болсо да эл эстеп калса деймин,
окурманга жугумдуу ырлар менен.
Мезгил келип урпактар эскеришсе,
азык алып мен жазган ырлар менен.

## ТАБЫШМАКТУУ ДҮНҮЙӨ

Бири келсе бири кеткен табышмактуу дүнүйө,
бир да пенде жетпей келет сенин сырдуу түбүңө.
Билимдүүсү, илимдүүсү ой коротуп миң жылдап,
билишпеди, дале билбейт эмне барын түбүңдө.

«Барр» - деп ыйлап, келет-кетет пенде сага дүнүйө,
бири ата, бири эне, учук улап өмүргө.
Билишимче көп пайгамбар, олуялар өтүптүр,
билбейт эч ким жетишкенин сенин сырдуу түбүңө.

Бир өлчөмдө, ырыскыңы тең бөлөсүң дүнүйө.
бирок кантип бай-кедейге бөлүнөбүз күнүгө?
Балаң теңдүү бирөө турса байлыгына чиренип,
болом капа, кээ бир учур, бир өзүңдөн түңүлө.

Болот кандай?Кыжаалатмын келечекке дүнүйө,
балдарымдын, урпактардын айыбы не? Не күнөө?
Баштанармын кыбла тарап,
таш-топурак жазданып,
Болот кандай? Келечекте, урпактарда не күнөө?

Боорум ооруйт, ушул учур, абалыңа дүнүйө,
биз жашаган Жер Энени түтүн каптап күнүгө.

Бири-бирин диндүүлөр да, динсиздер да кырышып,
бара жатат кыяматтын акыр заман күнүнө.

Болжолумду айтсам эгер, кесир болор дүнүйө,
бардыр пенде, балким эстүү
бизден бейпил дүйнөдө.
Болгон болсо калыстыкта башкарууга жөндүүсү,
берер элем Жер Энени башкарууга дүңүнө.

## АБШЫР-АТА СЫРДУУ АСКА

Жайы-кышы калк аягы үзүлбөйт,
Абшыр-Ата шаркыратма жанында,
Молдо-кожо, кары-жашта идиштер,
дары суудан алып кетүү камында.

Жаралгандан пендезатка белгисиз,
табышмагы бул укмуштуу асканын.
«Күр-шар» этип, айлананы жаңыртып,
бир дарыя суунун чыгып жатканын.

Жалама бет, кол жетпеген асканын,
ким биле алат сыры кайда жатканын?
Кээси айтат пайгамбардын иши - деп,
дары суусу – сүттөй аппак акканын.

Бүт чөлкөмдү суусу менен камсыздап,
көп кылымдар кызмат кылып элиме.
Зыяраттап эл каттамы токтобойт,
эчен сырдуу даңк ыроолоп жериме.





## КАРА-КОЙДО ДААРЫ БУЛАК

Кара-Кой кышы-жайы жашыл шибер,
миң жылдары арча токой каптаган.
Тоо башылап кеткен түрдүү кыя жол,
аркар-кулжа, ак илбирстер таптаган.

Күзгө барып ак кар, көк муз каптаган,
аркайып көзгө урунат бийик зоосу,
Жоготуп мал издеген топозчулар,
ашуучу Чөгөм жактан Мазар тоосу.

Түтөк алып, кан басымын айла жок,
чыга албайт ден соолугу күмөн адам.
Барган сайын бийиктеп аба жетпейт,
баскан сайын оорлошуп ар бир кадам.

Шыпаа табат ашказан оорулуулар,
Чаттан бассаң тик тарапка жол улап.
Кара-Шоро булагынан кем калбаган,
Мурдачыда агып турат дары булак.

«Академнауктун» полигону аталып.
учурунда карт Союздун макталып.
Илим жактап докторлукту алышкан,
Ленинград, Москвада иши такталып.

## ЭСТЕ БОЛОТ

Топурагын чаңдаттырып чоңойгон,
чыкпай келет Канды көчөм эсимден.
Жакын достун канчаларын узатып,
эр жетилдим тентек бала кезимден,

Жунус, Токур, Тойчу, Аслан аке - деп,
ээрчичүүмүн чоң балдарды өзүмдөн.
Уурулукка жумшаар эле макташып,
алма-өрүккө коңшу-колом өстүргөн.

Кошулбастан өзүм теңдүү балдарга,
калаар элем чоң балдардан утулуп.
Алма-өрүккө ууру кылсак кез-кезде,
кармалчуумун кача албай тутулуп.

Таяк жечүүм шоктугумдун айынан,
жаш чыгарбай урса дагы көзүмдөн.
Келбегенмин бирөөсүнө даттанып,
көп айыптар кетип менин өзүмдөн.

Туникеден кылыч жасап, курчутуп,
Калмат, Рустам, Жапар, Садык теңтуштар.
Көп кыйчубуз жүгөрүсүн колхоздун,
ойногондо «немис-шпион» согуштар.

Инилерим, Калмамат, Дүрсүн деген,
Түмөн, Муктар Каныбек, Жусуп менен.
Совет, Камчы, таланттар жаш кетишти,
Абдиламит, Жаке, Калдар, Алым жээн.





Келишкен жигит болчу эки коңшу,
Бактыяр, Манас экөө кашты керип,
Жараткандын жазмышы ушул экен,
ыйлатышты Каңдыны баары кетип.

Бүгүн уктум Жигитаали өткөнүн,
Каңдылыктар дагы жашын төккөнүн.
Шум ажалың күтө турса беш-он күн,
көрмөк эле быйылкы жаз көктөмүн.

Көзү өттү аталгандын бири калбай,
элүүнү-алтымышты жашай албай.
Көз жашым тегеренет кээ бир учур,
элестеп жоруктарын сагынгандай.

Жүрөбүз көбүң кетип, азым калып,
ооруган бел-буттарга айып коюп.
Жараткандын мыйзамы ушул тура,
кара жер калбайт экен бизге тоюп.

Өзгөрдү Каңды көчөм күчкө толуп,
катар-катар этаж үй бирдей конуп.
Уучуңар куру эмес бир боорлорум,
балдарыңар жетилди жөлөк болуп.

Өзгөрсө да Каңды көчөм жаңыланып,
унутпайм, баарың дайым эсте болот.
Досторду, инилердин жоруктарын,
жаштарга айта жүрөм кылып жомок.

Жаратканын мыйзамына баш ийип,
биз да өтөөрбүз насип этсе кез келип.

Эл-журтумдан акыл-эстүү урпактар,
кайсы бир күн коюшар чын эскерип.

Арбайыңар болсун балдар ыраазы,
өткөндү эстөө тирүүлөрдүн парызы.
Куран окуп, дуба кылып турушса,
калганына Жалгыз Кудай тараза.

## АЯП ТУРАМ

Бака-шака, шаан-шөкөт, ызы-чуулуу,
тажап кеттим шаарыңа көнө албай.
Кадырыңды Ноокатым сезип жатам,
Бишкегиме таптакыр чоочун жандай.

Сыртка чыксаң бирөөнүн саламы жок,
көзгө тааныш, бир жандын карааны жок.
Жада калса кошунаң карап койбойт,
жетимсиреп калгансып караары жок.

Өзүм сындуу карыны аяп турам,
кабат-кабат үйлөрдө жашап турган.
Достор менен ар күнү чер жазышпай,
этаж үйдөн «актыкка моюн сунган» .

## БИЛЕМ ЖАНЫМ

Бөлүштүң татаал тагдыр буюрганын,
бүлөмүн бактысы үчүн катарлашым.
Бул турмуш арабасын бирге тарттың,
бир келген өмүр жолдо сапарлашым.





Баш ийип кээде тагдыр сыноосуна,
балдардын бактысы үчүн аракетте.
Бек сактап ата-энелик ыйык салтты,
балдарга жол курастың келечекке.

Бактылуумун өзүң барда жанымда,
балдар менен күлкү толуп үйүмдө.
Биздин үйдүн куту менен бактысы,
билем жаным сакталаарын өзүңдө.

## ЭЛТРГЕ КОНОК БОЛУП

Аткарып эл-журтуңдун өз мүдөөсүн,
ачыктап айыптуунун бүт күнөөсүн.
Ар дайым калкың үчүн кызмат өтөп,
ЭлТРим кадырың бар зор бүлөсүң.

Жакшыларды экрандан даңазалап,
коомдогу бузуктарды бүт тазалап.
Талыкпай өтөй бергин кызматыңды,
жаманды бетин ачып, чын жазалап.

Дайыма элиң менен бирге конуп,
купулуна журтуңдун тегиз толуп.
Эфирден бүткүл элим эргүү алсын,
ЭлТРге күн сайын конок болуп.

## АРАМДЫККА БУТ КОЙБО

Жашооң супсак тарыхта калбаган соң,
арка болуп элдин жүгүн албаган соң.
Кыйын кырдаал, өткөөл заман учурда,
кошумчаңы өз журтуңа салбаган соң.

Укпагын кээ биринин былжыр сөзүн,
мактаган ай-асманга жалгыз өзүн.
Шыйпаңдап багуудагы күчүк сымал,
караба амалдуунун кытмыр көзүн.

Калса да зарылдыктан жүрөк канап,
үй бүлөңдө аткарбай зарыл талап.
Үйдөгү пол шыпырган шыпыргыдай,
бут койбо арамдыкты калпыс самап.

Каласың болбогонго жер көз болуп,
эл ичинде сынасың гүлдөй соолуп.
Ал тургай балаңан да кагуу жейсиң,
айтылып эл журтуңда жаман жорук.

## ТҮНКҮ ТАЛАА

Көктө жылдыз, теребел бүт уктаган,
айланада жок сыяктуу эч бир жан.
Бүгүн чыктым атайылап түнкүсүн,
эске түшүп талаа үнүн тыңшаган.

Жок. Жок эмес айланада эч бир жан,
жок дешеттир, талаа сырын укпаган.





Тыңшап турсаң ойноп түркүн музыка,
күүнү угасың башка жерде чыкпаган.

Кадимкидей жашоо кызып тымызын,
жан-жаныбар жыйнап насип-ырысын.
Жай-саратан жасайт айла-амалын,
кантип кыштан эптеп аман чыгышын.

Аралашып чегиртке үнү басылбай,
келемиштер күндүзгүдөй жашынбай.
Жашоо үчүн түнкү күрөш башталат,
азык ташып, коңулуна жашырмай.

Түнкү куштар таң атканча айланып,
жашап келет ээн талаага байланып.
Бул көрүнүш кайталанып жай-күзү,
кыш мезгили баары тынат жайланып.

## ТАРЫХ - КҮЗГҮ

Келечектин болуп келген күзгүсү,
кечээкиден эртеңки күн башталат.
Өткөн өтөр элес калып артында,
бирок анык, тарых сөзсүз такталат.

Ынтымакты медер тутуп баарынан,
Кокту-колот, уруу болуп бөлүнбөй.
«Биригели бир жең менен жакага»,
оор кезеңде эрдемсинип көрүнбөй.

«Чылык» деген сөздү такыр унутуп,
өтмүштөргө күзгү сыңар карайлык.
Ынтымакта бир муштумга түйүлүп,
келгин элим, эртеңкиге баралык!

Арам оокат, жемкорлукка берилбей,
толбос-тойбос напсибизди тыялы.
Гүлдөтөлү медер туткан Мекенди,
«Бабам Манас!» - болуп элдин урааны.

## ФРУНЗЕМДИ ЭСКЕРҮҮ

Таңданып, сугум артып бара жатам,
кыдырып Бишкегимдин көчөлөрүн.
Жаштык кез биздин баскан издер калбай,
Фрунземдин таанылгыстай өзгөргөнүн.

Илгерки мен тааныган Фрунзем жок,
пайда болгон көчөлөр, бурулуштар.
Жанашып төшү менен шамал тосуп,
чокусу асман тиреп курулуштар.

Тигине, куруп жаткан бийик үйдү,
Айласыз «Бали!» - деймин жигиттерге.
Бейкапар басып жүргөн баш айланбай,
окшошуп аскадагы кийиктерге.





## БУРАНА

Айланып кең Чүйүмдүн талааларын,
атактуу Буранадан кабар алдым.
Миң жыл илгер курулган мунарадан,
бабалардын өнөрүн көрө алдым.

Бабалардан урпакка калган белек,
Карахан хандыгынан дарек берет.
Көз салып айланага кароол дөбө,
кебелбей турат бүгүн асман тиреп.

## ӨМҮРЛӨШҮМ

*(Обонго сунуш)*

Жараткан ыроологон,
жан биргем, өмүрлөшүм.
Алыста жүрсөм дагы,
күн-түндөп көңүлдөсүң.
Башкага бош орун жок,
жүрөктүн төрүндөсүң.
Жүрөгүм согуп турса,
сүйүүндөн өкүнбөйсүң.

*Кайырма:*

Бакытым толуп-ташып,
удургуйт сезимдерим.
Сүйүүмдөн эргүү алып,
бактылуу кезим менин.

Жанымда бирге болсоң,
жан дүйнөм жыргал алат.
Жалындап махабаттан,
көөдөнүм булкуп барат.
Ээрчишип эргүү келип,
ыр дүйнөм жаят канат.
Кыдырып аалам кезип,
бир сенден орун табат.

*Кайырма:*

Бакытым толуп-ташып,
удургуйт сезимдерим.
Сүйүүмдөн эргүү алып,
бактылуу кезим менин.

## ЖАШАЙЛЫЧЫ ЫР МЕНЕН

Пендемин мен өмүр жашы чамдаган,
ыйык тутуп сөз өнөрүн тандаган.
Көр дүйнөгө кулдук уруп жалынбай,
урпактарга ырдан байлык камдаган.

Кыргызымдын улуулугун тастыктап,
ыйман-сырдын тазалыгын ачыктап.
Улут наркын, салт-санаасын, өз тилин,
сактагын - деп, эл-журтумду багыттап.

Эрлер өлүп, жер сатылып сыр менен,
отуз жылы жашап келдик чыр менен.
Артта калды ызы-чуулуу көп жылдар,
мындан ары жашайлычы ыр менен.





Акыл калчап, сабыр күтүп, токтонуп,
көр байлыкка жүрө бербей октолуп.
Мал-мүлк менен өлчөнбөйт го бакытың,
келгин достор, ырдайлычы от болуп.

## СОТКА

Аңтартып күндө ааламды,
азгырган бүткүл адамды.
Эмизип көндүк соткага,
ыйлап жаткан баланды.

Соткадан капчык тешилип,
ак мээнет акчаң эшилип.
Албарсты менен таң атса,
эртеңим кетет кеч кирип.

Көрүлбөй калды сыналгы,
билбеймин кайда үналгы.
Төрүмдө турчу илинип,
фотоаппарат ким алды?

Китептер калды окулбай,
жыйылып бурчта отундай.
Күн-түндү сезбей окурман,
сотканы чукуйт сокурдай.

Көчүккө тээп баарысын,
жаштары менен карысын.
Акырын уулап баратат,
ичирип батыш дарысын.

## ЖАМАН ИЛДЕТ

Тойлордо болуп келген, боло берет,
айыкпас кыргызымда жаман илдет.
Тамада элден мурун сөз бербесе,
калмагы той бергенге ичи кирдеп.

Машыркап кызмат, байлык салмагына,
Ажыга төрт-беш ирет барганына.
Саламды колдун учун арaң берип,
теңебей көпчүлүктү бармагына.

Арданып андан башта алганыңа,
ал айтар сөздү айтып салганыңа.
Үтүрөйүп, таарынычы айкындалат,
кадыры «арзан баада» калганына.

## АЛМАШЫП АЛДЫКПЫ

Кокуй күн, эмнеге мындай? - деп,
заманга кейийбиз, жээрийбиз.
Тар пейил пендеге айланып,
шаабайы суугандай демибиз.

Элимдин пейили өзгөргөн,
байланып сезими байлыкка.
Өздөрүн бечара сезишип,
кээ бири жарыбас айлыкка.

Аралап эл ичин көп жүрүп,
угасың пенденин арманын.





Башканы коё бер көбүнчө,
алданып бирөөгө калганын.

Көчөдө ар түркүн адамдар,
жашоодо бактысын талашкан.
Иши бар, иши жок болсо да,
тосоттон байлыкты самашкан.

Суроону саламын өзүмө,
бакыттын өлчөмү байлыкпы?
Пейилди бабалар калтырган,
байлыкка алмашып алдыкпы?

## АДАШПАСАҢ

Бешенеңе жазып койсо Жараткан,
бул жалганга келээриңди төрөлүп.
Балалыгың өтөт тура байкалбай,
ата-энеңдин мээримине бөлөнүп.

Акырындап аралашып эл-журтка,
учур келет бак-таалайың талашчу.
Турмушуңдун таштак жолу башталат,
жакшыларга же жаманга жанашчу.

Күлүк мезгил ылгайт агын-карасын,
болот учур кээде көңүл чөгөрчү.
Акыл экчеп жакшыларга жанашып,
адашпасаң урмат-сыйга бөлөнчү.

Эң ыйыгы сен калтырчу мурастын,
урпак улап бул Жалганга таралуу.
Кайтарыңда ченеми жок чексизге,
«Жакшы эле» - деп эл эсинде саналуу.

## КЫЙЫТМА

Көп окугун, китеп болсун казарың,
асыл ойлуу ырлар болсун жазарың.
Поэзия дайым келет жактырып,
ички дүйнө, сезимдердин тазасын.

Аңдыганың ушак-айың, жамандык,
кайда калды айкөл сапат, адамдык?
Тажатмай сөз ирип-чирип ичиңде,
тажап бүттүк, улам угуп арамдык.

Жылдыз ойлоп көтөрбөгүн өзүңдү,
этиятта эл-журтка айтар сөзүңдү.
Акылсынып көөдөнүңдү көтөрбөй,
ачып алгын май каптаган көзүңдү.

Жаап коюп көпчүлүктүн казанын,
тарта бербе бакылдыктын азабын.
Бир калыпта жакпай коюп отуңду,
тарс жарылат араң турган казаның.

Айлананда баары бирдей аңдагын,
түркөйлөнүп кыска ойго барбагын.
Эл мал эмес атаң берген энчилеп,
каалагандай айдагыңа салбагын.





## ТҮНКҮ ЫСЫК-КӨЛ

«Шарп-шурп» эткен толкун жээкке урунуп,
жайкы түндө бир калып үн угулуп.
Шоола төгүп апапакай ай калкыйт,
бара жаткан жел кайыктай туюлуп.

Чагылышкан көл бетинде жылдыздар,
толкун коштоп бийлегенсип үр кыздар.
Сыйкырына арбап барат адамды,
кол булгалап чакыргансып наздуулар.

Док урунуп, көлдө акысы барчылап,
шамал соксо, селкинчекте ай турат.
Кат-кат болуп кубалашкан толкундар,
эстен кеткис сонун элес калтырат.

## АКЫНДАРЫМ

Акындарым асыл сөздүн борбору,
ар тараптуу кыйма-чийме жолдору.
Ачык айтып, сөзү дайым так болсо,
анык болот эл-журт аны колдоору.

Акындардын болуп келген урааны,
ар дайыма чындык болуп куралы.
Алтын башы ашкабакка татыбайт,
атак-даңкка канбас болсо кумары.

Акын эмес акын наамын булгаган,
айкөлдүккө элдин көөнүн бурбаган.

Атак даңкын ойлоп кара башынын,
акты булгап көөнү кошуп ырдаган.

Акындыктын оор болот салмагы,
ашкере айтып акын наамын алмагы.
Аталардын улуу салтын туу тутуп,
Ата-Журтта акын бойдон калмагы.

## МЕН КИМ ӨЗҮ?

Мен ким өзү? Катардагы бир пенде,
поэзия арбап алган жок ченде.
Бир күн ойдо, бир күн тоодо кыялы,
Өмүр жолу белес ашкан бул кезде.

Мезгил өтпөйт желесине чалынбай,
ырахат жок таттуу балга малынбай.
Чабак уруп деңизинде ырлардын,
эргүү келсе бир сулууга жалынмай.

Кээде уусун, бирде балын татасың,
эске салып жаштык кездин катасын.
Төгүп салып бар дүйнөңдү элжиреп,
айтпас сырың ыр саптарга катасың.

## ЧЫНДЫК СҮЙҮҮ

Чындык сүйүү ороп алат желедей,
адаштырып толкундагы кемедей.
Оорусуңбу же соосуңбу сезбейсиң,
акылыңды уурдаттырган немедей.





Чындык сүйүү эсеп менен ченелбей,
бир минутаң айга-жылга теңелбей.
Айтаар сөзүң аптыгасың табылбай,
зарыл сөздү айтчу мурда кебелбей.

Чындык сүйүү тагы калат жүрөктө,
жашасаң да башка-башка түнөктө.
Эң бактылуу мүнөт болот билгенге,
түшкө кирсе ошол сүйүүң мүнөткө.

...Акылыңды бийлеп алар оттуусу,
поэзия – чын сүйүүнүн катуусу.
Чалынган соң ушул сүйүү торуна,
ага жетпейт бул жалгандын таттуусу.

## ЫРААЗЫМЫН БАРЫМА

Сареп салып өтмүшүмө карасам,
өткөн тура эсте калар көп кызык.
Жакшы заман. Эссиз заман уюлгуп,
калтырыптыр өмүр жолдо көп сызык.

Жаш кезеңде өткүр элем, курч элем,
кыйын эмне, жаман эмне билбеген.
Заманыма шайкеш болгон мүнөзүм,
айткан сөзүн, билген оюн бербеген.

Окуп, иштеп өз бешене теримден,
эл сыңары жөлөө-таёо болбогон.
Көз жаш кылып өксүгөмүн бир учур,
айыбы жок, бирөө үчүн кордолсом.

Озомун - деп, элден алга жүгүрүп,
жигит элем, жалаң алга дегдеген.
Канча ирет буттан чалган жыгытып,
амалдуулар ич сезими кирдеген.

Кантсе дагы мокобогон, сынбаган,
билбейм канча калды өмүр үзүмү?
Ыраазымын миң мертебе барыма,
кайтканына ошол күндөр үзүрү.

## СҮРӨТ ТУРАТ...

Качанкы чогуу түшкөн сүрөт турат...
Акының бар, кээ бириң акын чалыш.
Байгеде утуп чыгаар күлүгүң бар,
арасында кээ бириң жорго салыш.

Качанкы чогуу түшкөн сүрөт турат...
жашайбыз бири жакын, бириң алыс.
Мүнөзүң ар кимиңдин ар башкача,
жасалма, а кээ бириң чыны калыс.

Өткөнкү залкарларга сугум арта,
ойлоном, карап туруп улутунуп.
Ырында уюп жаткан бүт сулуулук.
Ким калат эл эсинде...Унутулуп.

Бирок да ушул сүрөт кандай кызык,
көбү жаш, кээ бирибиз бет бырышып.
Качандыр бир жаштарым ойлоноттур,
бул сүрөткө көз салып, ичтен сызып.





## ЫЙМАНЫМДЫН САКЧЫСЫ

Жан дүйнөмдү кайра баштан агартып,
поэзиям - асыл ойдун ачкычы.
Оомал-төкмөл, опурталдуу заманда,
жол көрсөткөн ыйманымдын сакчысы.

Көңүл чөксө маанайымды көтөрүп,
ыр дүйнөнүн бешигине бөлөнүп.
Жууп салып көр дүйнөнүн санаасын,
жашап келем өзүң менен көгөрүп.

Бирге болсоң улут наркын сатпаймын,
айгай салып, үн бүткөнчө какшаймын.
Жүрөк кагып акыркы дем калганча,
кыргызымдын улуу салтын даңктаймын.

## КАРДИОНУ ЧЕЧМЕ-САЙГА КӨЧӨТ ДЕП...

Эл ичинде жүрүп жатат «дуу-дуу» кеп,
Кардиону Чечме-Сайга көчөт - деп.
Бирөөсүнө жагып жатса бул пикир,
бирөөлөрү наалып жүрөт кайгы жеп.

Каттаганы жолу бир аз тескери,
кыйын болот убагында жеткени.
Тууган-урук оорууларга каттаса,
келгенинен кайра үйүнө кеткени.

Оорулуунун шыпаа болор жанына,
медайымдар көрүп жатат камылга.

Айырма жок кадимки эле курорттон,
көз чаптырсаң агып турган сайына.

Ооруларга жакшы шарты жаралган,
бак ичинде зарыл нерсе каралган.
Сейил багы, эс алуучу жайлары,
бөлмөлөрү жууп-актап, таралган.

### ТАМЧЫ ДАРЫ

Себепкер ушул тамчы өмүрлөргө,
жол бербей жер алдына көмүлөргө.
Суусунду кандыруучу булак сымал,
көздөн учат бар үмүтүң сөгүлгөндө.

«Дүк-дүк» эте жүрөгүм кагып жатты,
«тып» этип тамчы дары агып жатты.
Өмүрдүн эртеңки күн жолун улар,
ушул тамган тамчылар жашоо-бакты.

Унутармын көп өтпөй айыкканда,
арачы - деп издеймин зарыкканда.
«Тып-тып» эткен өзүңө зарым түшүп,
кайсы мүчөм ооруса айыкканга.

### КАЙРА КЕЛДИМ АЛЫКУЛУМ

Өткөрүп өмүрүмдүн эки жылын,
төгүүгө жашырбастан ички сырым.
Таркатып сагынычты кетейин - деп.
алдыңа кайра келдим Алыкулум.





Сүйлөшөмүн көп учур уйку-соодо,
көл жээгинде элесиң арбагандай.
Олтурсам да жанында ойго батып,
сезе берем колуңду кармагандай.

Телмире Ысык-Көлгө көз салгандай,
олтурасың бузбастан эч бир сының.
Кыргыз бар, эстелигиң тура берет,
көөнөрбөй өтсө дагы эчен кылым.

Уялбастан ары-бери өткөндөрдөн,
үйүңдө Куран окуп, кылам ырым.
Эстеликке үн чыгарып окуп берем,
Ысык-Көлгө арналган сенин ырың.

### КЭЭ ЫРЫМДА...

Жигит кездин эчак өтүп сайраны,
намыс чектеп кетирүүдө айламы.
Болушунча ырга салып жазармын,
ыр дүйнөмдө оргуп сүйүү баяны.

Күтпөс жерден сезимиме катылып,
бүлүк салат жан дүйнөмдү сапырып.
Тоңуп калган сезим эрип жүрөктө,
Унут калган сүйүү шамы жагылып.

Балалык кез сүйүүлөрдүн өктөмүн,
жигит курак махабаттын көктөмүн.
Күбө болдум дайрасына түшүгүп,
кече албай канча тагдыр чөккөнүн.

Кээ ырымда жазам сүйүү дастанын,
тагдыр ташы аяп койбой басканын.
Дагы бири жанып бакыт жылдызы,
төп келише өз бактысын тапканын.

Деңизинде ыр дүйнөнүн толкундап,
казанында кээде кайнап боркулдап.
Көз жаш төгүп кээ ырымда балача,
дилимдеги ыйды жазам солкулдап...

## УНУТКАМ ЖҮРӨК ЖАРАСЫН

Сабалап жылдар канатын,
өмүрүм шашып барасың.
Будуң чаң түшкөн заманда,
ылгабай агын, карасын.

Таркабай сага кумарым,
суктанып азыр турамын.
Татсам да ачуу-таттууну,
баркыңа моюн сунамын.

Өмүрдүн күлгүн кезинде,
суйкайган селки эсимде.
Перидей көркү төгүлүп,
бүлүктү салган сезимге.

Чырайы көзгө бир укмуш,
көрүнгөн мага «жарк» этип.
Туш келүүдөн айбыккам,
көздөшсө жүрөк «солк» этип.





Аралап элдин арасын,
көрбөдүм андай башкасын.
Көп жылдар өтүп арадан,
унуткам жүрөк жарасын.

## ОНДУ БҮТТҮ

Онду бүттү канча бала жакында,
максат менен өтүү окуу жайына.
Бешене тер каражатын даярдап,
канча ата көрүп жүрөт камылга.

Уйгу-туйгу ичи толгон санаада,
аттанышат Ош, Бишкектей калаага.
Тамак тургай ичер суусу сатылуу,
он сом ашык ажаткана дагы да.

Жашоо кымбат билебиз да калаада,
каражатсыз калаарың чын талаада.
Тууган таап, ал жайын да сурайбыз,
батир кымбат, он миң сурайт ага да.

Таштай албай эрке бала көңүлүн,
аккан суудай беш жыл өтөт өмүрүң.
Пендезатка буюрганы ушул го,
аянбастык баласы үчүн өмүрүн.

## ДЕШСЕ-ДЕШСИН...

Эл катары аккан турмуш шарында,
агып келем тагдырыма багына.
Ак-карасын иргөөгө да үлгүрбөй,
айласыздан карап эки жагыма.

Кээ бир түркөй пайдаланса абалын,
кошоматчы мактап турса жаманын.
Чайы тургай жакшы сөзүн айтууга,
эриккенсип салып турса кабагын.

Жакшысы да, жаманы да табылга,
азык болор жаза турган ырларга.
Шүгүр кылам ар бир өткөн күнүмө,
батса дагы кээ бир учур жаныма.

Бирөөлөргө мүмкүн сыным жакпастыр,
бекер жерден кээде күнөө такпастыр.
Көөдөндөгү туйгуларга баш ийген,
дешсе-дешсин, дилим мени танбастыр

## ЭЛ БИЛЕТ

Саякаттап, соода-сатык иш менен,
беш-он ирет Ажылыкка жулунуп.
«Бизнесмендер» молдокелер көбөйдү,
алдап, уурдап эл акысын сугунуп.

Үгүт-насаат жүргүзүшүп айылда,
жарыялап Умра, Ажы сапарын.





Алдап-соолап насыяга батырып,
көбөйтүүдө кедейлердин катарын.

Басса-турса тозок менен коркутуп,
чала сабат өзү билбейт келжиреп.
Умрага баруучу ар бир кишиден,
жүз доллардан өөнөгөнүн эл билет.

Арамдыкка аралашып ар күнү,
бейишиңи сурагандан пайда жок.
Адал оокат, ак мээнетте жашасаң,
бейишине киргизишет айла жок.

## ЖҮРСӨҢ БОЛДУ ЫЛАЙЫМ

Аска ылдый мөлтүр булак сен болсоң,
ак мөңгүлүү аскаң болуп турайын.
Тоо этектеп миң булактан куралсаң,
дайраң болуп бирге жолуң улайын.

Нөшөрлөгөн жамгыр болуп төгүлсөң,
гүл жайнаган талааң болуп турайын.
Азык алып ар бир тамган тамчыңдан,
өнүп чыккан гүлдөрүмдү сунайын.

Эгер болсоң кар аралаш бурганак,
чыйрыксам да азабыңа чыдайын.
Үшүтпөстөн жүрөгүмдү жылытып,
мени жандап жүрсөң болду ылайым.

Бул өмүрдүн белестерин ашкан соң,
билем-туям мезгил күтпөй турарын.
Жолоочубуз жол түгөрү белгисиз,
Оо, Жараткан, ажыратпа сурарым.

## КЭЭ БИР БЛОГЕР СӨРӨЙГӨ

Ашкере болот кыймылың,
бүгүнкү калпыс заманда.
Интернет желе «дүң» болот,
баш урсаң арам амалга.

Урдуруп кээде жазасың,
ылгабай агын-карасын.
Талкалап койсоң тагдырды,
аларсың бир күн жазасын.

Тууган да укпайт сөзүңдү,
болбосо элде колдоочуң.
Элиңден чыгып чекелеп,
билгиниң ишиң оңбошун.

Эл ичин жаман ой каптайт,
Арамдык ишиң тим жатпайт.
«Каргышы урат элдин» - деп,
эскиден кыргыз жөн айтпайт.





## ТУРМУШ ҮЛГҮСҮ

Кымбат өмүр өтүптүр октой болуп,
жигит кез жашабастан токтоо болуп.
Өзгөчө бир өрнөктүү иш бүтүрбөй,
эл-журтума пайдалуу жөлөк болуп.

Азыр дурус балдарымдын турмушу,
сен себепсиң жашоо - турмуш үлгүсү.
Эл алдында кадырымды көтөргөн,
үй бүлөмдүн чагылдырар күзгүсү.

Турмуш жүгүн дайым бирге көтөрдүң,
кыйын кезең жарым сага жөлөндүм.
Жаш өткөндө баш-көз болуп балдарга,
жылуу-жумшак мээримиңе бөлөндүм.

Мезгил шашып өмүрлөр бел ашса да,
жакшы тилек-максаттар бар алдыда.
Үзүр көрсөк мээриминен балдардын,
бизге кайткан турмуштун түшүмү да.

## ЫРЛАР СҮЙЛӨЙТ

Кайыбынан ырга жакын болгонум,
Жараткандын мага берген тартуусу.
Жыйып-терип урпактарга калтырган,
ырлар гана байлыгымдын барктуусу.

Ой-кыры жок, эс-мас учур жаштыгым,
ырлар сүйлөйт өмүрүмдүн күлгүнүн.

Жарды сүйүп, ата болгон, бакыт таап,
жан дүйнөмдүн баа жеткис чүйгүнүн.

Жытына мас мookум такыр канбастан,
неберемдин тыңшап күмүш күлкүсүн.
Таасирленип, ыр жазууга белсенип,
күндөр өткөн көз ирмебей түнкүсүн.

Ой-кыялым ыр дүйнөсүн кыдырып,
бирде тыңшап жүрөгүмдүн согушун.
Кайра баштан сөз тизмегин иреттеп,
тилек кылам ырлар өлбөс болушун.

## ТҮШӨРҮ АНЫК ТУЗАККА

Жол койбогун сени бирөө кордоого,
кыйын болор иш өткөн соң оңдоого.
Курт сыяктуу билип калса мүнөзүң,
пайдаланар пайдасына оң-солго.

Колдон келсе пас келбегин жаманга,
энчисин бер кор тутунган адамга.
Унчукпастан көздү жумуп койбогун,
шылтап коюп түбүң түшкүр заманга.

Калыс сүйлөп түз карагын бузукка,
Бузук ойлуу бара албайт эч узакка.
40 жыл эмес 40 күн өтпөй билинип,
Түшөрү анык өзү койгон тузакка.





## ОЙЛОНБОЙБУЗ

Ар пендеде пикир болот ар башка,
жаш, карыбы, карабаган тек жашка.
Кээде тагдыр ийлей берип сезимди,
айландырып коёру анык муз-ташка.

Кээ бирибиз дайым жаман ойдобуз,
Жаратканга жакпас тайкы жолдобуз.
Кара ниет, шайтан жолун туу тутуп,
иш жасайбыз эч бир пенде ойлогус.

Жабалактап ар тараптан талайбыз,
ушак-айың, жалааларды жамайбыз.
Кумурсканы пил сыңары көбүртүп,
бир тагдырды талкалоого жарайбыз.

Ойлонбойбуз, кара көрдүн азабын,
Жаратканым тоодой күнөө жазарын.
Тажыянда «Жакшы киши болчу» -деп,
коңшу-колоң кочуш турпак саларын.

## ЭЛДИН УУЛУ

Кайдыгерлик пайдубалы бүт урап,
алгалай бер элиң үчүн жол курап.
Кечээ эле тоготпогон душмандар,
учурашсын, эңилишип ал сурап.

Ар күнүбүз бекер текке кетпесин,
ой-максатың эл кызматын беттесин.

Бабаларым айтып келген алгы сөз,
эстей жүргүн элиң менен көктөшүң.

Кыргызымдын пейли күндө тазарып,
эл күтпөгөн ийгиликтер жаралып.
Ош, Бишкегим - жүдөй түшкөн борборум,
кайра баштан бара жатат жашарып.

Алга! Алга! Кызмат өтөп жаркылда!
«Эл уулу» - деп атың калсын артыңда.
Ата-Журттан алып жаткан ак батаң,
эгер билсең алмашылгыс алтынга.

**УК, КЫРГЫЗЫМ**

Ала-Тоосун карегиндей сактаган,
ата салтын аздек тутуп барктаган.
Ак калпактуу, таза пейил, меймандос,
намыска бек элим менен мактанам.

Кыргыз элин бүт дүйнөгө даңктаган,
байлык үчүн ар-намысын сатпаган.
Желбиреткен Мекен туусун кыз-жигит,
Балбандарга сыймыктанам, мактанам.

«Көк бөрүнүн» берип дайым сазайын,
жеңиштердин утуп келген далайын.
Жайылтырып бүт дүйнөгө жатышат,
ат ойноткон оюндарын бабамдын.





Жатса-турса «Манас» делген урааны,
чындык болуп азыркынын куралы.
Бирик кыргыз ар коктуга бөлүнбөй,
мезгил келди жаңы заман куралы.

Чакырыгын «батышчылдын» укпайлы,
башка элдин салт-санаасын тутпайлы.
Ук, кыргызым! Башты бийик көтөргүн!
Манас Бабам осуятын сактайлы!

**УШАК**

Бир тамчы ушак жаман,
булгаган тоо булагын.
Башыңа мүшкүл үйүп,
бузулса тынч турагың.

Жаман сөз оюн эмес,
орунсуз сүйлөп койгон.
Ушакка аралашсаң,
бир үйдү кылып ойрон.

Ушагың желдей тарайт,
жеңил го айтып коюу.
Бүлүктү салганың соң,
кыйындыр аны жоюу.

Эси бар адам болсоң,
Укканды замат ташта.
Акылга түйө жүргүн,
Эмне бар асыл башта.

## КӨМҮР СЫМАК

Кара ниет душманың көмүр сымак,
аракетин көп жумшайт күйдүрүүгө.
Жок дегенде атыңа көөсүн сүртүп,
баркыңды эл алдында булдуруугө.

Ушак уксаң кулакты жапырып кой,
Калыс болор Аллага тапшырып кой.
Көмүргө жакындасаң көөсү жугат,
Алыс жүрүп, жолобой коюу оңой.

Колдон келбейт, келгенди көрө албайт,
сен үчүн жамандыктын жолун камдайт.
Жаратканда энчисин алат бир күн,
жамандык иш эч качан алыс барбайт.

Арабызда жашашат кээ бир «көмүр» ,
Өткөндүгүн сезбестен кымбат өмүр.
Өмүр бою келишет кыр издешип,
Жумурткадан тапканы өңгүл-дөңгүл.

## А БАЛКИМ

Бүгүнкү күнүң менен жашап үйрөн,
кечээги өткөн күнүң кайра келбес.
Бар жумушту эртеңге калтырбагын,
а балким эртеңки күн толук болбос.

Таарынычты ченемсиз үйө бербе,
топтолсо жүрөгүңө жугү болор.





А балким ден соолугуң начарлатып,
аягы жаман илдет башка конор.

Уксаң мейли аныгын көрбөгөн соң,
бирөөнү аркасынан кеп кылбагын.
Ушак айткан адам да уккан чыгар,
ичинде билип-билбей эмне барын.

Айтып алып өкүнүп арман кылба,
бирок ал эртеңкиңе сабак болор.
Кейий бербей унутуп чийип ташта,
Кеткен ката акылыңа акыл кошор.

## ЫЙЫГЫМ СЕНСИҢ, КЫРГЫЗСТАН

Ыйыгым сенсиң, Кыргызстан,
уулуңда башка Мекен жок.
Алтынын баштан куйса да,
Алмашуу такыр деген жок.

Кырк уруу туутан элим бар,
жат жерге сугун артпаган.
Мейманын тосуп жайдары,
кыргыздын салтын сактаган.

Бүркүттөр учуп, шаңшыган,
ак илбирс тоону мекендеп.
Ак карлуу көк муз төрлөрүн,
Булуттар кетпейт эчендеп.

Космостон бермет көрүнгөн,
суктанаар Ысык-Көлүм бар.
Меккеден келген туристтер,
Тамшанып көрөр жерим бар.

## КЫРГЫЗСЫҢ

Кыргызсың, карт тарыхтан орун алган,
мекендеп Ала-Тоодой жерин тапкан.
Ак калпак, ак элечек көп кылымдар,
Аздектеп улут бойдон келе жаткан.

Кыргызсың сен, мейманы сый элиң бар,
ак мөңгүлүү Ала-Тоодой жериң бар.
Мурөк суусу агып турган тоо-таштуу,
өзгөлөрдү суктандырган кениң бар.

Кыргызсың, улут тилин сыйлап келген,
Улуттар көп мекенсиз ыйлап келген.
Изилдеп карт тарыхты чечмелесең,
билерсиң, тек-жайыбыз ыйык элден.

Алмашпай салттуу кийим, тилибизди,
кыргызга жалгыз таандык дилибизди.
Чанбайлы айланайын кыргыз боорум,
Туура тутуп салт-санаа, динибизди.





## БУЮРСА

Чымын жаның көөдөнүңдө барында,
жакшы атыңа көргүн балам камылга.
Көгөргүнүң калкың берген батадан,
абийириң алмаштырба алтынга.

Заман өттү сыйлык «пулга» сатылган,
куда-сөөк, тууган сыйлап ашынган.
Сүйлөп жүргөн акчалуусу бакылдап,
ууру менен көпөстөрдү жашырган.

Заманымда чаң-тополоң басылып,
бейнысаптар алкымынан асылып.
Бийликтерден өз энчисин алууда,
азаматтар Садыр, Камчы катырып.

Билимдүүгө заман келди буюрса,
бар акылын жакшылыкка урунса.
Өз элине арнап күн-түн мээнетин,
Мекен туусун колго бекем тутунса.

## ӨЗҮҢ МЕНЕН ООРУДУМ

Алыкулум! Өзүң менен оорудум,
ыр дүйнөнүн деңизине тоорудуң.
Жаш өткөндө мени кайра жашартып,
карылыктын азабынан корудуң.

Жетимишке жетип калган курагым,
балдарымдан убай көрүп турамын.

Бапырашып айламды он кетирет,
чөбөрөлөр тынбай берип сурагын.

Тынч жай издеп эргүү келип калганда,
эргүү качса каламбы - деп арманда.
Жаш балача бир кубанып аламын,
маңызы бар ыр жаратып алганда.

## УУРУЛУГУҢ БИЛИНСЕ

Ачкөздүгүң баштан ашып тойбодуң,
элдин акын уурдаганды койбодуң.
Эки кулач жерге алпарып көмүшөт,
эстей жүргүн курт-кумурска тойлорун.

Напсиң үчүн эл ырысын чанасың,
тазамын - деп, жаныңды жеп танасың.
Колго түшүп уурулугуң билинсе,
көз жаш кылып байкуш боло каласың.

Көөдөнүңдү байлык, бийлик ээлесе,
Өлүк байлык дарты тынчтык бербесе.
Кайсы бир күн элден чыгып куруйсуң,
куткара албайт сени башка эч нерсе.

Алтынга сатылгандын баары арзан,
абийринден башкасы болор жалган.
Катарынан элиндин чыккандан соң,
өмүр өтөт бул жашооң болуп арман.





Адамдарды түз жолунан бузарсың,
эл акысын жегениңди кусарсың.
Жек көрүнүп тууган-урук, элиңе,
урпагыңды жалаа менен тушарсың.

## ТООБО КЫЛАМ

Орунсуз сөз жашооңо бүлүк салып,
пендеге кымбат турат шүгүрсүздүк.
Кашык менен топтогон кадырыңды,
төгөсүң калпыс жерден ойрон кылып.

Ойлонбой сүйлөп коюп кээде тантып,
жалган менен кыйды сөзгө аралашып.
«Айтылган сөз атылган ок» дегендей,
айла жоктур ала турган артка кайрып.

Оң сүйлөбөй кары менен жашка да,
«чыйт» түкүрүп ичип жаткан ашка да.
Жака кармап, тообо кылам кээ бирде,
күнөө таксаң жерде жаткан ташка да.

Жалган-жалаа кылтак болуп укурук,
жакшыларды бир-бирине тукуруп.
Күнүң бүттү мыйзам кирип күчүнө,
баарын бирден жатышат го кустуруп.

## ЭЭРЧИП БАРАТ

Ак мээнетсиз жыргалда өмүр кыска,
изи калбайт анындан турмуш жууса.
Жалбырактай күздөгү төмөн кулайт,
кар аралаш турмуштук шамал урса.

Ак мээнеттин бир өмүр жолу узун,
уйкусу тынч, жашоосу кенен болот
Эл алдында макталып, абийир таап,
журтунда «чыгаан» деген атка конот.

Насип түгөп өмүрдөн өтүп кетсең,
«жакшы» деген элинде атың калат.
Чындык дүйнө дегени анык болсо,
амалдарың артындан ээрчип барат.

## МУКТАЖ ЭМЕС

Чачынды бубак баскан акыл эмес,
ак чачың кең акылга жакын эмес.
Бийликтин белестерин ашкан менен,
калк сени аксакалсың такыр дебес.

Эстүүсүнүп элинде төшүн каккан,
ылгабай жол талаша ийри баскан.
Картайса да ушактан башы чыкпай,
өрнөктүү өмүрү жок элге жаккан.

Айта электе кожоюнсуң сөзүңө,
айтылган соң сөзүң душман өзүңө.





Сүйлөсөң да ойлоп сүйлө дайыма,
жагабы же балким жакпайт көбүнө.

Түшүнсөң акылыңа муктаж эмес,
куйтудан дурус акыл чыккан эмес.
Шакылдап күнү-түнү сайрасаң да,
кыргызым сендейлерди уккан эмес.

## ООМАТ - СЫНОО

Ыймансыздык өз напсинден башталат,
шайтан сыңар аңдып турат чар тарап.
Бийлик, байлык ырыскысы берилсе,
сокур көөдөн басып калат чалкалап.

Жараткандын ырыскысын жактыруу,
колдо барга шүгүр айткан бактылуу.
Тыя албасаң өз напсиңди жүгөндөп,
көөдөнүңдөн ыйман сөзүн жат кылуу.

«Оомат» деген сыноо үчүн берилет,
акылсыздын эсин алып элиртет.
Урунаарга, урушаарга жоо таппай,
теңине албай хан сыңары керилтет.

Көп узабай тийип элдин каргышы,
колдон түшүп сынат анын дарбызы.
Мышык сыңар колу майга жетпеген,
мыёолосо чыкпай калат дабышы.

## ЭСТЕ БОЛСУН

Кыргызымдын мүдөөсү ишке ашып,
баратат өткөөл заман жолун басып.
Мамилесин оңдоого далбас уруп,
алыс-жакын чет дүйнө бизге шашып.

Бейбашы болуп келген бардык элде,
бурмалап, асылбагын жалпы элге.
Биригип жети дубан кыргыз элим,
бир муштумга түйүлүп турган кезде.

Үзмөк болуп ортодо бир уламын,
бузмакчысың бүт чынжырдын курамын.
Кайда барба, кимдин ырын ырдаба,
эсте болсун, бизде тукум уларың.

## БИЛИП КОЙ

Акылы кемтик, кумалак,
бир карын майды чиритет.
Тынч жаткан элин көкүтүп,
акырын ичтен иритет.

Элде бар кээ бир кумалак,
жаңжал, чырсыз тура албайт.
Кесири тийип кыргызга,
тынч оокатын кыла албайт.

Жыл өттү мына арадан,
азайып иттер кабаган.





Ооматы жүрүп Кыргыз көч,
өтүүдө чөлдүү талаадан.

Күн санап өлкөм өсүүдө,
бузуктар күнүң бүтүүдө.
Чагымчы менен жегичти,
билип кой, түрмө күтүүдө.

## АТЫҢ КАЛАТ

Иш туткун ар бир учур калыс болуп,
ушак сөз, наадандыктан алыс болуп.
Ынтымагын элиңдин сактоо үчүн,
зарыл учур эңилгин жапыс болуп.

Жигит бол, болбогонго майдаланбай,
уят болуп сөзүңдөн тайгаланбай.
Колдон келсе адатты алыс ташта,
кумурсканы пил кылып саймаламай.

Калыстыктан кадырың өсүп барат,
душманды да муютуп ийге салат.
Эл ичинде урпакка өрнөк болуп,
айтылуу «Акелердей» атың калат.

## ОШТОГУ КЫШ

Күүгүм тарта чыгыш-батыш чар тарап,
боз булуттар күндүн жүзүн калкалап.
Кыш жамгыры таасир берип сезимге,
көңүлдөр да чөккөн сымал байкалат.

Кышта толо көчөлөрдө сел агып,
баштан ылдый унаа ылай суу чачып.
Күлүшүңдү, сөгүшүңдү билбейсиң,
айла тапсаң четке чыгасың качып.

Кыш мезгили эсебинен адашып,
күздөгүдөй жамгыр орун талашып.
Жаңы жылга бере көр - деп, аяздан,
Оштук турат ак кар,көк муз самашып.

## ЖАМГЫР СЕБЕЛЕП

Салкын тартты көлдүн абасы,
эрте менен жамгыр себелеп.
Сулуулугу, салкын абасы,
суктандырган таңкы керемет.

Жума бою аптап сызгырып,
чыдамсызды абдан жүдөттү.
Мелүүн жамгыр, салкынды күтүп,
Самап жүрүп далай күн өттү.

«Зонтикчинин» кабагы бүркөө,
көлгө келген издер суюлуп.
«Жүгөрүлөп» кыйкырган үндөр,
бүгүн калды такыр тыйылып.





## ОКШОШКОН ЗАМАНЫМА

Акылынан адашкан делби сыңар,
сезимди бийлеп турат ыксыз абал.
Ыр эмес тамакка да табитим жок,
чүнчүгөндөй мендеги тунук кыял.

Сезимдер ызы-чуудан чарчагандай,
жасалма мамилелер каптагандай.
Жакшы же калпыстыгын иргебестен,
бирин бири көңүл улап мактагандай.

Ойлор аз келип турган баралына,
ырлар жок суктанарлык абалына.
Көбөйүп маңызы жок ыр жыйнактар,
окшошкон чаң-тополоң заманыма.

Эргүү жок келип турган баралына,
чабак урчу ыр деңиздин аралына.
Кайдыгерлик туманы каптап турат,
ыр саптары көрсөтпөй караанын да.

## КЫШКЫ ЭТЮД

Аяз баатыр өз бийлигин билгизип,
убактылуу бар өкүмүн жүргүзүп.
Берип жатат эли-журттун тилегин,
Жер Энени нымдуулукка тойгузуп.

Түнкү асман жылдыз-шуру тагынып,
бүткүл аалам кыш күчүнө багынып.

Тазаланып жаратылыш жаңыдан,
апапакай калың карды жамынып.

Сезилбестен кыштын ызгаар абасы,
бейкуттукта көөшүйт айыл арасы.
Жай-саратан, күзү бою тынбаган,
чарчаткандай көр тиргилик чамасы.

Морлорунан ак түтүнүн булатып,
мештеринде жалын ойноп кубантып.
Ар бир үйдө өз-өзүнчө жашоо бар,
адамзаттын өмүр жолун улантып.

Бутагында калбаган эч жалбырак,
бак-дарак да обону жок шуудурап.
Айлананы терең уйку баскандай,
Жазга чейин эс алчудай магдырап.

## ЖАҢЫ ЖЫЛГА ТИЛЕК

Жаратканым мага берген акылыңдан,
ажыратпа мен сыйлаган жакынымдан.
Жаңы жылда кучак толо ынтымак бер,
иргеп салып адамзаттын бакылынан.

Сактай көргүн мансапкордун өктөмүнөн,
уруш-жаңжал, ажал отун төккөнүнөн.
Насибине бала-чакам, урпактардын,
аябагын жакшы заман, көктөмүңөн.





Алыс кылгын ачкөздөрдүн байлыгынан,
чыры бүтпөс кокус келген сыйлыгыңдан.
Адал оокат, бир сындырым наның артык,
душманы көп ат башындай алтыныңдан.

Оору берсең шыпаасы бар оору бергин,
кечире көр пендечилик бардыр, кемим.
Пенде катар кыйналганда жардам күтөм,
тилек менен ыйык тутуп сенин демиң.

## ТОКОЙДО КЫШ

*(Балдар адабияты)*

Шуудураша шамал жүрсө ыргалып,
жазы-күзү түрдүү түскө сырдалып.
Токой ичи бир башкача керемет,
кыш чилдеси кар жамына сурданып.

Түркүн куштун сайраганы басылып,
ар коңулда кыш ызгаардан жашынып.
Тыйын чычкан издеп жүрөт азыгын,
күзүндөсү койгон жерден жашырып.

Караган-чер алаңкөздүн жатагы,
ал да жашайт тыйын чычкан катары.
Бар тапканы тамыр, кабык кемирет,
коркоктуктан чыгып дайым атагы.

Бөрү, түлкү, алгыр куштун азыгы,
башка бүткөн коёнектин жазыгы.

Ар жылына үч-төрт ирет балалап,
көбөйүүдө билинбестен аздыгы.

Көп канаттуу жер которуп кетишкен,
кышы жылуу өлкөлөргө жетишкен.
Кекилик-чил, бактек менен таранчы,
те илгертен мында жашап келишкен.

Тарп аңдышса кузгун, үкү, жорулар,
кыргый, бүркүт, алгыр куштар дагы бар.
Кешик издеп бийик учса кээ бири,
Алгырлары жылуу канды сагынаар.

Жаратылыш мыйзамына баш ийип,
Күчтүүсүнөн алсыз келет жашынып.
Тең салмакта бир-бирине жем кылып,
Улуу бир күч байлап койгон катырып.

## БИР КОРГОЛ...

Жаңыланып иштөөгө багыт алып,
бейтаптарды тейлөөнү жолго салып.
Өзгөрүптүр борбордук оорукана,
элинен ыраазылык күндө алып.

Оорулууну илбериңки кабыл алып,
айтылган арыз-муңга кулак салып.
Мурдагыдай шылтоосуз кезек күтпөй,
келген күнү жаткырышат жолун табып.





Бир бөлүмдө орун дале сатылат - дейт,
бош болсо да койкалар катылат - дейт.
Капчыгына салбасаң «каалооң» менен,
артын салып жолотпой качырат - дейт.

## ЫНСАП МЕНЕН

Үмүт-булак жашап турсаң такыр соолбос,
үмүтү жок жашаганга шайтан жолдош.
Максатты ынсап менен тең коё алсаң,
тилегиңди Жаратканым чана койбос.

Үмүт бүтпөйт, бүткүчөктү өмүр түгөп,
максат келет адамзатты алга сүрөп.
Үмүт түгөп калса эгер - эртеңкиң жок,
максат менен согуп турат ар бир жүрөк.

Жашоого көн максатыңды коюп кенен,
ар бир күнүң жуурулушсун адал менен.
Жаратканда чың ден соолук тиле-сура,
азыраакпы, андан көппү ынсап менен.

## КАЙРАН ПЕНДЕ

Кең ааламды карегине түнөтүп,
күнөөбүзгө күнү-түнү күбө өтүп.
Көз кырында узатууда Улуу күч,
кылымдарды, доорлорду күзөтүп.

Кемебиз бир бүт адамзат сүзүүчү,
кең космосто аалам кезип жүрүүчү.

Кемебизди келемиштей тешкилеп,
көбөйүүдө курмак тургай, бузуучу.

Кээде сунуп адамзатка сыноосун,
капылеттен сала коюп тушоосун.
Канча кылым коргоп келет Улуу күч,
камын көрүп пенде тукум улоосун.

Кадырлабай көз ирмемдик өмүрдү,
кайран пенде сындырабыз көңүлдү.
Кайтпас болуп ичер сууң түгөнсө,
кете бердиң жылтыратып көзүңдү.

Картайганда оңдоп-түзөп сөзүңдү,
күтүп дайым капыс келчү өлүмдү.
Кечирер - деп, кылган айып-күнөөмү.
Кайран пенде! Оңдойсуң ээ, өзүңдү...

## АЛЫКУЛУМ

Көл жээгин ойлуу басып өткөн кылым,
айткан тура Ысык-Көлгө ыйык сырын.
Махабатын, ичте жаткан армандарын,
жүрөгүнө сыйбай калган муңдуу ырын.

Жай таппай бул жалганда арзуулары,
четтешип акын сүйгөн жандуулары.
Баса турган жолуна чалма ыргытып,
басынтышып көрө албас алдуулары.





Сүйүүдөн жолу болбой Алыкулум,
көлгө айтып жүрөктөгү болгон сырын.
Тартса да ден соолуктун азаптарын,
жазган - дейт, күнү-түнү албай тыным.

Бар сүйүүсүн, ырларын көлгө арнап,
узаар учур кете албай көлдү таштап.
Бул турмушта канчалап дос күтсө да,
Ысык-Көлдү баарынан жалгыз тандап.

## БИР ПЕНДЕМИН...

Калсам да жетимишке жакын таяп,
бир пендемин мейманы тыйылбаган.
Айланамда дайыма жакшы адамдар,
достор үчүн дасторкону жыйылбаган.

Кулак жок ушактарга күбүр-шыбыр,
көзүм жок бузук ишке ыпыр-сыпыр.
Кээ бирде керең, сокур болуп коём,
Жаратканым ыроолоп дайым сабыр.

Буттан алып чалса да татаал турмуш,
таарынычты мага Кудай буюрбаган.
Ылгабастан пендезаттын ич аласын,
Жаратгандан башкага сыйынбаган.

Күрөшүп кайдыгерлик илдет менен,
кетирген кемчиликтен сабак алып.
Колдон келсе аракет жасап жүрөм,
айылымда көп иштерге көмөк салып.

## ТИРГИЛИК

Оо пендем! Ахывалың бүгүн кандай?
Турмуштун татаалдыгы билиндиби?
Кошулуп жакшылардын катарына,
бакыттын булагына кириндиңби?

Турмуштун таш жолуна сала коюп,
«Ала куржун» мойнуңа илиндиби?
Сапарда таманыңды тилип алып,
ылайга, балчыгына кириндиңби?

Пенде заты жаралган соң дүйнөгө,
жашоо өзү тамшандырган тирилик.
Жакшылыгы, же жаманы өзүңдөн,
адамдыгың дайым турсун билинип.

## АЙЫЛЫМ

Ыйыктыгың моюндаймын айылым,
ыр жааны көөдөнүмө сыя албай.
Шуру сымал агып келет саптарым,
жүрөк булка эргүүлөрүм тыйылбай.

Барып калсам жаш баладай кубанам,
балапан кез өсүп-өнгөн уямдай.
Кайтарымда кылчактаймын артыма,
аска зооң, чаң жолуңду кыя албай.

Кубат алып, эргүү издеп өзүңдөн,
барган сайын талаа-түзүң кеземин.





Элестетип тээ бала чак кезимди,
кадимки эле он сегизде сеземин.

Өнүп-өсүп бир өзүңдөн көктөгөн,
тууган-урук, ата-тегим, жакыным.
Тукум улап, урпактарым уланат,
сага байлап келечекте тагдырын.

## ЖАЗА БЕРЕМ ДАГЫ ДА

Аркар, кулжа мекендеген байыртан,
көк тиреген аска-зоолуу кырларың.
Жайы-кышы Кара-Койдон оргуштап,
көбүктөнүп мөлтүр булак сууларың.

Тага-жээни, куда-сөөктөр баарысы,
чырмалышкан эки кылым кеминде.
Төрт айылдын эли мага бип-бирдей.
сурай келсең баары тууган элимде.

Жүрсөм дагы кээ бир учур алыста,
Кыргыз-Атам сенин атың кубатым.
Ата-бабам түбөлүккө жай тапкан,
бир күн келер мен да барар убагым.

Сенде өстүм, сага кетем кайра эле,
эки дүйнө менин калаар турагым.
Канча жаздым, жаза берем дагы да,
Кыргыз-Ата дайым болуп ураaным.

## ЫЙЫК ЖАЙДА

Көз жаш ага, тиленип дуба кылдым.
Сакта - деп, эл-журтумдун бейпилдигин.
Тазалап ич дүйнөсү бузуктардан,
жоготуп кыргызымдын кемчилдигин.

Ыйык жайда тиленип дуба кылдым,
элиме дүйнөдөгү жакшылыкты.
Кырманы толуп турган эгин-данга,
күздөгү төгүн-чачын, барчылыкты.

«Оомийин» - деп жүзүмө бата тарттым.
Сакта - деп, калпыс келген кырсыктардан.
Кой үстүндө торгойлор жумурткалап,
келсе - деп, эч кеми жок жакшы заман.

## АЙЫРМАСЫ

Таза бойдон билбестен эмне арам,
төрөлдүңбү адамдан, болуп адам?
Турмуштун элегинде иргелээрсиң,
ташыркабай жасасаң бекем кадам.

Төрөлбөйт пенде заты болуп жаман,
турмушта бири момун, бири сараң.
Турмушуңдун майдалап тегирмени,
тең экиге ажыратат баскан кадам.

Жакшы менен жамандын айырмасы,
жаамы журттун калыстык таразасы.





Жаман атка бир жолу учкашкан соң,
жакшынын анык болор кайрылбасы.

Бирдей болот кетээрде даражасы,
бирдей болот «жети кез» каражаты.
Болгону жакшы-жаман аты калат,
бул «жалганга» калуучу аманаты.

## КАЙРАДАН ЖАШАЙМ ӨЗҮҢДӨ

Көр дүйнө үчүн сатпайын,
акындык салтты сактайын.
Маараны колдон чыгарбас,
калемим учтап таптайын.

Жаманга карай октолуп,
калемим тургун шоктонуп.
Көзүнө сайгын бузуктун,
акыйкат үчүн сот болуп.

Талашып элдин таламын,
калемим ишке жарагын.
Абийирин төгүп уурунун,
ачыкка сүйрөп сабагын.

Бир келген ушул өмүрдө,
ырдайын элим жөнүндө.
Бул жалгандан өткөн соң,
кайрадан жашайм өзүңдө.

## АЙТЧЫ КАНА

Жүргөндөр бар тагдырына таарынып,
жүрөктү эзип, басса-турса кайгырып.
Жолум жок - деп, турмушундан бүгүнкү,
келбегенсип эртеңки күн кайрылып.

Жаратпаган Жаратканым бай кылып,
же болбосо жокчулукту жай кылып.
Ырыскыңды талашпасаң тагдырдан,
келмек беле дөөлөт издеп кайрылып.

Пендесиңби? Туулмак бар, өлмөк бар,
ырыскы үчүн чокту басып көрмөк бар.
Адал оокат, мээнет менен жашоодон,
айтчы кана, кандай башка өрнөк бар?

Бай болсоң да, бий болсоң да ошосуң,
бир күн келет, көз чакчайып тозосуң.
Белинден күч, көзүндөн нур түгөнүп,
миң кайталап кылган күнөө «Тообосун».

## ПАПАНДЫК АЙЫМГА

Папанда жаңы келип жаздын маалы,
жуушаган кокту-колот элдин малы.
Ар бир үйдө жыттанып айран-кымыз,
шаркырап Ак-Бууранын шаңдуу шары.

Көз жарып ушул мезгил ыйык жайда,
жаркыган майрамга бай ушул майда.





Ошол түн байкуш келин ойлонбогон,
наристесин чоңойторун кайсыл жайда.

Турмушта кээде түшүп жалын-чокко,
өксүтпөй бирде барга, кээде жокко.
Өстүрдү кем кылбастан эркелетип,
ниет кылып кошууга жакшы топко.

Кыз жетилди суйкайган чүрөк моюн,
келишкен айдай сулуу, түзөп боюн.
Мүнөзү эркектерден кем калышпас,
бербеген кээ бирчилеп бекем оюн.

Көз артып далай жигит андай жанга,
арманда калгандары болгон канча?
Мүнөзү жигиттердей болгону үчүн,
болгондур жологону балким чанда.

Сулуулугу сулуу кыздай айдагы,
кең пейили Ак-Буурадай жайдары.
Ойлоп коём, бактысы зор инсан го,
оомат коштоп, жары кылып алганы.

Жаштыгы закымдады тартып кербен,
бактысы ашып-ташып кээ бир элден.
Туткасын турмушунун бекем кармап,
азыр апа балдарына мээрим берген.

## ООРУКАНА...

*(Мээримдүү дарыгер Маманова
Асылкан эжеме)*

Ооруукана. Шаша жүргөн адамдар,
жөлөп-таяп араң баскан кадамдар.
Пенде аягы басылбаган күнү-түн,
базар сыңар ызы-чууга барабар.

Бири келет, бири кетет дайыма,
мамилелер карап болот алына.
Кээ бирлери капыс түшсө бул жайга,
көпчүлүгү көрүп келет камылга.

Кайталанат күндө ушул көрүнүш,
дабаагерге бул көрүнүш көнүмүш.
Байкап турат оорулуунун абалын,
болсо дагы кээ бир куусу өлүмүш.

Ушул жайга келет эмчи-домчусу,
молдо-кожо, төшүн урган докчусу.
Ооруганда жаны көзгө көрүнүп,
дабаагерди Кудай көрүп өпчүүсү.

Ооруукана. Түркүн кыял адамдар,
арасында алтын колдуу адам бар.
Көңүл улап, алың сурап туруучу,
Асыл эжем, бир тууганга барабар.





## КӨРӨРСҮҢӨР

*(Кубатали Азимбаев иниме)*

Оорулардын дартына дабаа болуп,
ажал менен алышып, жолун тооруп.
Кубат иним көп жылдар ак кызматта,
пенде өмүрүн сактоого себеп болуп.

Байлык менен бийликке сатылбаган,
иштери көп Кубаттын айтылбаган.
Жаш кезден аты чыгып түштүгүмө,
кызматтан абийир таап жаркылдаган.

Бир ырым аздык кылар мактаганга,
Кубаттын алгы иштерин тактаганга.
«Пахтасы» жок, чындыгын айтып жатам,
бересем жок, кур бекер жактаганга.

Буюрса анын ишин көрөрсүңөр,
темирдей тартибине көнөрсүңөр.
Ноокатта иштериңер алга жылып,
ыраазылык сөз айтып жүрөрсүңөр.

## БУЛБУЛ ҮНДҮҮ АЙТИКАНГА

Мүнөзүң жагып келет көпчүлүккө,
сендеги ачык көңүл, пейил кенен.
Чанда бир пенделерде учуроочу,
булбулдай созолонгон үнүң менен.

Турмуштун кээде таттың убайымын,
сынбастан бирде барга, кээде жокко.
Өстүрүп эл катары балдарыңды,
ниет менен кошууга жакшы топко.

Кем кылбай Жаратканым жакыныңды,
зирек кылсын ар дайым акылыңды.
Эл алдында зобологуңду бийик кылып,
бала-кызың көкөлөтсүн кадырыңды.

Өмүрүң болсун Айтиш күндөй ачык,
Жараткан ыроолосун мээрим чачып.
Жамандык үй бүлөңө жолобосун,
жашагын урмат-сыйга дайым татып.

## БЕШБОЛУШ МАТИСАКОВ ИНИМЕ

Өзүңдөн мен алыста жүргөн менен,
суктанамын, ырыңды терең талдап.
Үйрөнүп ыр жазуунун ыкмаларын,
жетүүгө даражаңа мен да чындап.

Окуймун ар ырыңды көңүл жыргап,
оюңду жазгандарың бекем сындап.
Төрт сапка көп учурда батырасың,
омоктуу, ошол ойду сонун сырдап.

Сезип-туюп окурмандын элегин,
ыр жазуунун өздөштүрүп тереңин.
Жан дүйнө бир калемдешке дайыма,
үлгү сымал тийип турсун керегиң.





## АКЫН ДОСУМ ШАМЫРБЕК ТУРГУНБАЕВГЕ

Булак болчу бир кездерде жылгада,
бүгүн калды чоң дайрага айланып.
Жакшы багып Кудай берген талантты,
жан дүйнөсүн ыр дүйнөгө байлантып.

Көчөт эле жаңы бүчүр байланган,
азыр турат чоң чынарга айланып.
Эл намысын коргоо үчүн айтышта,
комуз колдо, дайым даяр шайланып.

Напси үчүн Арзыматтай болгон жок,
жашка үлгү, элге кылган кызматы.
Карапайым кыргызымдын акыны,
жөнөкөйлүк баскан, турган турпаты.

## ТУУГАНДАРЫМ

*(Ыр баян)*

Жакшы көрөм баары мага туугандар,
мени десе тигинен-тик тургандар.
Сыртта жүрсөм ар дайыма мактанам,
көчөбүздө жүздөн ашык тууган бар.

Арасында салт-санааны билген бар,
элдин сөзүн кулагына илген бар.
Жакшылыкка-жамандыкка тик туруп,
көчөбүздө кадыр-баркы сиңген бар.

Сырттан укса мазак сөздү теригип,
топтолушат Кандy аттуусу биригип.
Андай учур жатпайт эч ким үйүндө,
чуркап жөнөйт момуну да тирилип.

Ак сакалы жайкалганда көпкөн бар,
мас болгондо айыпсызды сөккөн бар.
«Камоктордон» алыс кетпей сагалап,
баш жазууга беш-он сомду күткөн бар.

Туугандарым арасында чырлуу бар,
тымпыйышып сөз сүйлөбөс сырдуу бар,
Кошунанын ийгилигин көрө албас,
кээ бир тууган ушунчалык ичи заар.

Күнү-түнү бешене тер төккөн бар,
башы менен мал-дүйнөгө чөккөн бар.
Титирендеп мал туягын эсептеп,
эл катары кийим кийбей өткөн бар.

Арасында ала көөдөн курган бар,
ме алгын -деп, бар оокатын сунган бар.
Сарандыгы дан таттырбас чымчыкка,
өзгө тургай өзү жебей көнгөн бар.

Кээ бир тууган эл менен жок чатагы,
кызык эмес күндүн чыгып-батканы.
Өрт кетмектен сел алса да кенебес,
жашап келет бир бечара катары.

Өтүп жатат олку-солку замандар,
көчөбүздө баары жакын туугандар.





Үч атадан биригишкен баарысы,
каныбыз бир ажырагыс адамдар.

Колдой берсин аталардын арбайы,
бейиш болуп жаткан жери - жайлары.
Көбөйүшүп өсө берсин Кандылар,
эр жетилип жолборс мүнөз балдары.

## ЖҮЗҮМ ЖАРЫК ДАЙЫМА

Уул-кыздарым эл кызматын аркалап,
жароодосуң эл-журт үчүн керекке.
Жараткандан колдоо болуп дайыма,
биздин үйгө кирип турат береке.

Сыймыктана башты бийик көтөрүп,
эл алдында жүзүм жарык дайыма.
Үлгү алышып неберелер силерден,
татып жатат эл-журтумдун сыйына.

Катар-катар неберени тартуулап,
келиндерим жанып турган чырагым,
Силер барда дасторконум жайылуу,
жылуу жана берекелүү турагым.

Баарың тегиз өсүп турган чынарым,
талыкпастан иштей турган убагың.
Апаң менен ар күн тилеп амандык,
Жараткандан бата тилеп турамын.

## ҮЙ БҮЛӨМ – КИЧИ АРАЛЫМ

Бейпил жашоо болсо дайым үйүмдө,
түгөл болуп балдар-кыздар - ыйыгым.
Жаратканым ар күн сенден суранган,
эң кымбаты мага берчү сыйыңдын,

Оомал-төкмөл заманымда мокобой,
бирге тартып жыргал менен жазыгын.
Бактысы үчүн ар бир бала-чакамдын,
күрөшөмүн жумшап болгон акылым.

Ааламда жок кен-байлыкка толтура,
үй бүлөм бул - менин кичи аралым.
Суук көздөн, жаман сөздөн сактоочу,
бекем чебим, урпак - тукум уларым.

## АЙНАГҮЛҮМӨ

Жыйырма жаш боз улан кезимдеги,
Жаратканым ыйгарган белегимсиң.
Балдарымдын улуусу, жөлөк болор,
биздин үйдүн ишенген тирегисиң.

Эс тарта тандап алып билим жолун,
«жаштарга» - деп өтөдүң көп мээнетти.
Кыдыра кыргызымдын төрт тарабын,
калтырбай көрүп чыктың бүт элетти.

Мүнөзүң жазындагы өткүн сымал,
капалыгың билинбей тез жазылып.





Кыялың ачык көңүл наристедей,
кубансаң ак көңүлдөн чын каткырып.

Тунуктугуң булактын тамчысындай,
дилиң ак, илип алар карасы жок,
Жаралышың жаманга жолобостон,
айтылган сөздөрүмдүн катасы жок.

Мына бүгүн колдо ойноп небере,
өзүң дагы болдуң кызым чоң эне.
Бирок айтсам дилимдеги оюмду,
атаң үчүн эрке кызсың дагы эле.

## НАЗИГИМЕ

Жети айлык, аты Назик болсун - деп,
бапестедик өстүрүүнүн камын жеп.
Балдарымдын эң назиги ушул кыз,
эсен-аман чоңойсун - деп, койдук тек.

Болгон үчүн кыздарымдын Назиги,
эрке өстүң жаш кезиңден кенедей.
Дайым аяп, бакчамдагы гүл сыңар,
эркелеттим айга, күнгө теңебей.

Намысыма жарап бердиң Назигим,
ой-максатым баары чыгып оңунан.
Сыймыктана тууган-урук баарысы,
келе жатат сиңди-инилер соңунан.

Элден ашык зирек болуп жетилип,
эл кызматын аркалайсың тетигип.
Коопсуздугун коргоо үчүн күн-түнү,
ак кызматың өтөөдөсүң берилип.

Акырындап Ноокат, Оштон башталып,
мына жеттиң Бишкегиме аттанып.
Тепкичтерин басып өтүп кызматтын,
келип жеттиң Комитетке макталып.

Ак кызматты өтөй бергин жан кызым,
пагонунда, төштө жанып жылдызың.
Жер каратпай ак баш болгон атаңды,
көргөз дайым тарбияңдын тактыгын.

Бул ийгилик кызым сага чек эмес,
майор чини, полковникке тең эмес.
Жок дегенде подполковник болгунуң,
уйкуну азайт, боло бербей кенебес.

## АЙБЕГИМЕ

Ак батамды алып ар күн кызматтан,
жаш өткөндө жөлөк болор тирегим.
Үмүтүм зор айланайын жан балам,
эл-журтуңа тийсин дайым керегиң.

Оңдоп-түзөп өткөн күндүн катасын,
эл-журтуңдун көп алгының батасын.
Сен да бир күн көп небере жетелеп,
атаң сыңар бакыт даамын татасың.





Ак көңүлүм, пейли таза дилдейим,
артыкча бир мактоо сөзүн билбейин.
Бул өмүрдө оомат коштоп дайыма,
жамандыктын эмне экенин билбегин.

## АЙЧҮРӨГҮМӨ

Ак ниетте иштеп Салык кызматын,
атың чыгып өсө берсин урматың.
Ак эмгектен кадыр тапкын ишиңде,
айдай сулуум, Айчүрөгүм - кымбатым.

Туулган күнүң ак батамды сунайын,
бакыт кушу жандап жүрсүн ылайым.
Коляң менен өмүр сүргүн бактылуу,
дайым көрүп балдарыңдын убайын.

Жакшылыкты суна берсин кош колдоп,
Жаратканым баарын сага бүт жолдоп.
Жандап жүрсүн ата-энемдин арбайы,
жамандыкты жолотпостон бек коргоп.

## АЛИСАМА

Биздин үйдүн берекеси Алисим,
опол тоодой бактыбызда үлүшүң.
Муңайбастан турмуш жүгүн аркалап,
шайыр мүнөз күлүп-жайнап жүрүшүң.

Асылкечи Айбегимдин, өмүрлүк жар,
өзүң бар биздин үйдө береке бар.

Ак батасын чын дилден арнап турат,
көрүшүп сый-урматты карыялар.

Бул жалганда алмактын бермеги бар,
жароокер мамилеңдин салмагы бар.
Бизге кылган камкордук мамилеңдин,
балдарыңдан бир учур кайтмагы бар.

Колдой берсин үйүңөрдү Кудайым,
тартпагыла бул өмүрдө убайым.
Эр жетилип сен өстүргөн балдарың,
бир көргүлө Айбек экөөң убайын.

### БЕНАЗИРИМЕ

Бина-Тима! Кол кармаша жашыңдан,
ташыркабай өмүрдүн тоо-ташынан.
Жаратканым колдоп дайым силерди,
жан балдарым ашкыла көп ашуудан.

Кызмат кылып улуу менен кичүүгө,
тартибиңден эл-журтуңар билүүдө.
Тилегеним кенен болсун жолуңар,
эгиздердей бир ээрчишип жүрүүгө.

Кызым дайым мактанам сени менен,
бата берем: «Келечегиң болсун кенен!
Даректай мөмө байлап, алкыш алып,
Тима азамат! Баракелде, Бина!» - деген.





### ТИМУРУМА

Бул өмүрдө эң чоң утуш,
жолуңду туура тандоодо,
Адам болуп жашоо татаал,
боло көр балам алкоодо.

Ар бир күндүк өмүрүңдө,
Кудайым дайым колдосун.
Изиң калсын эл мактаган,
буюруп оомат жоргосун.

Уулдар үйлөп, кыз узатып,
мөмөлүү бактай өнгүлө.
Жарың менен биргеликте,
турмуштан убай көргүлө.

### АЙЖАНЫМА

Айжан атап «Азан» айткан атыңды,
алпештедик сылап кундуз чачыңды.
Биздин мээнет ак экенин далилдеп,
бийиктеттиң эли-журтка баркымды.

Өз элиңдин көп-көп алып батасын,
узак болсун бул жашоодо сапарың.
Жалаң гана жакшылыктар буюруп,
арбайлары колдоп Ажы бабаңдын.

Сыйла кызым атаң менен апаңды,
энең менен картайган чоң атаңды.

Үлгү көрсөт күлүп-жайнап кичүүгө,
ачык кыла дайым кабак-кашыңды.

Көп үйрөтө кыргызымда салтымды.
биз өстүрдүк күмүш эмес алтынды.
Тилеп келем Айжаныма бергин - деп,
өмүр бою тоодой бийик бактыңды.

**БЕРМЕТИМЕ**

Ай чырайлуу менин сулуу Берметим,
айга теңейм сенин сүйкүм келбетиң.
Куттук айтып бүгүнкү майрамыңа,
«Өмүрлүү бол, бактылуу бол!» - демекмин.

Жаратканым болсун дайым колдоочуң,
жакшы ниет ажырагыс жолдошуң.
Биз тилейбиз алтын кызым өзүңө,
өмүр бою жалаң бакыт орношун.

**ЭМИШИМЕ**

Тилейбиз Эмиш аманың,
күн алыс сурап абалың.
Кудайым колдоп өзүңдү,
бактылуу болсун заманың.

Ата-энең болсун жанында,
акылдуу болсун жарың да.
Алпештеп багам - деп тилеп,
жан балам көргүн камылга.





Айтылган кепке кулак түр,
эркексиң Эмиш билип жүр!
Карындашыңды аздектеп,
сый-урмат менен өмүр сүр.

Таятаңдын байка кабарын,
унутпай айткын саламын.
Казбек дос капа болбосун,
сурап тур ар күн абалын.

Турмушта тандап таза жол,
Казбекке дайым арка бол.
Күлүктү көбү көрө албайт,
жайышып доско тузак-тор.

Кудайым берсин ачык жол,
былк этпес бекем аска бол!
Эл-журттан алып ак бата,
алтыным Эмиш, жүзгө тол!

**АЛИЯ АЛТЫШКАМА**

Ашыкча эле боорукерсиң жан кызым,
таңкы Чолпон жарыгындай Нур кызым.
Нурун чачып жаркыратсын эл-журтту,
ашып-ташып, бактылуулук жылдызың.

Жаратканым берсин кызым өмүрүң,
жаркып турсун ар бир күндө көңүлүң.
Умай Энем колдоп жүрсүн жанында,
балын татып бир жол келген өмүрдүн.

## НАГИМА НЕБЕРЕМЕ

Суу көтөргөн сулуу кыздай айдагы,
кара кашы, суйкайганы жайдары,
Терең ойлоп ар кадамын абайлап,
биздин үйдүн эсепчиси, каймагы.

Созулушу кадим кытай жибеги,
таятасынын ишеничтүү тиреги.
Үмүтүм зор келечекте жетилип,
баарыбызга тиет го - деп, кереги.

Жаратканым берсин узун өмүрүн,
эч чөкпөсүн Нагимажан көңүлүн.
Аткарылсын сен тилеген ой-максат,
катасы жок ар бир айткан сөзүнүн.

## АЛИХАНГА

Алиханым! Ак көңүлүм, зирегим!
зор үмүттөр сенден күтүп жүрөмүн.
Эр жетилип, зор билимге ээ болуп,
Ата уулу бол! Ушул айтар тилегим.

Жаратканым мага берген белегим,
картайганда жөлөк болор тирегим.
Ушунундан жазбай өскүн жан балам,
эл-журтуңа тийсин дайым керегиң.

Сабагыңды жалкоолонбой окугун,
кайталаба жамандардын жоругун.





Алиханым! Жалкоолорго жолобо,
көрөм десең бул өмүрдүн оозурун.

Атым сактап урпагымды уларым,
бекем болсун келечекте турагың.
Жаман ишке шерик болбо эч качан,
Алиханым! Ушул сенден сурарым.

## АРУУКЕМЕ

Айдай сулуу, ак көңүлүм Арууке,
Кудай берсин өмүрүңө береке.
Акылдуу өс, бешке окуп дайыма.
жарай көргүн элиң үчүн керекке.

Ата-энеңдин ишеничин актагын,
эстүү болуп тартибиңди сактагын.
Профессор болууну эгер кааласаң,
онго чейин уктаганды таштагын.

Жалкоолонбо, апакеңдин тилин ал,
төшөнчүңдү өзүң жыйнап, өзүң сал.
Жатаар алдын унутпастан ар күнү,
Ноокаттагы чоң атаңдан кабар ал.

Гүлдө, жайна! Шайыр өтсүн өмүрүң,
бул жашоодо чөкпөсүн эч көңүлүң.
Кудай сага насип кылсын Арууким,
бийик жерин бактылуулук төрүнүн.

## АЙЛИНИМЕ

Айлиним, элден ашкан эрке болду,
таң калыштуу, быягы кызык болду.
Оозунан эмдигиче «чупсу» түшпөй,
сүйлөгөнү ангиличан тили болду.

Кызга окшогон, бир дагы адаты жок,
кылыктары эркек сымал, олдок-солдок.
Айтканын бирөө жарым аткарбаса,
тополоңчу, Кудай сакта, чатак болмок.

Жараткандан кызыма өмүр тилеп,
чоңойсо, болсо экен - деп, өтө зирек.
Буюрса кыздарымдын эң кыйыны,
ишенемин ушу кыз Айлин болот.

## ЖАНЕЛИМЕ

Биздин үйдүн эң эркеси Жанелим,
ачылууда он гулүңөн бир гүлүң.
Салыштырам дайым сени садагам,
эми ачкан алмабыздын гүл бүрүн.

Тилиң ширин, назиктигиң башкача,
дилиң аппак, тунук суудай таптаза.
Келечектен үмүтүм зор жан кызым,
Жаратканым мээрим төгүп жактаса.

Жана берсин садагасы жылдызың,
алдыңкысы болуп өсүп кыргыздын.
Айперидей кыздан болуп жетилип,
даамын татып алдыдагы турмуштун.





## АБДУЛЛАГА

Мезгил келип Абдулла өбөк болор,
мээнетимди түшүнүп жөлөк болор.
Өзүңө мисал болуп менин жашоом,
бул өмүрдө турмушуңа сабак болор.

Кабыл этсин Абдуллахым ак батам,
турмушуңда бийик болуп барк алган.
Унутпай жүр, чоң атаңдын кадырын,
урпак улар тилектерин ал жаккан.

Бекем сактап мен кураган коргонду,
уландыргын мен улаган жолдорду.
Балким чыгып, эсте калбай чоң атаң,
унутпагын кандай мээнет болгонду.

## ЧӨБӨРӨМ ИБРАГИМГЕ

Чөбөрөмдүн жытын искеп сагынып,
Жараткандан өмүр тилеп жалынып.
Тагдырыма миң ыраазы боломун,
бул жашоонун бакытына малынып.

Биле албаймын ою кандай өзгөнүн,
чөбөрөм сен кызыгысың дүйнөнүн.
Бакытымдын туу чокусу - деп билем,
кол кармаша жетелешип жүргөнүм.

Изим басып менин урпак уларым,
көзүм өтсө бейиш тилеп турарым.

Жаман сөзүң тийдирбестен бабаңа,
зирек болуп менин жолум улагын.

Эл уулу бол менин сенден сурарым,
Мекен болсун колуңдагы ураанын.
Илим-билим казынасын каза бер,
жаркыраган заман болсун курарың.

## МАГА КЕЛГЕН КААЛОО, ТИЛЕК, КУТТУКТООЛОРДОН

### ТАШБОЛОТ АГАМА

Сезими бар жүрөк дайым жаш болот.
серпип койсо «селт» эттирген каш болот.
Аалам төрдөн табыштырган калемдер,
агам менин Беккелдиев Ташболот.

Жашап жазып тамырынан заманды,
жан дүйнөсү кең, батырып ааламды.
Көрүп сыйын жеңем экөө, үйрөндүм,
кантип баркташ керектигин аялды.

Көрүш үчүн Кара-Койду кырды ашам,
Кыргыз-Ата суусун жээктеп сырдашам.
Аалам, адам, аял… баарын сүйлөшүп,
агам менен дагы далай ыр жазам.





Удургуткан «асылдарды» аз ырдап,
улуу-кичүү жакындарды кадырлап.
Жеңем менен бирге тиккен калың бак,
жемиштери мөмөлөсүн, тамырлап.

*Матисаков Бешболуш*

### КУТ БОЛСУН

Жактырамын ар бир жазган ырыңды,
мактоо эмес, айтам курбум чынымды.
Кубат болор күчтүү ырлар жаратып,
карыткынын туура бүтүн кылымды.

Шүгүр деймин, сендей акын барына,
жанга жагым жакшы ой айткан сабында.
Көңүл эргип,чын дилинден ыр жазып,
койколондоп даяр калем сабың да.

Өрт кез калып, жаштык кайда жашыңды?
Калбаат тартып,тың мүнөздөр басылды.
Кээ бир кезде дейди эргүүлөр чымчылап,
ыр жаздырат, айландырып башыңды.

Туулган күнүң - бүгүнкү күн кут болсун,
Бакты-таалай бирге жашап жуп болсун!
Курманжандай акылга бай жарың бар,
уул-кыздарың, неберелер дагы бар.
Жашоо баркын сезип жашоо чагың бар,
Бир башыңа дем, күч-кубат туш болсун!

Замандашым… билсең иним, карегим,
сени менен келет ырды элегим.
Аз болсо да төгүп койдум төрт сап ыр,
туулган күнгө сага арнаган белегим…

*Асаналиева Жумабүбү*

## ЭМГЕКТЕН ЖАРАЛГАН БАКЫТ

Меймандостук өзүнчө бир алгы сапат,
ал күндөр унутулбай эсте калат.
Көргөн соң эшик менен төрүңүздү,
жомоктогу гүлзар бакты эске салат.

Эмир - Тимур эс алуу жайыңызда,
мелмилдеп суусу аккан сайыңызда.
Буркурап жыты аңкып катар арча,
гүлдөптүр бийик терек, талыңыз да.

Тизипсиз бак аралай сөөрүңүздү,
коздукка өстүрүпсүз чөбүңүздү.
Түрдүү курак жөлөнгүч төшөк менен,
эжекем кооздоптур төрүңүздү.

Аш баскан, чай ташыган балдарыңыз,
дастаркондон билинди камдарыңыз.
Арыктардан ар дайым суу агаарын,
тастыктады сиз түзгөн жагдайыңыз.

Ак эмгектен баар тапкан ар тараптуу,
талыкпасын талантыңыз кош канаттуу.





Сизди көрүп алалы тарбияны,
өмүрдөгү жолуңуз чоң санаттуу.

Ак эмгектин ыраатын сүрө көрүң,
ар дайым гүлдөп турсун эшик - төрүң.
Ата - энеси болуу өзү чоң бакыттыр,
кут даарыган, өсүп - өнгөн үй бүлөнүн.

*Машаева Бактыгүл*

## АРНОО

Алсызды таштап койбой ара жолго,
түшпөдүң байлык үчүн арам жолго.
Алкышына элимдин дайым арзып,
түз иштеп, бурулбадың оңго-солго.

Табийгат кырсыгына бөгөт болуп,
болгонун күнү-түнү турдуң жоюп.
Эс алууга чыккан соң алтымышта,
эл оозуна алындың акын болуп.

Китебиңдин маңызы жуккулуктуу,
көркөмдүгү окурманга уккулуктуу.
Колдошуп окуй турган урпактарың,
кылымдар өмүрү бар түпкүлүктүү.

Өзүңө сыймыктанып жалпы достор,
артыңда дүбүрт болуп сени коштор.
«Пегасыңды» алгалап чаба бер дос,
досторуң бар, токсонду бирге тосор.

*Тилебалдыев Молдошбай*

## ТАШПОЛОТ АКЕГЕ

Калемди кармап ыр жазып,
өмүргө чыйыр из салып.
Кадырлуу элдин ичинде,
баркыңыз бийик бул анык.

Арчалуу төрдү аралап,
ак шумкар болуп сабалап.
Таасындуу жазган ырыңыз,
жүрөктү кетет жаралап.

Ташаке укчу муңумду,
Таалайлуу элдин кулуну.
Даңкыңыз маалым баарына,
Алп акын сизсиз болумдуу.

*Мамадалы Рыспеков*



## МАЗМУНУ


Эң башкысы – сиз китепти окуңуз ........ 3
Автордон ........ 6
Максатым ........ 8
Ырым жашайт........ 8
Ала-Тоом, ак калпагым ак мөңгүдөй........ 9
Кара-Койго кел конок ........10
Кыргызымдын жери сонун........11
Саякатка чыкканда........11
Атыңар калсын миң жылга........ 12
Шашылабыз ........13
«Эсил дүйнө»........ 14
Текебердик........ 14
Өзүң бар, дүйнөм түгөл ........15
Дей береби ........16
Татый албай ........ 17
Сагынычы апанын........ 17
Бул өмүрдө ........18
Күт Алыкул........18
Комузум ........19
Армандыр оов, аздыгы ........ 20
Ыраазымын барыма ........ 20
Заманың түш ........ 21
Уттурганым байкадым ........ 22
Салам көлүм ........ 23
Ош базары........ 23
Өмүр - саякат ........ 24
Биле жүр ........ 25
Таза дилиң - азыгың........ 26
Кемибеген........27